Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**А. Сагдуллаев, В. Костецкий.**

# БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨНҮН ТАРЫХЫ

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
6-классы үчүн окуу китеби

Өзбекстан Республикасынын
Элге билим берүү министрлиги басууга
сунуштаган



Ташкент
2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 94(100)(075.3)
ББК 63.3(0)я72
С 13

**А. Сагдуллаев, В. Костецкий.**
Байыркы дүйнөнүн тарыхы: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби / А. Сагдуллаев, В. Костецкий. 2022. – 192 б.

**Рецензенттер:**

**Д. М. Кенжаев** – Президенттин окуу мекемелери агенттиги директорунун биринчи орун басары
**Мавланов О. М.** – тарых илимдеринин доктору.
**Аминов Б. Б.** – тарых илимдеринин доктору.
**Кобзева А. П.** – тарых илимдеринин доктору.
**Багдасарова Т. М.** – Ташкент шаарындагы 49-жалпы орто билим берүүчү мектептин тарых мугалими.

Республика максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.

Оригинал макет жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди

ISBN 978-9943-8171-4-2
©Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Киришүү .......................................................................5




## I БӨЛҮМ

### Эң байыркы түзүмдөн цивилизацияны көздөй


1-§. Байыркы тарыхтын тамырлары ...............................7
2-§. Эң байыркы адамдардын өнүгүүсүнүн алгачкы баскычтары........................................................................ 11
3-§. Уруулук коому ..........................................................17
4-§. Энеолит жана бронза доору .....................................21
5-§. Орто Азия темир кылымына өтүү доорунда...............26

## II БӨЛҮМ

### Байыркы Чыгыш жана Орто Азия



6-§. Нил өрөөнү жана анын калкы .....................................28
7-§. Байыркы Египет жана коңшу мамлекеттер.............32
8-§. Байыркы Египетте дин..............................................34
9-§. Пирамидалар жана күмбөздөр..................................36
10-§. Байыркы Египет маданияты ..................................40
11-§. Месопотамия цивилизациялары ...............................43
12-§. Вавилон падышалыгы...............................................48
13-§. Алдыңкы Азия мамлекеттери ..................................52
14-§. Ахаманийлер мамлекети ..........................................55
15-§. Байыркы Индиядагы алгачкы цивилизация .............58
16-§. Байыркы Индия маданияты ......................................62
17-§. Байыркы Кытай цивилизациялары ...........................66
18-§. Б.з.ч. III кылымда Кытай...........................................69
19–20-§.Өзбекстандын аймагындагы байыркы мамлекеттер.... 73
21-§. Зардуштийлик жана "Авесто"...................................81



## III БӨЛҮМ


### Байыркы Греция

22-§. Байыркы тарыхтын башталышы ...............................85
23–24-§. Байыркы Грециянын өнүгүшү...........................88
25-§. Грек колониялары......................................................93
26-§. Афинада демократия .................................................95
27–28-§. Грек-перс согуштары. Македониянын Грецияны басып алышы.......................................................................99



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



29-§. Грек жарандарынын тарбиясы .................................. 103
30-§. Байыркы Грециянын маданияты ............................ 105
31-§. Байыркы Грециянын аалымдары жана ойчулдары..109
32-§. Байыркы Грециянын уламыштары .......................... 111

## IV БӨЛҮМ
## Б.з.ч. VI – биздин замандын III кылымында Орто Азия



33–34-§. Ахаманийлердин Орто Азияга баскынчылык жортуулдары ...................................................................114
35–36-§. Орто Азия калкынын грек-македон баскынчыларына каршы күрөшү ................................................................ 122
37-§. Салавкийлер мамлекети жана Грек-Бактрия падышалыгы ........................................................................ 128
38–39-§. Байыркы Харезм.......................................... 132
40-§. Канг жана Даван мамлекеттери ................................ 137
41-§. Кушан мамлекети ..................................................... 143
42-§. Улуу Жибек жолу ...................................................... 148

## V БӨЛҮМ
## Байыркы Рим



43-§. Байыркы Италия ........................................................ 151
44-§. Рим Республикасы...................................................... 154
45-§. Рим Республикасындагы турмуш .............................. 158
46-§. Кулдар жана гладиаторлор ....................................... 161
47-§. Рим Республикасынын кулашы ................................. 165
48-§. Батыш Рим империясынын алсыроосу жана кыйрашы.169
49–50-§. Байыркы Рим маданияты.................................. 173
**Тиркеме**
Тарыхый терминдердин сөздүгү ...................................... 178
Байыркы дүйнөнүн тарыхы даталарда ............................ 181
Жыйынтыктоочу кайталоо................................................ 186
Байыркы дүйнө тарыхына тие-шелүү географиялык жана тарыхый аттар ........................................................... 188
Байыркы дүйнөнүн тарыхындагы аттар ........................ 189

**Тарых жашоонун чыныгы мугалими деп аталат. Бүткүл адамзаттын тарыхый өнүгүүсүнө карап, көптөгөн каталыктардан качууга болот. Тарых бизди сабырдуу болууга, шашылбоого, иштерибизди ойлоп көрүүгө үйрөтөт.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Бүгүнкү күндө Жер бетиндеги көптөгөн адамдарды узак өтмүш, өз эли жана мамлекетинин тарыхы кызыктырат. Байыркы дүйнөнүн тарыхы бул өтмүштү үйрөтөт. Бул тарых түркүн-түстүү археологиялык жана жазма булактарда өз чечимин тапкан. Алар байыркы доор адамдарынын жашоосу жана ишмердүүлүгү жөнүндө баяндап, суроолорубуга жооп табууга жардамдашат.

Адам таш куралдарды жасоодон баштап металлды ойлоп тапканга чейин, эң жөнөкөй конуштарды куруудан баштап алгачкы шаарларды курганга чейин, түркүн-түстүү кол өнөрчүлүк буюмдарын, жазуу жана башкаларды жаратканга чейин узак тарыхый жолду басып өттү.

Жаратмандык дайыма бáркталып келинген. Жадагалса байыркы замандарда алыскы ата-бабаларыбыздын жашоосу кооп-торго, кайгыларга толо болгондо да, алар ааламды билүүгө аракеттенишкен. Бул болсо руханий маданияттын өнүгүшү үчүн пайдубал болгон.

Биздин Мекенибиз – Өзбекстан теңдеши жок тарыхый өтмүшкө ээ. Дал ушул жергеде узак өтмүштө өзүнө мүнөздүү цивилизация жаратылды. Бул жерде байыркы шаарлар жана мамлекеттер түзүлгөн. Дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана куруучулар өздөрүнүн эмгеги жана жаратмандык жөндөмдөрү менен өлкөнүн даңкын ааламга жайышкан.


Мекенге болгон сүйүү баскынчыларга каршы күрөшкөн элдин каармандарынын эрдигинде көрүнөт. Алар журтунун эркиндигин өз өмүрлөрүнөн жогору коюшкан

Ата-бабаларыбыздын эрдиктери жана жасаган улуу иштери жүрөктө мекенчилдик сезимин ойготот, ар бирибизге Мекендин кызыкчылыктарын коргоону үйрөтөт. Ошондуктан ар

бирибиз өз Мекенибиздин тарыхын билишибиз жана башка мамлекеттердин элдеринин тарыхы жана маданиятына урмат менен карашыбыз керек.

Жер бетинде адам пайда болгондон баштап, б.з.ч. **476-жылы** Батыш Рим империясы кулаганга чейинки окуялар тарых предметинде **байыркы дүйнөнүн тарыхы** деп аталат.

Байыркы дүйнөнүн тарыхы түрдүү булактарда өз чечимин тапкан.



Каллиграфтын айкели

**Тарых бизди зордукчулдук менен бардык нерсеге жетишүүгө эмес, тескерисинче, маектешиң менен бар-лашуу жана аны угуу жөндөмүнө таянууга үйрөтөт. Тарыхты дата жана аттар үчүн эмес, өткөн ата-бабалардын баалуу жаратмандык тажрыйбасы үчүн үйрөнүү керек.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Элибиз изгилик, тынчтык жана жаратмандыкка умтулат. Бул умтулуу тарыхый салттар, бай руханиятка негизделген жана мамлекетибиздин бүгүнү жана келечектеги өнүгүүсү, гүлдөп-өсүшү менен байланыштуу Биз ата-бабаларыбыздын изги иштерин улантышыбыз керек.

## Китептин тексти менен иштөө

Бул китепти окуганыңда көптөгөн түшүнүү кыйын болгон сөздөргө, тарыхый термин жана сүйлөмдөргө туш келесиң. Аларды жаттооң, эсте сактооң шарт. Бул кеңештерибизди кунт менен оку, алар үйрөнүп жаткан теманы эстеп калууңа жардам берет.

Үйгө берилген тапшырмаларды аткарууда төмөнкүлөргө амал кыл:

1 → Сабакта жазып алгандарыңды бир нече жолу оку

2 → Окуудан мурда теманын атына көңүл бур, сабакта эмнелер айтылганын эсте.

3 → Ар бир теманын аягында берилген суроолорду оку. Ошондо сен жазгандарыңды окуганыңда эмнелерге көңүл буруу керектигин жана окугандарыңды кандай тартипте айтып берүү керектигин билип аласың.


4 → Текстти болжолдуу бөлүктөргө бөл жана ар биринин негизги мазмунун өз сөздөрүң менен айт, кийин бүт теманы айтып бер. Айта албасаң, кыйын жерлерин кайра оку. Кайтала. Китептин текстин жаттоо керек эмес.

5 → Текстти окуу жараянында анда эстетүүчү сүрөт жана жадыбалдарды тап, түшүндүрмөлөрдү оку, текстте учураган шаарлар, мамлекеттердин аттарын картадан тап

6 → Суроолорго жооп бер жана теманын аягындагы тапшырмаларды аткар.



Байыркы жазуунун үлгүлөрү





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I БӨЛҮМ ЭҢ БАЙЫРКЫ ТҮЗҮМДӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫ КӨЗДӨЙ

## 1-§. БАЙЫРКЫ ТАРЫХТЫН ТАМЫРЛАРЫ


Көк тиреген тоолордун аскаларында кылымдар бою карлар ээрибейт. Тоо жылгалары кошулуп, ташкын дарыяларды пайда кылат. Куш учса, канаты күйө турган чөл, аягы жок ээн талааларда кыздыруучу шамалдар болуп турган. Кербен жолдору кесилишкен жерлерде дүйнөнүн түрдүү мамлекеттеринен келген адамдар топтолушуп, кызуу соода жүргүзүшкөн.

Журтубуздун эгинге бай өрөөндөрүндө кылымдар бою бактар гүлдөп турган. Жазма булактар эр жүрөк баатырлардын эрдиктери жөнүндө баяндайт.

Адамдар чөлдөрдү гүлбактарга айландырып, шаарлар, укмуш имараттар курушкан, асман сырларын ачышкан

Кара, асманда миңдеген жылдыздар жаркырайт. Алар ушунчалык жакын сезилет, кол созсоң – жеткидей. Күндүн алгачкы нурларында салабаттуу имараттардын көк күмбөздөрү жалтырап көрүнөт жана күмбөздөр асман менен сиңип кеткендей болот. Алыстардан ыр жаңырат.

Бул–эненин алдейи. Эненин алдейи Ата Мекенден башталат. Сүйүктүү мекенибиз көгүлтүр өрөөндөр жана мөлтүр булактардан, биринчи мугалим жана китептен, биз жашап турган көчө жана үйдүн босогосунан башталат



Дарыялар себеп журтубуздун өрөөндөрүндө кылымдар бою бактар гүлдөп турган.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Бүгүнкү күндө да мол түшүмдүү өрөөндөр, чөл жана тоолордо түрдүү шаарлар, чептер жана байыркы ибадатканалардын урандыларын көрөбүз. Адамдар бул жерлерди эчак эле таштап кетишкен. Байыркы шаарлардын урандылары ээн. Урандылар үнсүз, аларды шор жана жапайы чөптөр баскан.

Бирок адамдардын кадамы үзүлгөн бул жерлерге археологдор келишти. Алардын аракеттери менен байыркы шаар жана чептердин урандылары топурактардын астынан жүз көрсөтүп, узак өтмүштөн сүйлөй баштады.

Бул китепти окуп, журтубузду бойлой сапарга чыгып, музей жана башка көңүл бураарлык жерлерди айланасың жана сен Ата Мекенибиздин кеңдиктери жөнүндө чыныгы элеске ээ болосуң, анын белгилүү жерлерин жана тарыхый эстеликтерин билип аласың.



Байыркы идиштер



## Байыркы тарыхты үйрөнүү

Адамзаттын байыркы тарыхын түрдүү адистеги аалымдар үйрөтүшөт.

| | | |
|---|---|---|
| Археологдор | → | байыркы замандарда адамдар жашаган жерлерде жана конуштарда казуу иштерин аткарышат. |
| Антропологдор | → | байыркы адамдардын сөөк калдыктарын (скелет жана баш сөөктөрү) дыкат үйрөнүп, алардын сырткы көрүнүшүн кайра калыбына келтиришет, миң жылдар мурдагы ададмдардын сырткы түспөлүндө болгон өзгөрүүлөрдү изилдешет. |
| Этнографтар | → | байыркы адамдардын көптөгөн үрп-адаттары, чарбалык жана маданий салттарын сактап калган, учурда жашап жаткан уруу жана уруктарды изилдешет. |

Археологдор







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Байыркы тарых боюнча булактар

Журтубуздун байыркы доордун тарыхына тиешелүү кеңири үйрөнүлгөн булактары археологдор тарабынан табылган **материалдык (далил зат) булактар** болуп саналат. Археологиялык казылмалар учурунда табылган эмгек куралдары, чопо идиштер, курал-жарактар жана жасалга буюмдары, тактап айтканда, байыртада адамдын колу менен жаратылган бардык нерселер ушулардын катарына кирет.

Археологиялык маалыматтар байыркы дүйнөнүн тарыхы жөнүндө толук түшүнүк бере албайт. Ошондуктан аалымдар жазма булактарга да кайрылышат. Орто Азиянын тарыхы боюнча эң байыркы жазма булак “**Авесто**” китеби болуп саналат. Анда журтубуздун байыркы тарыхы жана маданияты жөнүндө баяндалган.

Байыркы доордун тарыхына тиешелүү дагы бир баалуу жазма булак Ирандагы **Бехистун аска жазуулары** болуп саналат.

Перс падышасы Дарий I нин буйругу менен аска ташка чегип жазылган жазууларда баш ийдирилген өлкөлөрдүн катарында Орто Азиянын байыркы мамлекеттери да санап өтүлгөн.



Байыркы кол жазма

**Биздин замандын II кылымында** грек тарыхчысы **Арриан** Македониялык Александрдын Орто Азияга жасаган аскердик жортуулдары жөнүндө “**Александрдын аскердик жортуулдары**” аттуу чыгарма жазган.

## Эң байыркы түзүмдү доорлоштуруу


Дүйнөдөгү бардык элдердин тарыхы **общиналык коом түзүмдөн** башталган.

Адамзаттын өнүгүүсүндөгү биринчи баскыч адамдардын алгачкы топторго биригүүсү болуп, ал эң байыркы адамдардын алгачкы бириккен жамаасы болгон.



**Б.з.ч. V кылымда** байыркы грек тарыхчысы **Геродот** түрдүү мамлекеттерге саякат жасап, “**Тарых**” аттуу китеп жазган. Анда журтубуздун байыркы тарыхы жөнүндө зарыл маалыматтар берилген.

**Б.з.ч. I кылымдын** аягында байыркы грек тарыхчысы жана географы **Страбон** “**География**” аттуу чыгармасында көптөгөн мамлекеттердин элдери жөнүндө маалыматтар келтирген.





Бехистун аскалары жазуулары жана бөртмө сүрөттөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Алгачкы уруу топтору

Байыркы топ акырындык менен адамдардын тууган-туушкандардан турган өзүнчө топторго – **уруу топторуна** бөлүнө баштаган.

Алгачкы уруу топтору аял – эненин айланасында биригишкен. Адамзат тарыхындагы бул баскыч энелик уруусунун доору–**матриархат** деп аталган.

Кыйла кийинчерээк, эмгек куралдары жана чарба жүргүзүүнүн түрлөрү өнүккөн сайын топтогу жетекчилик статусу акырындык менен эркек кишиге өтө баштаган, бул болсо урууга эми эркек кишинин башчылык кылаарын билдирген. Адамзат тарыхындагы ушул доорду аалымдар **патриархат** – аталык уруусунун доору деп аташкан.

| | |
|---|---|
| Матриархат → | Алгачкы уруу топтору аял – эне айланасында биригишкен. |
| Патриархат → | Урууларды топторду эркек башкарып турган. |

**ЭСТЕП КАЛ**

Байыркы таш доору **алгачкы, орто** жана **соңку** палеолит доорлоруна бөлүп үйрөнүлөт.

Эң байыркы адамдар алгачкы эмгек куралдарын таштардан жасашкан. Ошого карап археологдор адамзат тарыхынын башталышын “**таш доору**” деп аташкан. Таш доору көп убакытка созулган, ошондуктан ал төмөнкү баскычтарга бөлүнөт:

| | |
|---|---|
| Палеолит → | байыркы таш доору (грекче paleos – “байыркы” жана litos – “таш”) |
| Мезолит → | орто таш доору (грекче mezos – “орто” жана litos – “таш”) |
| Неолит → | жаңы таш доору (грекче neos – “жаңы” жана litos – “таш”) |
| Энеолит → | жез-таш доору (латинче eneus – “жез” жана грекче litos – “таш”) |

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Археологдор, антропологдор жана этнографтар эмнелерди изилдешет?
2. Аалымдар тарабынан тарыхты кайра калыбына келтирүүчү булактардын атын ата.
3. Тарыхты изилдөөдө пайдаланылган материалдык булактардан кайсыларды билесиң?
4. Эмне үчүн археологдор адамзат тарыхынын башталышын “таш доору” деп аташкан?
5. Таш доорлорун санап бер. Алар эмне үчүн ушундай аталган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-§. ЭҢ БАЙЫРКЫ АДАМДАРДЫН ӨНҮГҮҮ БАСКЫЧТАРЫ

Жер бетинде адам кандай пайда болгондугу жөнүндөгү түрдүү уламыштар жана диний рабаяттар байыркы замандардан бери бар. Илимде бул маселе илимий негизде, антропологиялык жана археологиялык маалыматтарга таянган абалда изилденген. Тарых илиминде эң байыркы адамдар **байыркы адамдар** деп аталат.

## Эң байыркы адамдар

Жер бетиндеги алгачкы адамдар тулку бой турпатын тик тутуп жүрүшкөн, эмгек куралдарын жасоо жана аларды иштетүүнү билишкен. Алардын жардамында жаратылыштан тамак-аш таап жешкен.

Аалымдар эң байыркы адамдын сөөк калдыктарын Чыгыш Африкадан таап изилдешкен. Бул адамдын жашы 2 миллион жылдан ашат. Аалымдар аны "**билгич адам**" деп аташкан, анткени ал өтө жөнөкөй таштан жасалган эмгек куралдарын жасаганды билген.

Миң жылдыктар аралыгында адамдын ташкы көрүнүшү, көндүмдөрү жана мээсинин көлөмү өзгөрүп барган. Байыркы жамаа жашаган доордун кезектеги баскычында "**тике туруп жүрүүчү адам**" деп аталган байыркы адам калыптанган


Анын денеси кыйла күчтүү болгон. Ал түрдүү таш куралдарын жасоо көндүмдөрүнө ээ болуп, чагылган себеп өрт чыккан токойдогу табигый



Мамонт



Таштан жасалган эмгек куралы



Таш доорунун эмгек куралдары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Таштан жана сөөктөн эмгек куралдары жасалган

жалындан пайдаланууну да билип алган. "Тике туруп жүрүүчү адамдар" жашоо жайларын өзгөртүп, кеңири аймактарга тарашкан. Алардын жашаган жерлери жана сөөк калдыктары Африкадан гана эмес, о.э., Европа жана Азиянын көптөгөн жайларынан да табылган.

Жер бетинде климат жылуу болгон доорлордо адамдар майда дарыялар же булактарга жакын дөңсөөлөрдү жердешкен. Алгачкы палеолит доорунун аягына келип **Улуу муз доору** башталган. Байыркы адамдар өтө катуу сыноого туш келишкен. Бул жагдай адамдарды жаңыча климат жана турмуш шарттарына ыңгайлашууга үндөгөн. Мындай учурда күчтүүлөр гана жашап калышы мүмкүн эле.

## Муз доору

*Барган сайын күчөп бара жаткан суукпун алдында таптакыр алсыз экендиктерин түшүнүп, байыркы адамдар жылуураак жана далда жер издеп, алыс жерлерге жол алышкан. Мына, көптөн бери жөтөлүп жаткан улуу жаштагы бир киши артта кала баштады. Ал оорулуу болчу жана араң кадам шилтечү.*

*Адамдар тез-тез токтоо кооптуу экендигин, анткени ушуну деп көпчүлүк өлүп кетиши мүмкүндүгүн жакшы түшүнүшчү. Чал артта калып кетти, бирок башкалар аны күтпөй жолун улантышты. Ал жат жерлерде жалгыз калаарын түшүндү жана азап чегип онтоду. Чалдын жалынып ыйлаганы кыйлага чейин угулуп турду, кийин акырындап барып, биротоло өчтү.*



Чоппер





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Кийинирээк ушул жолдон өткөн башка адамдар сууктан калтырап жаткан оорулуу чалды көрүштү. Бирок бул адамдар да ага жардам беришпеди. Кар бороону токтобой улуп жатты. Аёосуз суук башталды. Алдыда адамдарды болуп көрбөгөндөй сыноолор күтүп турган эле. Бул алыс, ырайымсыз байыркы доор болчу. Муз доорунда күчтүү адамдар гана тирүү калышкан.*

## Эң байыркы адамдар алектенген

Орто Азияда таштан жасалган байыркы эмгек куралдары төмөнкү конуштардан табылган:

Селунгур → Фергана өрөөнү

Көлбулак → Ташкент облусу

Булар одоно таш куралдары болуп, алардын бир жагы уруп курчталган. Археология илиминде бул таш куралдар **чопперлер** деп аталган.

Эмгек куралдары адамдарга азык табуу үчүн керек болгон. Алгачкы эмгек куралдары жөнөкөй эле. Учу курчталган таш жана таяк менен адамдар жаныбарларга аңчылык кылышкан, өсүмдүктөрдүн жегенге жарамдуу тамыр мөмөлөрүн казып алышкан.

Ушундай түрдө табият эмнени берсе, адам ошону алган жана тапкан азыгы менен канааттанган. Ошондуктан адамдардын эң байыркы алектенген иштери – мөмө-тамырларды терүү жана аң уулоо **өздөштүрүүчү чарба** деп аталат

Байсун тоолорунан табылган **Тешикташ** үңкүрү орто палеолит доору (б.з.ч. 100–40 миң жылдык) маданиятынын дүйнөгө таанымал эстелиги болуп эсептелет. Тешикташ үңкүрүнөн таш куралдар

### Ойлоп көр

Байыркы адамдардын ордунда болсоң эмне кылган болот элең?
Эмне үчүн оорулуу адамга жардам көрсөтүүнү каалашпады?



Неандертал бала. Тешикташ



Мамонтко аңчылык кылуу

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана алардын бөлүктөрү, тоо эчкиси, кийик, жапайы ат, кабылан, коён, майда кемирүүчүлөр, о.э, канаттуулардын сөөктөрү табылган.

Тешикташ үңкүрүнөн таап текшерилген, таш кылымына таандык 8-9 жаштагы неандертал баланын сөөк калдыктары эң белгилүү табылга болуп саналат.

Баланын өлүгү мүрзөгө көмүлгөн. Сөөктүн айланасына тоо эчкисинин мүйүздөрү сайып чыгылган

*Жалындын айланасында топтолгон адамдарды карай үңкүр арстаны жылып келе баштады. Ал дарак жана бутактардын арасынан байкатпай келатты. Бирок кимдир аны көрүп калып, коркконунан кыйкырып жиберди. Баары чочуп арстан жакка караашты. Арстан жакындап калган болсо да, эч ким качууну ойлобойт эле. Качкан адамды арстан бир секиргенде кармап алат болчу. Арстандан көздөрүн үзбөй, баары катарлаш туруп, катуу кыйкырып, колдорун шилтегенче жырткычты карай бастырып барышты.*


*Арстан өзүн жоготуп койду, көздөрү алая баштады. Адамдар арстанды карай жакындап келе беришти. Бул алар үчүн кутулуунун жалгыз жолу эле.*

*Мына, эң күчтүү жаныбарларды жеңген жана айлананы коркунучка салган үңкүр арстаны чегине баштады. Адамдар болсо мындан да катуу кыйкырып, арстанга коркпой жакындай беришти.*

*Ушундан соң адамдар топ-топ болуп жүрө турган болушту. Эми аларга эч нерсе кооп сала албайт болчу.*

**Ойлоп көр**

Үңкүр арстаны эмне үчүн адамдарга кол салууга аракет кылды? Коркунучтуу жырткычты көрүп, адамдар эмне үчүн качышпады? Байыркы адамдардын ордунда болсоң эмне кылмаксың?





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Диний ынанымдардын пайда болушу

Аалам жөнүндө топтолгон билимдер акырындык менен адамдын ой-жүгүртүү жөндөмүн жана аң-сезимин өзгөртө баштаган.

Адамдар өздөрүнө түшүнүксүз болгон кубулуштар – күн менен түн, жыл мезгилдеринин алмашуусу, вулкандын атылуусу, жер титирөө жана башка табият кубулуштарын күзөтүшкөн. Аларды түшүнө албаган байыркы адамдар түрдүү табият кубулуштарына – чагылган, шамал, жамгыр сыяктууларга сыйына баштакан. Адамдар табиятты жандуу деп эсептешкен жана табиятты адамдын өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу түрдө чечмелей башташкан. Ошондуктан айлана-чөйрөдө изги жана караөзгөй күчтөрдүн бар экендигине ишеним пайда болгон.

**Ойлоп көр**


Сенин оюнча, бул ынанымдардын пайда болушуна негизинен эмне себеп болгон?

| | | |
|---|---|---|
| Тотемизм | → | Адамдар тобу жамаасынын кандайдыр бир жаныбар же өсүмдүктүн түрү менен туугандык мамилесине ишенүү. |
| Анимизм | → | Адамды курчап турган чөйрөдөгү ар бир нерсенин жаны жана рухтарынын бар экендигине ишенүү. |
| Фетишизм | → | Байыркы адамдардын ал же бул буюмдар оомат келтирүүсүнө же кырсыктарды жок кылуусуна ишенүүсү. |

Соңку палеолитке таандык үңкүрлөрдүн дубалдарындагы сүрөттөрдүн табылуусу байыркы адамдарда диний ынанымдар болгондугунун далили саналат. Мындай сүрөттөрдөн эң байыркылары төмөнкү үңкүрлөрдөн табылган:

| | | |
|---|---|---|
| Испания | → | Альтамира үңкүрү |
| Франция | → | Ласко үңкүрү |
| Башкыртстан (Россия) | → | Капова үңкүрү |

Адамдар бул сүрөттөр келечектеги аң уулоодо өздөрүнө жардам берээрине ишенишкен.



Алгачкы сүрөтчүлөр

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Палеолит доорунун конуштары

Ок-жаа менен аң уулоонун сүрөтү. Петроглифтер



Сүрөттөрдүн алдында жаныбарлардын кыймылдарын туурап бийлешкен, аң уулоо көрүнүштөрүн элестетишкен, найза атууга машыгышкан.

Байыркы сүрөттөр адам эмнелер жөнүндө ойлогонун, өзүн курчаган дүйнөнү кандайча элестеткенин, кайсы жаныбарларга аңчылык кылганын, кандай эмгек куралдарынан жана курал-жарактан пайдаланганын билип алуу жана түшүнүүгө жардам берген.

Адамдын өзүн курчап турган дүйнөнү билүүгө умтулуусу эң байыркы сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсү үчүн негиз болуп кызмат кылган.

*Алгачкы аска сүрөттөрүн археологдун кызы ачкан. Ошондо алар Испаниянын Альтамира үңкүрүндө болушчу. Ата байыркы адамдын эмгек куралдарын топтоо менен алек болгон учурда, кызы үңкүрдү кезип жүрүп, кокусунан:*

*– Ата, караңызчы, өгүз! – деди.*

*– Кана?*

*– Шыпка караңыз!*

*Чырактын нуру шыпты жарыткандан соң, байыркы адам оюп тарткан жапайы топоз, доңуз жана бугулардын сүрөттөрү караңгылык койнунан элес-булас көрүнө баштаган. Сүрөттөр кызыл жана башка түстөр менен тартылган эле. Мунун сыры алиге чейин ачылган жок.*

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Тешикташ үңкүрүндөгү археологиялык ачылыштар жөнүндө айтып бер.
2. Эң байыркы адамдар алектенген иштер жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Диний ынаным бүчүрлөрүнүн пайда болуу себептерин айтып бер.
4. Алгачкы сүрөттөрдө эмнелер сүрөттөлгөн? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-§. УРУУЛУК КООМУ

## Соңку палеолит доору

Соңку палеолит доорунда **(б.з.ч. 40–12-миң жылдыктарда)** көптөгөн окуялар болгон. Бул доордо ташка иштөө берүү техникасы жана эмгек куралдарын жасоо усулдары өзгөргөн. Адамдын акыл жөндөмдүүлүгү жана сырткы көрүнүшү да өзгөрүп барган. Бул доордо заманбап көрүнүшкө ээ **кроманьон** адамы жашаган.

| Соңку палеолит дооруна таандык аймактар | → | Самарканд шаарынын аймагында, Ташкент облусунда (Көлбулак), Фергана өрөөнүндө жайгашкан |
|---|---|---|

Ошентип, соңку палеолитте адамзат өз өнүгүүсүндө дагы бир тепкичке жогорулаган. Адамдар туугандардан түзүлгөн чакан топторго – **уруу топторуна** биригишкен.

Уруу мүчөлөрү бир аймакта жашаган. Бир жерде жашап турган бир канча уруктар **урууну** түзгөн.

Конуштардын (башпаанек) курулушу соңку палеолит доору адамдарынын маанилүү ойлоп табуусу болгон. Алар кийим-кечелерди жаныбарлардын терисинен даярдашкан

**Соңку палеолит доорунда адам:**

- От пайда кылууну;
- жасалгалар (мончок, тумар, шакек) жасоону;
- үйлөр курууну;
- кесүүчү жана араалоочу эмгек куралдарын жасоону үйрөнгөн.



Уруулук топтору



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Мезолит доору

Мезолит – орто таш доору **б.з.ч. 12–7-миң жылдыктарды** өз ичине алат. Мезолит доору башталаары менен муз доору аягына жеткен, бул нерсе климат кыйла ысышына жана адамдардын жашоосунда өзгөрүүлөр болуусуна алып келген.

Орто Азияда мезолит дооруна таандык аймактар → Обишир (Фергана өрөөнү), Кошулуу (Ташкент оазиси), Мачай Өзбекстандын түштүгү.

Мезолит доорунун аягында адам жаныбарларды **колго үйрөтө баштаган**. Тирүүлөй кармалган жаныбарларды (козулар, улактар, доңуздун балдары) эми адамдар өлтүрбөй, азык запасы катары сактап коё турган болушкан.

**МЕЗОЛИТ ДООРУНДА АДАМ:**

- ок-жаа жасоонуу үйрөнгөн;
- жаныбарларды колго үйрөтө баштаган.
- баштапкы дыйканчылык жана чарбачылык менен алектене баштаган.

## Иттин колго үйрөтүлүшү

Аңчылар итти колго үйрөтүшкөн. Балким бул окуя мындайча болгондур:

*Бир күнү эрте таңда эки бала үңкүрдөн чыгып, күчүктү көрүп калышты. Ал үңкүрдүн алдына ташталган сөөктөргө жакындап келген эле. Анын энесин жырткыч жаныбарлар өлтүрүп ташташкан болчу. Ошондуктан жалгыз калып, ач калган эле. Ач калуу аны адамдардын конуштарына барууга үндөдү. Аны көргөн балдар кубануу менен*



Дал ошол ач калуу итти адамдар жашоочу үңкүрлөрдү карай жетелегендир.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*чурулдап, күчүктү көздөй чуркашты. Күчүк коркуп, бадалдын артына качты.*


*Түнү ал дагы үңкүрдүн алдында пайда болду. Ошол күнү аңчылык оңунан келип, сөөктөр, тамактын калдыктары үңкүрдүн жанында ар дайымгыдан көрө көбүрөөк эле. Адамдардын үнү тынгандан соң, күчүк үңкүргө жакындап келди да бир сөөктү кемире баштады.*

*Ал үңкүрдүн жанына кийинки күнү да келди. Үңкүргө жакын жердеги далдаада жашай баштады. Адамдар сөөк таштаса, жылып келип, ала каччу.*

*Бир күнү адамдар жашап турган үңкүргө бизге тааныш болгон күчүк аңкылдаган бойдон октой атырылып кирди. Аны карышкыр кууп келе жаткан экен. Күчүк адамдардан көмөк издеп ушинткен болчу. Бул абал адамдарда укмуш бир жат болгон боорукердик сезимин ойготту. Балдар ага жандуу оюнчукка карагандай карап турушту. Кулагы, куйругунан тартышчу. Күндөр өттү. Ит чоңоюп, адамдарга үйрөнүп калды. Бир күнү түнү анын үрүшүнөн баары ойгонуп кетти. Тура калып итти урмакчы болушту. Бирок карашса, үңкүрдүн оозунда эки аюу турган эле. Аюуларды «уу-дуулап» кууп жиберишкенден соң, адамдардын кээ бирлери келип, итти сылап, ыраазычылык билдиришти. Анткени ит аларды өлүмдөн сактап калган эле.*

## Ойлоп көр

Эмне үчүн адам алгач дал ошол итти колго үйрөтүшкөн?



Иттер жаныбарларга аңчылык кылууну жеңилдетишкен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Ошондон кийин ит адамдардын туруктуу шеригине айланган.*

## Дыйканчылык жана чарбачылыктын өнүгүүсү

**Неолит доорунда адам:**
- таштан микролиттер, булалардан токума, ылайдан чопо идиштер жасаган;
- туруктуу конуштарды кура баштаган;
- отурукташкан жашоо мүнөзүнө өткөн.

Неолит – жаңы таш доорунда адам байыркы Чыгыштын түрдүү аймактарында **өндүрүүчү чарбалар** – дыйканчылык жана чарбачылыкка өтө баштаган

| | | |
|---|---|---|
| Өздөштүрүүчү чарба | → | Термечилик, аңчылык, балык багуу |
| Өндүрүүчү чарба | → | Дыйканчылык, чарбачылык |

Орто Азияда неолит доору **б.з.ч. 6–4-миң жылдыктарды** өз ичине алат. Археологдор неолит доору башталышын чопо идиштер жасоону ойлоп табылышы менен белгилешет. Мезолит жана неолит доорунда адам таштан майда эмгек куралдарын – **микролиттерди** жасаган, ташка иштөө берүүнүн мурда маалым болбогон усулдары, жылмалоо жана тешикчелерди бургулоону колдоно баштаган.


Неолит доорунун үйлөрү. *Кайра калыбына келтирилген*

Ылайдан жасалган жана отто бышырылган идиштерди жасоо – **карапачылык**, булалар жана жүндөн кийим-кече даярдоо – **токуучулук** неолит доорунун маанилүү ойлоп табуулары болуп саналат.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Соңку палеолит доорунун маанилүү ойлоп табууларын айт.
2. Ок-жаа качан ойлоп табылган?
3. Неолит дооруна таандык конуштагы археологиялык казылмаларды элестет. Бул конушта эмнелерди табуу мүмкүн?
4. Неолит доорунун ойлоп табууларын санап бер.


Майда таш куралдар – микролиттер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-§. ЭНЕОЛИТ ЖАНА БРОНЗА ДООРУ

**Неолит** доорунун аягында адамдар жезден пайдалануу жана андан эмгек куралдарын жасоону үйрөнүп алышкан. Бул, шексиз, ошол доордун эң улуу ойлоп табууларынан бири эле.

## Металл доорунун негизги өзгөчөлүктөрү

Жезден жасалган эмгек куралдарын таш куралдары менен чогуу иштетүү доору **энеолит** – жез-таш кылымы деп аталат. Бул доор б**.з.ч. 4 – 3-миң жылдыктардын ортолоруна** туура келет.

Металлургиянын өнүгүүсү адамдардын материалдык жана руханий маданиятына чоң таасир көрсөткөн. Б.з.ч. 4-миң жылдыкта байыркы Чыгышта алгачкы шаарлар жана мамлекеттер пайда боло баштаган.

Орто Азиянын түштүгүндө **жасалма сугарууга** негизделген дыйканчылык пайда болгон, чийки кыштан көп бөлмөлүү үйлөр курула баштаган, идиштерди бышыруу үчүн **карапачылык** очокторунан пайдаланууга киришилген.

Чопо идиштер жаныбар жана канаттуулардын сүрөттөрү жана өсүмдүк оймолору (жалбырактар, гүлдөр) менен жасалгалана баштаган.

Адамдар жезди калай, коргошун же цинк менен кошуп эритип, бронза алууну үйрөнүшкөн.

Бронза жезге караганда кыйла катуулугу себеп **б.з.ч. 3-миң жылдыктын ортолору**нан баштап акырындык менен эмгек куралдары, курал-жарактар жана жасалгалар даярдоодо иштетилүүчү негизги материалга айланып калган.

Бронза эмгек куралдарына ээ болгон адамдар эми талааларга кыйла жакшы иштөө берүү жана эгин аянттарын кеңейтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Натыйжада алардын карамагында ашыкча өлчөмдө

Балык кармоо



Чопо идиштерди жасоо жана бышыруу





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

айыл чарба азыктары пайда болгон. Бронза доорунда адамдар **карапачылык станогун жана дөңгөлөктү** ойлоп табышкан. Ушундай түрдө алгачкы арабалар пайда болгон.

**Энеолит доорунда адам:**

- жезден жасалган куралдарды;
- жасалма сугаруу системасын;
- чийки кышты;
- көп бөлмөлүү үйлөрдү;
- алгачкы шаарлар жана мамлекеттерди жараткан.

## Патриархаттын башталышы

Соко менен жер айдоо, дыйканчылык, чарбачылык, кол өнөрчүлүктүн пайда болуусу натыйжасында үрөндү жетиштүү продукциялар менен камсыздоо эркектердин колуна өткөн. Үй-тиричилик иштери аялдардын милдетине айланган.

Эми уруулук үй-бүлөсүндө эркектер маанилүү орунга ээ боло баштаган. Тууганчылык эркектин аты менен белгилене турган болгон жана **патриархат доору** башталган. Үй-бүлө ата тараптан жакын тууганлардын бир нече муундарынан түзүлө турган болгон.

## Бронза доорунун дыйкандарынын конуштары

Бронза дооруна тиешелүү конуштардан бири Зарафшан дарыясынын бассейниндеги **Заманбаба** көлүнө жакын жерден табылган (Бухара облусу Каракөл району). Харезм оазисинде да бронза дооруна таандык конуштар изилденген.


Чопо идиштер

Археологдор Сурхандарыя аймагынан байыркы дыйкандардын конуштарынан бири болгон **Сополлитепаны** табышкан (Музрабад району, **б.з.ч.** 3-**миң жылдыктын аягы – 2-миң жылдыктын башы**).

Бронза доорунда Орто Азиянын түштүгүндө дыйканчылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсүнүн негизинде алгачкы шаарлар жана мамлекеттер пайда болгон. Болжол менен 4 миң жыл мурда азыркы Шерабадга жакын жерде (Сурхандарыя облусу) дыйкандар


Жаа окторунун учтары


Бронза доорунун чопо идиштери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаңы конуш курушкан. Анын урандылары **Жаркотон** (жардын үстүндөгү турак) аты менен таанымал. Бул конуш чындыгында кандай көрүнүшкө ээ эле? Кел, анын көчөлөрүн кыдырып чыгалы. Жаркотон бронза дооруна таандык шаар көрүнүшүнө ээ чеп болуп анын ичи жана айланасында жамаанын мүчөлөрү болгон кол өнөрчү жана дыйкандардын үйлөрү жайгашкан. Шаардын ичинен жамаа башчысынын сарайынын калдыктары табылган.

Жаркотондо отко жана сууга сыйынуу ынанымы менен байланышкан ибадаткана калдыктары археологдор тарабынан изилденген.

Бронза доорунда журтубуздун байыркы эли менен байыркы Чыгыш элдеринин ортосунда кеңири маданий байланыштар башталган. Дарыялардын өрөөндөрүн бойлой маанилүү соода жолдору өткөн.



Жыландардын сүрөтү түшүрүлгөн таш тумар. Б.з.ч. 2-миң жылдык


**Ойлоп көр**

Бронза доорунда адамдар кандай кыйын-чылыктарды жеңүүлөрү керек болгон?

## Бронза дооруна саякат

Кел, байыркы конуштардын бирине саякаттап, ал жерде адамдардын кандай жашаганын көрөлү.

*Биз Сополлитепа конушунун борбордук бөлүгүндө турабыз. Конуш коргонуу дубалы менен курчалган. Сырткы дубалды бузуп, конушка кирмекчи болгон*



Сополлитепа. *Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ойлоп көр**

Китепте берилген тексттен пайдаланып, өзүңдүн бронза дооруна саякатыңды элестет. Мурдагы доорлорго караганда бул доордо кандай жаңылыктар пайда болгон?

*душмандар тузакка түшүшчү. Бул учурда чеп коргоочулары алардын баштарына ок жана таштарды жаадырышкан. Сополлитепага бир гана дарбазадан кирилген. Ал өтө катуу корголгон. Биз чептин сегиз кварталынан биринде жолубузду улантабыз. Бул жердеги бардык көчөлөр борбордук аянтка алып барат. Аянтта соода-сатык кызуусунда. Карапачылар карапачылык станогунда жасалган узун вазалар, көзө жана көзөчөлөрүн чыгарып сатышууда. Аялдар баалуу таштар жана бронзадан жасалган жасалгалар – сөйкө жана мончоктор, тумар жана күзгүлөрдү көрүп жатышат.*

*Тигүүчүлөр түркүн түстүү кездемелерди мактап көрсөтүп жатышат. Чет жакта дыйкандар жана чарбачылар өздөрү жетиштирген буудай, арпа, жаныбардын терилеринен жана булгаарыдан жасалган буюмдарын сатышчу.*

*Белгилүү болушунча, бронза доорунун калкы кол өнөрчүлүк, токуучулук, карапачылык, зергерлик жана курууучулукта чоң ийгиликтерди колго киритken. Бирок бронза доорунун адамдарынын жашоосу түйшүктө өтчү. Алар күнү бою эмгектенишчү. Табият мунун ордуна аларга өз байлыктарынан берчү. Жаш балдардын эрте таңы бейкапар өтчү.*



Жаркотон ибадатканасы. *Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мончоктор




Бронзадан жасалган билерик

*Эрте таңда чабандар малдарын жайлоону карай айдап, дыйкандар болсо талааны карай шашылышчу. Алар менен мергендер да чыгып, суу ичкени келген кийикти булак жолунда аңдышчу. Балыкчылар дарыяны көздөй жөнөшчү.*

*Кара сакалдуу карапачы ылай жууруйт, анын шакирттери очокторго от жагышкан. Алардын жанындагы минерал эритүү устаканасында бронза буюмдар үчүн эритилген минералдар калыптарга куюлчу. Зергерлер бронзага иштөө берип, билерик жана күзгүлөрдү даярдашчу. Аялдар бойро токуп, дан түйүшүп, тамак жасап, балдарды тарбиялашчу. Бул иштер ар күнү кайталанган.*

*Жашоо ушундай түрдө уланган.*



Бронза күзгүлөр



Бронзадан жасалган буюмдар: балта, найзанын учу, канжар

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Энеолит доорунун негизги ийгиликтерин айт.
2. Эмне үчүн матриархаттан патриархатка өтүү жараяны болду?
3. Бронза доорунун Сополлитепа жана Жаркотон сыяктуу эстеликтери жөнүндө айт.
4. Бронза кылымына саякатта. Бул доордун адамдары кандай жашаганы жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 5-§. ОРТО АЗИЯ ТЕМИР КЫЛЫМЫНА ӨТҮҮ ДООРУНДА

## Темирден пайдалануу

Темирден биринчи болуп Кичи Азиядагы хеттер б.з.ч. XIV–XIII кылымдарда пайдалана баштакан.

Адамдар жез жана бронзадан эмгек куралдарын жасоону үйрөнгөн учурдан баштап арадан көп кылымдар өтүп, темирден эмгек куралдарын жасоо мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул жараян көп эмгекти талап кылган, анткени темир жезге караганда кыйла жогору температурада (1500°С) эрийт. Ошол эле учурда темир жез жана бронзага салыштырмалуу кыйла катуурак да болчу.

Б.з.ч. IX–VIII кылымдарга таандык темирден жасалган алгачкы эмгек куралдары Орто Азияда да табылган

Темир буюмдардан пайдалануунун кеңири жайылуусу акырындык менен уланган. Таза темир табиятта сейрек кездешүүчү металл болгондуктан, андан алгачкы жасалга буюмдары даярдалган. Ушундай жасалгалар Египет фараону Тутанхамондун күмбөзүнөн табылган.

Эмгек куралдарынын темирден жасалышы, оболу, дыйканчылыктын өнүгүшүнө таасир тийгизген. Темир учтуу сокулар жана балталар пайда болгон. Бул эмгек куралдары чоң аянттарда дыйканчылыктын өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Орто Азияда темирден жасалган алгачкы эмгек куралдары б.з.ч. IX–VIII кылымдарга таандык болгон.



Темир жана бронза жебе учтары, орок түрүндөгү бычак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күндөлүк турмуш



## Социалдык түзүм

Темир куралдарынын таралуусу эмгек өнүмдүүлүгүн арттырды жана бул өндүрүштүн андан да алдыңкы усулуна өтүү үчүн шарт жараткан.

Темир кылымынын башында Орто Азиядагы калк түрдүү топторго бөлүнгөн: **дин кызматкерлери, аскерлер, чарбачылар, дыйкандар жана кол өнөрчүлөр** жана ушул сыяктуулар.

Орто Азияда коомдун негизин түзгөн чоң патриалхалдык үй-бүлөлөр болгондугун "Авесто" дон билебиз.

Бир канча ушундай үй-бүлөлөр аймактын коңшучулук топторун түзгөн. Чоң үй-бүлө мүчөлөрү өзүнчө конуштарга ээ болуп, чарба иштерин чогуу аткарышкан, өздөрүнүн эмгек куралдары, айыл-чарба продукцияларынын запасы жана чарба үйүрлөрүнө ээлик кылышкан.

Орто Азияда темир кылымына өтүү доорунда коомдун түзүлүшү ушундай болгон.



Таш токмок. Б.з.ч. IX–VIII кылымдар



Дин иштеринин башчысы. Таш айкелче. Б.з.ч. X–IX кылымдар. Сурхандарыя өрөөнү

### Суроо жана тапшырмалар

1. Темир буюмдардан пайдалануу качан башталган?
2. Темирден эмгек куралдарын жасоонун башталышы коомдо кандай өзгөрүүлөргө алып келген?
3. Темир кылымынын башында Орто Азияда калк кайсыл топторго бөлүнгөн?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЖАНА ОРТО АЗИЯ

## 6-§.НИЛ ӨРӨӨНҮ ЖАНА АНЫН КАЛКЫ




### Египет – нил тартуусу

Өзү менен чогуу ырахаттуу салкын аба жана мол-көл түшүмдү алып келүүчү, суусу мол Нил дарыясы салабат менен агат. Улуу дарыя Африканын түндүк-чыгышында цивилизациянын пайда болушу үчүн шарт жаратты.

Нил дарыясы 6 миң километр узундуктагы толуп-ташып агуучу чоң дарыя болуп эсептелет. Дарыянын ылдыйкы бөлүгү 3 км ден 22 километрге чейин жеткен кеңдиктеги кара топурактуу мол түшүмдүү талаалардан турат. Өрөөндүктөр ал жергеге **“Кара топурак”** же **“Нил тартуусу**” деп ат беришкен.

Байыркы өткөн замандарда Нил өрөөнү адам өтө албай турган, **папирус** бутактары бири-бирине оролошуп кеткен саздар менен капталган, суууда сан






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Нил дарыясын бойлой

жеткис жырткыч крокодилдер күн кечиришип, кургактыктарда жырткыч жаныбарлардын топтору ээн эркин жүрүшүп, саздарда жашашкан.

**Б.з.ч. 4-миң жылдыктын башында** адамдар Нил дарыясынын жээктериндеги жерлерди өздөштүрүүгө бел байлашкан.

## Египеттиктердин алектенген иштери

Нил дарыясы талааларды сууга бастырып, кең мол аккан жылдарда египеттик дыйкандардын түшүмү да берекелүү болгон.

Египеттиктер буудай жана арпа, о.э, талаа эгиндерин эгишкен, алынган кенептен болсо материалдарды токушкан. Нил өрөөнүндө жүзүм, коон, анар, курма, пияз, бадыраң, буурчак сыяктуу мөмө жана жемиштер жетиштирилчү.

Байыркы замандажергесокуменеништөөберилип, үрөн колдо себилгенден кийин, үрөндү жерге сиңдирүү үчүн бодо малдарды талаадан айдап өтүшкөн. Эмгек куралдары өркүндөп, дыйкандар соку жана жаныбарлардын күчүнөн пайдалана баштаган. Египеттиктер мал, кой-эчки, чочколорду багып, өгүздөрдөн талаа иштеринде пайдаланышкан.

**Ойлоп көр**

Өзүңдү байыркы Египет дыйканы деп элестетип, египеттик дыйкандардын эмгеги жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Жыйым-терим башталган учурда египеттиктер буудайларды жез ороктор менен оруп алып, кийинчереек өзүнчө жерге ташып, буудай же арпа боолорунун үстүнөн жаныбарларды айдап өтүп, эгинди жанчышкан. Кырмандан чыккан дан чопо кумураларда сакталган. Бул иш-чара данды түрдүү кемирүүчүлөр – зыянкечтерден аман сактап калчу.



Египеттик кол өнөрчүнүн үйү

## Кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсү

Байыркы Египет кол өнөрчүлөрүнүн 30 дан ашуун өнөр-кесиптери болгон. Мискерлер жезди эритип, андан эмгек куралдарын куюшкан. Карапачылар ылайдан ар түрдүү идиш-аяктарды жасап, өзүнчө атайын мештерде бышырышкан. Куруучулар сарайлар, ибадатканалар жана үйлөрдү курушкан. Жөнөкөй египеттиктердин үйлөрү ылай сүртүлгөн папирус паяларынан, ак сөөктөрдүн үйлөрү болсо аптапта кургатылган бышпаган кыштардан курулган. Фараондордун сарайлары жана ибадатканалар таштан курулган. Жыгач усталар терезе жана эшиктерди жасашкан. Кеме куруучулар камыштан кайыктар,



Суу чыгаруучу курулма



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жыгачтан болсо кемелер курушкан. Токуучулар кийим-кечелер үчүн материалдарды даярдашкан, тигүүчүлөр болсо кийим тигишкен. Зергерлер алтын жана баалуу таштардан жасалгалар жасашкан.



Байыркы Египет фараондорунун таажылары

## Египет мамлекетинин түзүлүшү

Адамдар б.з.ч. 4-миң жылдыктын аягында Нил өрөөнүндөгү оор турмуш шартына ылайыкташа башташкан. Бытыранды конуштар “**ном**” деп аталган кичи мамлекеттерге биригишкен. Аларды номархтар башкарган.

Убакыттын өтүшү менен акырындап уруу жетекчилери өкүмдарларга – падышаларга айланышкан.




Египетте эки падыша бийлик жүргүзгөн. Бири Ылдыйкы (Түштүк) Египетте, башкасы болсо Жогорку (Түндүк) Египетте мамлекетти башкарган. **Б.з.ч. 3000-жылда** эки мамлекеттин ортосунда башталган согушта Жогорку Египеттин өкүмдары Менес жеңген. Ал бириккен мамлекеттин биринчи өкүмдары – **фараону** болгон. Бирдиктүү жана жалпы мамлекет үчүн жаңы борбор болгон **Мемфис** шаары курулган.

Көп жылдар бою “ном”дордун өкүмдарлары өз мал-мүлктөрүн көбөйтүп алышкан, натыйжада Египет көз карандысыз мамлекеттерге айланган өзүнчө “ном”дорго бөлүнүп кеткен. Убакыттын өтүшү менен мамлекеттин кайра биригүүсү ишке ашкан. Бул мамлекеттин борбору **Фива** шаары болгон.



Сарайга белек жана олпоң алып келүү жараяны

### Суроо жана тапшырмалар

1. Эмне үчүн египеттиктер өз мамлекетин “Нил тартусу” деп аташкан?
2. Байыркы Египеттин табигый шарты эмне себептен дыйканчылык үчүн ыңгайлуу эле?
3. Байыркы Египет кол өнөрчүлөрү жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 7-§. БАЙЫРКЫ ЕГИПЕТ ЖАНА КОҢШУ МАМЛЕКЕТТЕР

## Фараондордун жортуулдарынын натыйжалары




Египет түндүк **Нубия** (Түндүк Судан) менен чектеш болгон. Египеттин батышында, **Ливия** чөлүндө ушул аталыштагы мамлекет жайгашкан. Чөлдүн калкы көчмөн чарбачылар болушкан. Ылдыйкы Египеттеги Мемфис шаары аркылуу өтүүчү жол Синай жарым аралына алып барган, бул жерде болсо жез казып алынган. Синай жарым аралынан түндүккө жакыныраак **Палестина**, анын жанында **Сирия** жайгашкан. Бул мамлекеттер жез жана темир рудасына жана башка пайдалуу казылмаларга бай болгон

Египеттиктер Палестина жана Сириядан кол өнөрчүлөр жасаган баалуу буюмдарды жана баалуу таштарды алып келишкен.

## Фараондордун баскынчылыктары

Байыркы падышалык доорунда Синай жарым аралы басып алынган, жергиликтүү уруулар Египетке салык төлөй баштаган. Фараондор Нубия жана Ливияга да жүрүш жасап, шаарларды талашкан, туткундар, чарба малдары жана башка байлыктарын ээлеп алышкан. Орто падышалык фараондору Түндүк Палестина жерлерин жана Нубиянын түштүгүн Египетке кошуп алууга жетишишкен.


**Ойлоп көр**

Сенин оюңча, эмне үчүн көчмөн уруулар Египет кошуундарын жеңип чыккан?

**Биздин заманга чейинки XVIII кылымдын аягында** көчмөн **гиксос** уруулары Египетке кол салышкан. Ылдыйкы Египетти басып алган гиксостор египеттиктердин шаар жана айылдарына колсалып, аларды аёсуз талашкан жана адамдарды туткунга айдап кетишкен.

Бул учурда падышалык көптөгөн майда "ном"дорго бөлүнүп кеткен эле, алар гиксосторго салык төлөшчү. Фива шаарынын өкүмдарлары гана гиксосторго баш ийбеген. Баскынчылардын зулумунан кутулууга даярдана баштаган "ном" өкүмдарлары Фива шаарынын айланасында бириге башташкан. Көп өтпөй Жогорку Египеттин бардык "ном"дору Фива "ному"нун фараонунун айланасында биригишкен.

Египет фараонуна белек жана төлөмдөрдү алып келүү жараяны. Күмбөздүн дубалындагы сүрөт





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Фараондордун жортуулдарынын натыйжалары

Бир канча согуштарда фараон **Яхмос** гиксосторду талкалап, баскынчыларды Египеттен кууп чыккан. Ээнбаш өкүмдарларды өзүнө баш ийдирген Яхмос жаңы фараондор династиясынын негиздөөчүсүнө айланган, мына ушул фараондун учурунан Жаңы падышалык доору башталган.

Жаңы падышалыктын өкүмдарлары коңшу мамлекеттердин үстүнө баскынчылык жортуулдарын уюштурушкан. Фараондор Нубия жана Алдыңкы Азия мамлекеттерине чабуул башташкан.

Фараон **Тутмос II** доорунда Палестина, Финикия жана Сирияны басып алуу башталган. Андан кийин фараон **Тутмос III** жортуулдарды уланткан. Алдыңкы Азияда египеттиктердин бийлиги орнотулган. Б.з.ч. VII кылымда Египет дагы бирдиктүү мамлекетке биригишкен, мамлекеттин экономикасында жана маданиятында өсүү башталган. Бирок тез арада Египетке жаңы бир душман бастырып кирген.

Перстерден чоң кошун топтогон падыша **Кир II** нин уулу **Камбиз II** б.з.ч. 525-жылы Египетти басып алган.






Согуштун башталышы. Заманбап сүрөт

### Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы Египетке коңшулаш болгон мамлекеттерди санап бер.
2. Байыркы Египет фараондору кайсы мамлекеттерди басып алган эле?
3. Кайсы фараондун бийлиги доорунда гиксосторду мамлекеттен кууп чыгууга жетишкен?
4. Качан жана ким Египетти басып алган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8-§. БАЙЫРКЫ ЕГИПЕТТЕ ДИН



Күн кудайы – Ра

## Египеттиктердин кудайлары

Египет-тин эли үчүн дин күндөлүк турмуштун ажыралгыс бир бөлүгү болуп эсептелген. Байыркы египеттиктер кудайлар жаныбарлар көрүнүшүнө кирип алып, б.а. мышык, кой, өгүз, арстан, уй көрүнүшүндө адамдардын арасында жашашат деп эсептешкен. Египеттиктер кудайлардын бир канча жаны бар: алардан бири жаныбардын денесинде, башкасы болсо айкелинде жашайт деп ойлошкон. Дин кызматкерлери – ибадаткананын кечилдери кудайларды динге ынануучулардын тартуулары аркылуу келтирилген нерселер менен багышат деп эсептешкен.

Байыркы Египет падышалыгынын борбору Мемфистин өз кудайы – **Птах** болгон. Птах египеттиктердин ынанымы боюнча, ааламды жаратканда ар бир нерсенин атын адамга үйрөткөн. Кудай ушунчалык күчтүү болгондуктан, анын чыныгы көрүнүшүндө көрүүнүн аргасы жок. Ошондуктан да Птах деген кудайдын Жер бетиндеги көрүнүшү **Апис** болуп, ал маңдайы жана белинде ак кашкасы болгон кара өгүз түрүндө элестетилген.

Күн кудайы **Амон-Ра** фараондордун башкы кудайы жана демөөрчүсү болуп эсептелген. Эң алгач эки кудай болгон: Фива шаарынын демөөрчүсү **Амон** жана Күн кудайы **Ра**, кийинчерээк экөө бир кудайга биригишкен.

Анын ибадатканасы **Гелиополдо (Баолбек)** болгон. Фараондор Күн кудайынын уулдары, өкүмдарлар бардык



Папируска тартылган Осирис сотунун сүрөтү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Папируска тартып сүрөттөлгөн диний ырым-жырым

**Ойлоп көр**

Кандай ойлойсуң, египеттиктердин дини менен байыркы ынанымдардын ортосунда кандай айырма бар?


иштерди өзүнүн асмандын атасынын буйругу менен ишке ашырат деген ишенимдер жана көз караштар жашаган.

**Хапи** – Нил кудайы, Египеттеги жашоонун бирдиктүү булагы жана кароолу, **Осирис** – жер асты салтанатынын кудайы болуп эсептелген.

## Дин кызматкерлери жана ибадатканалар

Дин кызматкерлери кудайлар менен адамдардын ортосундагы элчи болуп эсептелишкен. Египеттиктердин ишениминде, эгерде Жер бетинде атайын ырым-жырымдар өткөрүлбөсө, кудайлар адамдарга күч бербей коюшат. Дин кызматкерлери диний ырым-жырымдарды билишчү, курмандык тартуулашчу. Күндөлүк турмушта да дин кызматкерлери жок болсо бир иш кылуу кыйын болчу.

Дин кызматкерлери Нил ташкындарынын убагын, качан үрөн себүү жана түшүмдү жыйнап алуунун убагын аныкташкан. Бардык "ном"дордо ибадатканалар болгон, фараондор аларга көптөгөн байлык жана жерлерди белекке беришкен.


Байыркы Египеттин growth Осирис тактынын коргоочусу саналган дагы бир Хапи кудайы бар эле

### Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы египеттиктердин дини жөнүндө айтып бер.
2. Кимдер Байыркы Египетте Күн кудайынын уулдары деп эсептелишкен?
3. Уламыштарга көрө, египеттиктердин кайсы кудайы өгүз көрүнүшүндө элестетилген?
4. Байыркы египеттиктердин дини менен байыркы адамдардын ынанымдарынын арасында кандай окшоштуктар бар?
5. Кудайлар менен адамдардын ортосунда кимдер ортомчу болуп эсептелген?
6. Египет дин кызматкерлеринин бедели жана күч-кудуретинин себеби эмнеде?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 9-§. ПИРАМИДАЛАР ЖАНА КҮМБӨЗДӨР


**“Бардык нерсе убакыттан коркот, убакыт пирамидалардан!”**



Байыркы пирамидалар өрөөнүнүн көрүнүшү. *Кайра калыбына келтирилген*

Байыркы жана Орто падышалыктар доорунда египеттиктер курган ири **пирамидалар** фараондор көмүлүүчү жай – күмбөздөр болгон. Өткөн миң жылдыктар аралыгында көптөгөн шаарлар жана мамлекеттер жок болуп кетти, ибадатканалар жана сарайлар урандыга айланды, бирок пирамидалар гана убакыттан коркпойт, пирамидалар гана төрт миң жылдан ашуун убакыт аралыгында өзгөрбөстөн турат.

Мемфис шааарына жакын жерде үч фараон – **Хуфу, Хафра** жана **Менкауралар** үчүн курулган пирамидалар эң таанымалдары болуп эсептелет. Бул пирамидалар дүйнөнүн жети укмушунан бири болуп, алар бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган бирден бир курулмалар болуп саналат. Эң чоң пирамида Хуфу (гректер аны **Хеопс** деп аташкан) б.з.ч. 2600-жылдын чамасында



Фараон Хуфунун (Хеопс) пирамидасы жана Сфинкстин айкели



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Пирамиданын курулушу

курулган. Анын бийиктиги 147 метр болгон. Пирамида ар бири эки тоннадан оор болгон 2,5 миллион даана таш бөлүктөрүнөн куралган. Таштар ушунчалык тегиз кылып кесилген жана жылмалангандыктан, алардын арасындагы жылчык 0,5 миллиметрден ашпайт.

Пирамиданын ичинде дализ менен туташтырылган бир канча бөлмөлөр бар. Алардан биринде фараондун



Жаңы падышалык доорунда фараондор үчүн күмбөздөр курулган падышалар өрөөнү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Ибадаткананын дубалдары жана устундарына чегилген жазуулар

мумияланган денеси салынган **таштабыт – саркофаг** жайгашкан.

Күмбөздөрдүн ичи болсо дубалар жана каргыштар турган жазуулар менен капталган, алар фараонду коргоо жана өзгө жашоого өтүп жатканда ага жардам бериши керек болгон.

Пирамидаларды **сфинкс** – денеси арстандыкы жана башы адамдыкы болгон чоң айкел коргойт. “Чөлдүн падышасы” – сфинкстин айкели таштан иштелген болуп, анын бийиктиги 20 метрге жеткен.

Жаңы падышалык дооруна келип пирамида курбай коюшкан. Фараондорду тоолорго оюлган таш күмбөздөргө көмө турган болушту. Эң таанымал күмбөз фараон **Тутанхамонго** тиешелүү болгон. Күмбөздүн ичиндеги акылга сыйбай турган байлыктар бизге чейин жетип келген.


Фараон Тутанхамондун таштабыты (саркофаг)




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Мумиялоо

Байыркы египеттиктер адам каза болгондон кийин арбактар ааламына кетет, ошол жерде өмүрүн улантат деп эсептешкен. Бирок арбактар ааламындагы жашоо египеттиктердин оюнча Осирис сотунун натыйжаларына байланыштуу болот. Таразанын бир жагына арбактын жүрөгү, башка жагына болсо куштун жүнү коюлат. Эгерде таразанын эки жагы теңдешсе, демек, адам бул дүйнөдөгү өмүрүндө жалаң гана жакшы иштер жасаган болот, ал дүйнөдөн өткөн адамдан кийин башкача бир шартта өмүрүн улантат. Эгерде таразанын бир жагына коюлган адамдын жүрөгү оор келсе, демек, адам көп терс иштерди жасаган болуп чыгат, натыйжада коркунучуу макулуктарга жем болот.



Тутанхамон. Алтын беткап

Осиристин алдында сулуу көрүнүшүндө туруу үчүн египеттиктер адамдын сөөгүн мумиялашкан. Мумиялоо менен Египет кечил-табыптары алектенишкен.

Адатда мумиялоо дээрлик 70 күнгө созулган. Сөөккө атайын иштөө берилгенден соң абдан узун кездемелер менен ороп чырмашкан. Кездемелердин ар бир оромунун арасына оомат келтирүүчү тумарлар коюлган. Мумиялоо арбактын артында калган бай урук-туугандарына гана насип кылган.



Мумиялоо

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Байыркы Египет пирамидалары кандай максатта курулган?
2. “Бардык нерсе убакыттан коркот, убакыт болсо пирамидалардан!” деген сөздү кандай түшүнөсүң?
3. Египеттеги эң таанымал пирамидалар кайсыл жерде курулган?
4. Эмне үчүн фараондорду жерге берүүдө күмбөздөргө алар тирүүлүгүндө пайдаланган буюмдарын кошо коюшкан?
5. Эмне үчүн арбактарды мумиялашкан?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-§. БАЙЫРКЫ ЕГИПЕТ МАДАНИЯТЫ



Папирус

## Жазуу

Байыркы египеттиктердин жазуусу адамзаттын алгачкы жазууларынан бири эле. Алгач ар бир сөз сүрөт көрүнүшүндө жазылган. Жазуудан дубалар жана ырым-жырымдарды жазып барууда пайдаланышкан, ошондуктан да аны “**ыйык**” же “**кудайлардын сөзү**” деп аташкан. Байыркы гректер аларды “**иероглифтер**” дешкен (“**ыйык жазуулар**” маанисин билдирет). Жазуулар күмбөздөрдүн дубалдарына жана кудайлардын айкелдерине оюп жазылган. Жазуу үчүн таш жана карападан да пайдаланылган.

Египеттиктердин алиппеси **750 иероглифтен** турган. Ар бир сөз өзүндө бир канча символдорду жана белгилерди туюнкан. Иероглиферди үйрөнүү кыйла татаал иш болуп, сабат чыгаруу көпчүлүккө да насип кыла бербеген. Иероглифтер камыш кыл калем менен папируска, б.а. папирус жалбырагынан даярдалган кагазга жазышкан. Түрдүү түстөгү минералдык боёктор боёктун милдетин аткарган. Билим алып жатканда карапа буюмдардын бөлүктөрүнө же акиташка жазышкан. Сулуу жазуу өнөрүн өздөштүргөн адамдар жогорку сабаттуу адамдар саналышкан жана алар чоң артыкчылыктарга жана урмат-сыйга ээ болушкан.

Байыркы египеттик каллиграфтар





Байыркы Египет иероглифтери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Розетт жазма ташы. Лондондогу Британия музейи

## Иероглифтердин сырынын ачылышы

Белгилүү француз аалымы **Жак-Франсуа Шамполён** 1822-жылы дүйнөлүк мааниге ээ ачылыш жасады: байыркы Египеттин тексттерин окууга жетишти. Бул ачылышка Каир шаарынан анча алыс болбогон Розетт шаарына жакын жердеги бир ташка чегилген байыркы Египет жана байыркы грек тилиндеги бирдей маанидеги жазуулар себепчи болгон. Грек тилинен которуу кыйынчылык жаратпаган, тексттерди салыштырып көрүп, ар бир иероглиф билдирген маанини түшүндүрүп берүүнүн айласы табылды. Мына ушул ачылыштан соң папирустарга жазылган көптөгөн тексттер, ибадатканалар жана пирамидалардын дубалдарындагы жазуулар көп кылымдык сүкүттөн соң “тилге кирген”. Тарыхчылар болсо байыркы Египет цивилизациясын изилдөө үчүн маанилүү жана ишеничтүү булакка ээ болушкан. Бүгүнкү күндө Розетт жазма ташы Лондондогу Британия музейинде сакталып турат.



Жак-Франсуа Шамполён

- **Иероглифтер 750 даана**
  - “Кудайлардын сөзү”
  - Папирус
- **Розетт жазма ташы**
  - Лондон музейинде сакталган
  - Жак-Франсуа Шамполён окуй алган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Теориялык билимдердин пайда болушу

Египетте теориялык билимдердин пайда болушу жана өнүгүшү египеттиктердин күндөлүк жашоосу менен байланыштуу болгон. Дыйкандар үрөндү качан себүү, кайсы маалда түшүмдү жыйноо керектигин билип алуусу зарыл эле. Бул убакыттарды египеттиктер жылдыздарга карап аныкташкан. Ушундай түрдө **астрономия** деген жылдыздар жөнүндөгү илим пайда болгон.

Жылдыздарды күзөтүп чыгып, египеттиктер жылдын узактыгы 365 күн деп так белгилешкен, биринчи болуп календарь түзүшкөн, 365 күнду болсо 30 күндөн 12 айга бөлүштүрүп, ашып калган 5 күндү майрам күндөрү деп эсептеп, эсепке киргизишпеген.


Арыктарды казып жатканда, каалагандай имарат жана курулуштарды жасаганда ошол жердин аянтын эсептөө зарыл болгон, ушундай түрдө **геометрия** илими – жердин аянтын ченөө илими жаралган. Египеттиктер жөнөкөй арифметикалык эсептөөнү гана эмес, атүгүл бөлчөк сандарды, алардын алым жана бөлүмдөрүн, татаал эсеп-кысаптарды да билишкен. **Математика** илими мына ушундай негизде өнүккөн.

Египеттиктер **медицина** илими жөнүндөгү билимдерге ээ болушкан. Мумияланган сөөктөрдү даярдоо жараянында египеттиктер адамдын ички түзүлүшүн да жакшы үйрөнүшкөн. Дабалоо убагында дары болумдуу чөптөрдөн демделген ичимдик, минералдык суулар жана туздан кеңири пайдаланышкан. Египет шаарларында табыптарга билим берүүчү атайын мектептер болгон.

Египетте негизги чен бирдик "чыканак" болуп, ал чыканактан манжалардын учуна чейинки аралыкка тең эле. Колдордун узундугу түрдүүчө болгондуктан "падышанын чыканагы" деген бирдиктүү чен бирдиги киргизилген, ал 52,5 сантиметрге тең болгон.


Египетте убакыт 24 гө бөлүмгө ажыратылган атайын идиштерден турган суу сааттарынын жардамында өлчөнгөн. Бир бөлүмдөн экинчисине агып өтө турган суунун көлөмү бир саат деп эсептелген.

**ЧЕН БИРДИГИ**




Бир алакан = төрт манжа

Бир чыканак = жети алакан



Байыркы Египет табыбы

### Суроо жана тапшырмалар


1. Байыркы Египет жазуусунун өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Эмне үчүн египеттиктер иероглифтерди "ыйык жазуу" деп аташкан?
3. Египет жазуусунун сырын сен да чече алат белең? Кантип?
4. Египеттиктердин теориялык билимдериндеги жетишкендиктерди санап бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 11-§. МЕСОПОТАМИЯ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ




## Табигый шарты жана калкы

Дажла жана Фрот дарыяларынын аралыгындагы өрөөндү гректер **Месопотамия** деп аташкан, бул термин “**эки дарыя аралыгы**” деген маанини билдирет. Адамдар Месопотамияга байыркы замандарда келип орношушкан.

Месопотамиянын табигый шарты Египетикине окшош: дарыялардын ташкын суулары, куйкалама, иштөө берүү үчүн ыңгайлуу, түшүмдүү жерлер. Кышында өнөкөт жамгыр жана дарыялардын ташкыны болуп турган.


**Б.з.ч. 4-миң жылдыкта** Месопотамияда **шумерлер** конуштары жана шаарлары пайда боло баштаган. Алар Түштүк Месопотамияга жайгашып, бул журтту **Шумер** деп аташкан. Мамлекеттин **Аккад** деп аталган түндүк бөлүгүнө – **аккаддар** орношкон.



Ишчи иш үстүндө




Месопотамия картасы



Шумер миххат жазуусу







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Месопотамия калкы алектенген иштер

**Ойлоп көр**

Шумерлер эмне үчүн михxат жазуусун ойлоп табышкан?

Месопотамия калкы негизинен дыйканчылык менен алектенишкен. Дажла жана Фрот дарыяларынын ар жылкы ташкындары учурунда суу менен бирге талааларга түшүмдүү ылайка да агып келген. Месопотамияда жыгач жана металл сыяктуу чарба үчүн зарыл материалдар болбогон, бирок дан мол жетиштирилген, чарба малдары көп болгон. Ошондуктан Месопотамия калкы соода-сатык менен да алектенчү. Коңшу Кавказарты жана Иран өлкөлөрүнөн данга айырбаштап алтын, жез, күмүш, калай жана баалуу таштарды келтиришчү.

Месопотамияда түрдүү кол өнөрчүлүк буюмдары менен да соода кылышкан. Металл буюмдар, жасалгалар, курал-жарак жана карапачылык буюмдары айрыкча бархталган. Соода-сатыкта күмүш куймасы көрүнүшүндөгү металл тыйындар иштетилген. Месопотамиядагы салмак өлчөмү “**мино**” 550 грамм күмүшкө тең болгон.

Шумерлер дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардан бири – **михxатты** ойлоп табышкан. Шумерлер учу курчталган таякчалар менен ылай тактайларга жазышкан. Шумерлер билимдүү, тажрыйбалуу куруучулар жана кол өнөрчүлөр болушкан.



Шумерликтердин майрамынын башталышы.
*Заманбап сүрөт*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Месопотамиядагы байыркы шаар-мамлекеттер

Убакыттын өтүшү менен акырындап конуштар абдан кеңейип кеткен. Б.з.ч. 4-миң жылдыктын аягында Месопотамияда **Урук, Умма, Лагаш, Ур** жана башка шаарлар пайда боло баштаган. Алар шаар жана ага туташ дыйканчылык аймактарынан турган **шаар-мамлекеттер** эле.

Ар бир шаарда жогорку кудайдын атынан дин кызматкерлери бийлик жүргүзүшкөн, ибадатканлар болсо мамлекеттеги бийликтин борбору болгон. Месопотамиянын байыркы ибадатканалары – **зиккураттар** чийки кыштан терип чыгылган кооз тепкичтүү имарат болгон.




Зиккурат. *Заманбап сүрөт*

Күн кудайы – **Шамаш** өзүнчө урматка ээ болгон кудай, жогорку калыс деп эсептелип, адамдарды терс иштери үчүн соттогон. О.э, шумерликтер Ай кудайы – **Сина**, суу кудайы **Еа**, түшүмдүүлүк жана сүйүүнүн, согуш жана жеңиштин кудайы – **Иштарга** сыйынышкан.

Месопотамиянын чоң жер-мүлктөрү өкүмдарлар жана дин кызматкерлеринин кол астында болгон. Талааларда кулдар жана эркин жалданма эмгекчилер иштешкен. Шаарлардын айланасында жашоочу эл чакан жер үлүштөрүнө ээ болушкан. Өз үй-бүлөсүн багуу үчүн кедейлер падыша жана ибадаткананын жерлеринде иштешкен.

Шумер шаарлары коргонуу дубалдары менен курчап алынган эле. Шаардын башкы дарбазасынан башталган көчөлөр борбордук аянтка, ибадаткана жана өкүмдардын сарайына алып барган. Курулуш таш, чийки жана бышкан кыш менен жасалган. Ибадатканалар кудайлардын айкелдери менен салабаттуу кылып коздолгон эле. Согуш учурунда шаардын эли башчы шайлаган. Акырындап барып алардын бедели артып, башчылар туруктуу бийлик жүргүзө баштады. Аларды **падышалар** деп аташкан. Падыша шаар-мамлекетти ак сөөктөр, дин кызматкерлери жана аскердик кошуунга таянган түрдө чиновниктердин жардамында башкарган.



Ур шаары. Шумер




Шаардын айланасы

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Гилгамиш жөнүндөгү аңгеме

Месопотамия уламыштарынын эң сүйүктүү каарманы **Гилгамиш** Урук шаарынын падышасы болгон. Анын жашоосу кийинчерээк көптөгөн уламыштарга айланган.

*Уламышка ылайык, Гилгамиш дүйнөгө келгенден кийин, мамлекеттин башчысы болгон чоң атасы небереси андан тактыны тартып алуусунан коркуп, Гилгамишти жарга ыргытып жиберүүнү буюрат. Жарга ыргытылган Гилгамишти учуп бараткан бүркүт тутуп алып, көтөрүп кетет жана аны бир багбанга алпарып берет. Багбан Гилгамишти мээрим берип багып өстүрөт. Эрезеге жеткен Гилгамиш чоң атасынан бийликти тартып алат жана өзү Урук шаарын башкарууга киришет. Гилгамиш Энкиду деген балбан менен дос болот. Экөө бир болуп жырткыч макулуктарга каршы күрөшүшөт, ал үчүн кудайлар Энкидуну жазалашат жана ал өлөт. Түбөлүктүү жашоого жетүү үчүн Гилгамиш деңиздин түбүндө өсүүчү сыйкырдуу чөптү издеп табат, аны өз эли менен бөлүшүүнү чечет. Бирок артка кайтып жатканда бир көлгө чөмүлгөнү түшөт, бул учурда чөптүн жытын жылан сезип калат жана дары чөптү уурдап кетет. Ошондон бери, уламышта айтылышынча, жыландар жыл сайын терисин таштап жашарышат имиш. Гилгамиш болсо сүйүктүү шаарынын дубалдары аны коргошун, изги иштери аны түбөлүктүү кылуусун түшүнүп жетет.*



Урук шаарынын падышасы Гилгамиш



Гилгамиш жана Энкиду өз ара күрөшүп жатат



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Шумер-Аккад мамлекетинин падышасы Саргон I. *Заманбап сүрөт*

## Аккаддын өнүгүшү

Шаар-мамлекеттер бири-бири менен тынымсыз согуштар алып барган. Ошол согуштар натыйжасында Саргон I бүткүл Месопотамиянын өкүмдары болот. Б.з.ч. 3-миң жылдыктын экинчи жарымында ал Аккадды жана Шумер шаарларын өз кол астына бириктирген.

Соода-сатыкты өнүктүрүү максатында **Саргон I** бардык шаарлар үчүн бирдиктүү болгон узундук, аянт жана салмак өлчөмүн киргизет. Ал дүйнөлүк тарыхта биринчи болуп туруктуу кошуун түзгөн. Бул кошуун 5400 аскерден турган, кийинчерээк алар Саргон I ге көптөгөн шаар жана коңшу мамлекеттерди ээлешине шарт түзгөн. Ошондуктан Саргон I "төрт материк мамлекеттеринин падышасы" наамын алган.

Саргон I өлүмүнөн соң анын ордуна отурган мураскорлоруна мамлекетте күч алып турган козголоңдорду бастырууга туура келген. **Шумер-Аккаддын мамлекети** көчмөн уруулардын чабуулдарынан талкаланып кеткен.





### Суроо жана тапшырмалар

1. Месопотамиянын кайсы бөлүктөрү шумерлер жана аккаддар тарабынан өздөштүрүлгөн эле? Алар алектенген иштер жөнүндө айтып бер.
2. Гилгамиш жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Элестет, байыркы соодагер катары Сен Дажла дарыясында кемеде түрдүү продукциялар менен сүзүп кете жатасың. Шумердин кайсы шаарларында соода-сатык иштерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот элең? Картадан пайдаланып айт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кудай Иштардын дарбазасы


# 12-§. ВАВИЛОН ПАДЫШАЛЫГЫ

## Вавилон – “кудайлардын дарбазасы”

**Б.з.ч. II миң жылдыкта** Вавилон падышалыгы Месопотамиянын түштүгүндөгү эң ири кудуреттүү мамлекетке айланган. Вавилон ыңгайлуу географиялык орунга ээ болуп, Фрот жана Дажла дарыяларынын өзөндөрү бири-бирине жакындап кетүүчү аймакта жайгашкан. Кемелерде түрдүү продукциялар менен сүзүп келген соодагерлер бул шаарга токтоп өтүшчү. “Вавилон” сөзүнүн өзү болсо “кудайлардын дарбазасы” дегенди билдирген. Вавилон шаарында укмуш сарайлар, кооз ибадатканалар болгон.


Вавилондун башкы көчөсү жеңиш кудайы **Иштар** дарбазасынан башталган. Вавилон мамлекетинде дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, өндүрүш жана соода-сатык өнүккөн. Бирок өз ара согуштар буга тоскоол болгон.

**Б.з.ч. XVIII кылымда** Вавилон падышасы **Хаммурапи** бүткүл Месопотамияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүүгө жетишкен. Хаммурапинин доорунда Вавилон эң күчтүү мамлекетке айланган.



Вавилон жана вавилондуктар

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Вавилон

## Хаммурапи мыйзамдары

Хаммурапи тарыхта мыйзамдарды түзүүчү падыша катары аты калган. Бул мыйзамдар мурда иштеген бардык мыйзамдардан үстөм болгон. Хаммурапи мыйзамдары баары үчүн – бай жана кедей адамдар үчүн бирдей болгон. Мыйзамдардын тексттери мамлекеттин бардык шаарларында орнотулган таш мамыларга жазып коюлган.

Хаммурапи мыйзамдары туруктуулугу менен адамды таң калтырган. Алсак, доктор жасаган операциясынын натыйжасында оорулуу каза болсо, доктордун колдорун кесүү шарт болгон. Эгерде куруучу курган үй кокустан кулап, адамды басып калса, куруучу өлтүрүлүшү керек болгон. Өрт учурунда уурулук үстүндө колго түшкөн адам ошол учурда отко ташталган. Ачкычты бузган ууру болсо мындан да катуураак жазага тартылган: ал башканын мүлкүнө кол салган жеринде өлтүрүлгөн жана ошол жердин өзүндө көмүп жиберилген.

Хаммурапинин мыйзамдары жөн гана падышанын токтому болбостон, кудайлардын каалоо-эрки катары мүнөздөлгөн, ошондуктан да аларды сөзсүз, кыйшаюусуз аткаруу талап кылынган. Хаммурапинин мыйзамдары коомдун өнүгүүсүнө чоң мүмкүнчүлүк түзүп берген, анткени талоончулук жана уурулук сыяктуу кылмыштар дээрлик болбойт эле.

**Ойлоп көр**

Хаммурапи мындай катаал мыйзамдарды жарыялап адилеттүүлүкө умтулган деп ойлойсуңбу же тескерисинче туура эмес иш кылганбы?

Вавилон – “кудайлардын дарбазасы”

Жеңиш кудайы Иштар

Вавилон падышалыгы б.з.ч. II миң жылдык

Хаммурапинин мыйзамдары (катаал мыйзамдар)



Вавилон мунарасы. *Заманбап сүрөт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Чепке кол салуу

## Жаңы вавилон падышалыгы

**Б.з.ч. VII кылымда** Жаңы Вавилон падышалыгы пайда болгон. **Навуходоносор II** бийлиги доорунда Жаңы Вавилон падышалыгы өз өнүгүүсүнүн туу чокусуна жеткен. Бул өкүмдар Египетти Жаңы Вавилон падышалыгына кошуп алган, Иерусалим (Куддус)ди кыйратып таштаган, Вавилонду болсо туруктуу чепке айландырган. Навуходоносор II турак-жай имараттары жана коргонуу дубалдарын курууда бышкан кыш иштетүү жөнүндө буйрук берген.

Ал бийлик жүргүзгөн доордо Вавилон шаарынын сегиз дарбазасы болгон, алардан ар бири мамлекеттин башкы кудайларынан биринин аты менен аталган. Айрыкча, кудай Иштардын атындагы дарбаза кооз жана өзгөчө болуп, уламыштагы жаныбарлардын сүрөтү түшүрүлгөн көгүш оймолуу таштактайлар менен кооздолгон.

Байыркы перстердин кошууну **б.з.ч. 539-жылда** Вавилонго бастырып кирип, шаарды ээлеп алышкан.



Хаммурапинин мыйзамдары жазылган таш мамынын нускасы



Шаардын борбордук көчөсү. *Заманбап сүрөт*



UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошол учурдан баштап Жаңы Вавилон падышалыгы Перс мамлекетинин курамына кирген.

## Вавилон маданияты

Шумер жана Аккад Вавилон маданиятынын эң байыркы очоктору эле. Дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардан бири болгон **Шумер миххаты** алгач “суу”, “күн” жана башка өзүнчө сөздөрдү билдирген сүрөттөрдөн турган.


Өкүмдарлардын сарайлары жана ибадатканаларда ак сөөктөр жана бай адамдардын үй-бүлөлөрүнүн балдары билим алуучу мектептер түзүлгөн эле. Окуучулар ным ылай тактайларга сөөк жана жыгачтан жасалган таякчалар менен жазышкан.

Ылай тактайлар алгач күндө кургатылган, соң мештерде бышырылган. Бул тактайлар алгачкы китептер болуп, окуучулар мифтер жана уламыштарды көчүрүп жазышкан, өсүмдүктөр, канаттуулар, жаныбарлар жана курт-кумурскалардын аттары жазылган тизмелерди түзүшкөн. Ылай тактайларда мамлекеттер, шаарлар жана айылдардын аттары да санап өтүлгөн.

Шумерликтер эсептөө системасы, Күн жана Ай календарларын да жаратышкан. Күн жылынын узактыгы шумерликтер тарабынан 365 күн, Ай жылы болсо 354 күн кылып белгиленген. Шумерлик жана Вавилондук дин кызматкерлери-төлгөчүлөр астрономияга таандык билимдерге ээ болушкан. Эң байыркы обсерваториялар бийик, көп тепкичтүү ибадатканалар – зиккураттардын үстүндөгү аянтта курулган.

Месопотамияда ар түрдүү дары-дармектерди даярдоо боюнча колдонмо түзүлгөн.

География багытындагы билимдер шумерлик жана вавилондуктарга кемелерде деңиз аркылуу сүзүү мүмкүнчүлүгүн жараткан. Ааламдын жаралуусу жөнүндөгү эң байыркы мифтерден бири Месопотамияда пайда болгон.



Навуходоносор II. *Заманбап сүрөт*

Навуходоносор II бийлиги доорунда Жаңы Вавилон падышалыгы өз өнүгүүсүнүн туу чокусуна жеткен

Б.з.ч. VII кылымда Жаңы Вавилон падышалыгы пайда болгон

### Суроо жана тапшырмалар

1. Картадан Вавилон падышалыгын жана анын борборун тап.
2. “Вавилон” сөзү кандай маанини билдирет?
3. Кайсы өкүмдардын доорунда Вавилон бирдиктүү мамлекетке айланган?
4. Хаммурапи мыйзамдары кандай максатта түзүлгөн эле?
5. Шумерлик окуучу заманбап мектептин окуучусу сыяктуу эртең менен мектепке шашчу, ал сабакка кеч калуудан коркчу, мектепке келип... Аңгемени улант.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Борбор Ошшур → Ниневия

**Оссурия падышалыгы (Ирак)**

**Ошшур банапал**, китепкана

Б.з.ч. 605-жылда - Мидия жана Вавилон тарабынан басып алынган

# 13-§. АЛДЫҢКЫ АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИ



## Оссурия падышалыгы

**Б.з.ч. 2-миң жылдыкта** Алдыңкы Азия аймагында Оссурия падышалыгы пайда болгон. Байыркы замандарда Оссуриялыктар Фрот жана Дажла дарыяларынын жогорку агымындагы (азыркы Ирак) кичи аймакты ээлешкен. Алгач **Ошшур** шаары, кийин болсо **Ниневия** шаары борбор болгон. Калкы негизинен дыйканчылык жана соода-сатык менен алектенген.

Оссуриялыктар согушчан калк болгон. Алар коңшу жерлерге тез-тез чабуул жасап турушкан. Оссуриялыктардын кудуреттүү кошууну жыл сайын жаңы жерлерди басып алууга аттанчу. Баш ийдирилген элдер Оссурия падышасына чоң өлчөмдө олпоң төлөгөн.



Согуш арабасы

Жортуулдарда олжого алынган нерселер борборго агып келчү. Салабаттуу сарайлар жана ибадатканалар байлыкка толуп кетип, **Ошшурбанапалдын** бийлиги жылдарында **Ниневияда** Алдыңкы Азиядагы эң ири чопо тактайлардан турган китепкана топтолгон эле.

Акырындык менен Оссурия мамлекети алсырап барган. **Б.з.ч. 605-жылда** Оссурия кошуундары Мидия жана Вавилон тарабынан кырып ташталгандан кийин мамлекет да кыйраган.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Согуштун сүрөтү


Борбор Тушпа
↑
Урарту (Кавказарты)
↓
Тей-шебаини шаар-чеби
↓
Скиф уруулары тарабынан кыйратылган, Мидия тарабынан басып алынган.

## Урарту падышалыгы

Урарту мамлекети Кавказартында, азыркы Түркиянын чыгыш бөлүгүндө жана Армениянын аймагында жайгашкан. Калкын **урарттар** дешкен. Бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшү Оссурия чабуулдарынан коргонуу зарылчылыгын тездеткен.

**Б.з.ч. IX–VIII кылымдын** башында Урарту мамлекети гүлдөп-өскөн. **Тушпа** шаары Урарту мамлекетинин борборуна айланган. Урарттар бир нече жолу баскынчылык жортуулдарына чыгышкан жана оссуриялыктардын үстүнөн жеңишке жетишкен. Бирок кийинчерээк оссуриялыктардын кошууну урарттардын кошуунун талкалаган. Кийинчерээк **Тейшебаини** шаарындагы чеп көчмөн **скиф** уруулары тарабынан басып алынган жана кыйратылган. Ошондон кийин Урарту падышалыгын Мидия басып алган.

Тейшебаини чеби




Урарту жаачысы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ойлоп көр**

Өзүңдү Алдыңкы Азия мамлекеттеринен биринин падышасы деп элестет. Мамлекетиң талкаланып кетпесин үчүн эмне кылуу керек эле?

## Финикия

Байыркы замандарда Финикия Жер ортолук деңизинин чыгыш жээги аркылуу азыркы Ливан аймагында жана Сириянын бир бөлүгүндө жайгашкан.

Соода-сатык финикиялыктардын негизги иштеринен бири болгон. Финикиялыктар коңшуларына жыгач, металл жана кездемелерди сатышкан. Жер ортолук деңизи жээгинде **Тир, Сидон, Угарит** сыяктуу ири деңиз бою шаарлары пайда болгон.

**Б.з.ч. Х кылымда** Финикияда 22 үнсүз тамгадан турган алиппе жаратылган. Гректер ошол алиппени өздөштүрүп алышкан жана аларга үндүү тамгаларды да кошуп коюшкан.


Финикиялыктардын кемеси

**Финикия (Ливан, Сириянын бир бөлүгү)**

Шаарлары: Тир, Сидон, Угарит

Б.з.ч. Х кылымда 22 үнсүз тамгадан турган алиппе жаратылган

## Палестина

Б.з.ч. XI кылымда Палестинаын аймагында **Израиль падышалыгы** пайда болгон, кийинчерээк ал Еврей падышалыгы менен бириккен. Еврей падышалыгы Вавилон падышалыгы тарабынан басып алынган.

*Байыркы еврейлердин уламыштары диний китептерге жазып барылган. Бул китептердин жыйнагы “**Библияга**” жыйналган, бул сөз грекчеде “китеп” деген маанини билдирет. “Библияда” аалам, жер бетиндеги алгачкы адамдар – Адам Ата жана Обо эненин жаратылышы, жер бетин суу басышы жөнүндөгү жана башка уламыштар бар.*


Библиянын текстери жазылган үзүндү

### Суроо жана тапшырмалар

1. Алдыңкы Азия аймагында алгачкы мамлекеттер качан пайда боло баштаган?
2. Оссурия падышалыгы жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Кайсы шаарда чопо тактайлардан турган эң ири китепкана болгон?
4. Урарту мамлекетинин өнүгүшү жана кыйрай башташынын себептери эмнеде?
5. Финикиялыктар алектенген иштер жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 14-§. АХАМАНИЙЛЕРДИН МАМЛЕКЕТИ

## Байыркы ирандын калкы жана мамлекеттери

Азыркы Ирандын аймагында байыркы замандарда **кассийлер, эламиттер** сыяктуу түрдүү уруулар жашаган.

Убакыт өтүп бул мамлекетке **мидиялыктар жана перстер** көчүп келип орношкон.

Тоо алды өрөөндөрдөгү калк дыйканчылык менен алектенген, чөл аймагында чарбачылдар күн кечиришкен.

Ирандын түндүк-батыш бөлүгүндө, Месопотамия менен чек арада **Элам мамлекети** түзүлгөн. Бул мамлекеттин борбору **Суза** шаары болгон. Элам мамлекетинде дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардан бири жаратылган.



Кир II

Каспий деңизинин түндүк-батышында **Мидия** жайгашкан. **Б.з.ч. VII кылымда** падыша **Киаксардын** бийлигинин доорунда Мидия күчтүү мамлекетке айланган эле. Мидия мамлекети Вавилон менен союздаш болуп, Оссурияны басып алган. Ирандын түндүгүндө Перс булуңуна туташып кеткен жеринде Перс вилаятынын – байыркы перстер жайгашкан аймактарында да мамлекеттер пайда болгон.




## Кир II – перс мамлекетинин өкүмдары

**Б.з.ч. 558-жылда** Ахаманийлер династиясынан болгон падыша **Кир II** бардык перстерди өз кол астына бириктирген. Мидия падышалыгын баш ийдиргенден соң Кир II ири аскерлердик кошуун түзүп, баскынчылык жортуулдарын уланткан.

Армения мамлекети, Мидия жана Вавилон багындырылган. Перстер Жер ортолук деңизи жээктерине чыгышкан, Палестина менен Финикияны баш ийдиришкен. Кир II нин баскынчылык саясатын анын мураскорлору – **Камбиз II** жана **Дарий I** да уланткан. Камбиз II Египетти жеңүү аркылуу Перс мамлекетинин аймагын андан да кеңейткен**.**




Ахаманийлердин мамлекети



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ахаманийлердин мамлекети дүйнөдөгү эң ири мамлекеттерден бири болгон.


Алтын тыйын

## Дарий I реформалары

**Б.з.ч. 522-жылда** падыша **Дарий I** байыркы Перс мамлекетинин тактына чыккан. Бул убакта басып алынган бардык мамлекеттерде козголоңдор күч алып кеткен. Ахаманийлердин падышасы Дарий I аларды бастырууга киришкен.

Дарий I Кара деңиздин жээктериндеги жашоочу **скифтердин** үстүнө жүрүш жасаган. Дарий I нин Кичи Азиядагы грек колониялары жана Балкан жарым аралынын чыгышында жайгашкан Фракияны басып алуусунан кийин гана грек-перс согуштарынын башталып кетишине себеп болду. Дарий I бийлигинин доорунда Индиянын түштүгүнөн Жер ортолук деңизине чейин созулуп жаткан мамлекет куралган.

Дарий I мамлекетиндеги бардык адамдар үчүн бирдиктүү жана "**дарик**" деп аталган алтын тыйынды мамилеге киргизген. Ал байыркы Перс падышалыгы аймагынан **Персепол** шаарынан Жер ортолук деңизине чейин "**падышанын жолу**" деп аталуучу соода жолун курдурган. Дарий I кошуундарын кайрадан түзгөн, өлкөсүн сатрапиялар бөлүп чыккан.


Дарий I тактыда. Белектерди кабыл кылуу аземи



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Персеполдун урандылары

## Байыркы перстердин маданияты

**Суза, Екбатана** жана башка шаарлар Ахаманийлер мамлекетиндеги маанилүү соода борборлору болгон. Персепол шаарында Дарий I жана Ксеркстин түрдүү бөлмөлөрү жана жүз мамылуу залы болгон сарайынын калдыктары сакталып калган. Сарай жомоктогудай жана кыялдагы канаттуулардын сүрөттөрү менен коодолгон эле. Персеполдун сарайынын дубалдарындагы бөртмө сүрөттөрдө ахаманийлер баш ийдирген көптөгөн элдердин сүрөттөрү сакталып калган. Аларда негизинен Перс падышаларына олпоң келтирген абалында сүрөттөлгөн.

Байыркы перстер миххат белги-жазуусунан пайдаланышкан. Перс падышаларынын жазуулары **Бехистун** жана **Рустамдын оймосу (Naqshi Rustam)** аска таштарына, о.э., Персепол сарайынын дубалдарына оюп жазылган. Алар жортуулдар, козголоңдор жана мамлекеттин турмушундагы негизги окуялар жөнүндө маалымат берген.

Македониялык Александр б.з.ч. 330-жылы Перс мамлекетин басып алган.




### Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы Иранда кайсы уруулар жашаган?
2. Элам мамлекети качан пайда болгон?
3. Кир II кайсы мамлекеттерди басып алган?
4. Дарий I өз мамлекетинде кандай реформаларды өткөргөн?
5. Байыркы перстердин маданияты жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Инд кошуунундагы аскердик пилдер

Инд жана Ганг → Байыркы Индия
Б.з.ч. 3-миң жылдык → Байыркы Индия

**Байыркы Индия**

Мохенжо-даро ← Байыркы Индия
Харап-па ← Байыркы Индия

Б.з.ч. XVIII кылымдан кий-ин кыйраган

# 15-§. БАЙЫРКЫ ИНДИЯДАГЫ АЛГАЧКЫ ЦИВИЛИЗАЦИЯ

## Аймактын табигый шарты

Индия Инд жана Ганг дарыялары өрөөндөрүндөгү Азия материгинин бир бөлүгүн ээлеген мамлекет. Табигый шарты, ысык климаты жана дарыялары дыйканчылыктын пайда болушу жана өнүгүшү үчүн шарт жараткан. Гималай тоолору түндүктөн келүүчү суук шамалдардан тосуп турган.

Ганг өрөөнүндөгү тропикалык токойлор чоң дарактар жана түрдүү өсүмдүктөргө бай болгон.




Байыркы Индия



Мохенжодаро.
*Кайра калыбына келтирилген*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Инд өрөөнүндөгү эң байыркы шаарлар

**Мохенжодаро жана Хараппа** Инд дарыясы бассейнинин эң ири байыркы шаарларынан эле. Эки шаар да бекем коргонуу дубалдары менен корголгон, ички чеби болгон. Көчөлөр менен бири-биринен ажыратылган кварталдардан бышкан жана чийки кыштан курулган имараттар (үйлөр, кампалар, сарайлар жана ибадатканалар) табылган. Чоң жана кооз Мохенжодаро шаары кол өнөрчүлүктүн жана сооданын борбору болгон.



Хараппа шаары

Калкы негизинен дыйканчылык менен алектенген. Байыркы индилер шекер камыш, пахта өсүмдүктөрүн жетиштиришкен, пилдерди колго үйрөтүшкөн.

Бирок **б.з.ч. XVIII кылымдан** соң Инд дарыясы өрөөнүнүн шаарлары тез-тез болуп туруучу суу ташкындары, токой жана чытырмандардын кеңейиши натыйжасында начарлар барып, таптакыр урандыларга айланган.

## Диний ынанымдар

Байыркы индилер кудум египеттиктер жана вавилондуктар сыяктуу табиятты кудайлар башкарат деп ишенишкен. Байыркы инди уламыштарында айтылгандай, Күн кудайы ар таңда алтын арабада асман бойлой жолго түшөт. Күн түнкү караңгылыкты талкалап таштап, адамдарга жылуулук жана жарык берүү максатында күн чыгыштан баш багат. Чагылган кудайы



Айыл турмушу. *Заманбап сүрөт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Индра** асмандагы сууну туткундуктан бошоткондо, Жер бетинде кургакчылык аягына жетет.

Кээ бир индилер кудайларды жырткыч жаныбарлардын түспөлүндө элестетишкен. Мисалы, алар сыйынган кудайлардан биринин башы пилдикине окшогон даанышмандык кудайы **Ганеша** болгон. Уй индилердин арасында өзгөчө урмат-сыйга ээ болгон. Уй ыйык жаныбар эсептелип, аны өлтүрүү кылмыш саналган.




Даанышмандыктын кудайы Ганеша

Индилер жан бир денеден башкасына көчүп өтүшүнө ишенишкен. Алар каза болгондон кийин адам бүткүл өлбөйт, болгону башка бир жаныбарга айланып, өз сырткы көрүнүшүн өзгөртөт, жаныбарга, кумурскага жана өсүмдүккө айланат деп эсептешкен.

## Касталар

Байыркы индилер кандай жумуштар менен алектенүүсүнө карап төрт катмарга бөлүнгөн эле. Бул катмарлар **каста** же **варна** деп аталган, алар: дин кызматкерлери – **брахмандар** (инди дин кызматкери), аскерлер – **кшатрийлер**, дыйкан, кол өнөрчү жан



Байыркы ибадаткананын урандылары жана Будданын айкели



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

соодагерлер – **вайшийлер**, кызматкерлер жана кулдар – **шудралар.**


Индилердин ынанымы боюнча, катмарлардын ар бирин жогорку кудай **Брахма** өзүнүн денесинин кайсыдыр бир бөлүгүнөн жараткан экен.

Мисалы, дин кызматкерлери анын оозунан чыккан, аскерлер болсо колдорунан, дыйкандар кабыргасынан, кызматкерлер болсо Брахмандын таманынан жаратылган деп эсептелген. Балдар дайыма ата-энелеринин катмарына таандык деп эсептелген. Бир катмардан башкасына өтүүнүн аргасы да болбогон.

Ал эми катмарлардан бирине да таандык болбогондор өзүнчө даражага ээ болушкан. Мындайларды "**чандал**", башкача айтканда "жийиркелгендер" дешкен. "Чандалдар" касталарга таандык адамдар менен бирге бир үйдө жашай алышпаган, алар менен бир дасторкондо отуруу мүмкүн эмес эле. Кокусунан аларга бирөө тийип кетпесин үчүн, чандалдар алыстан көрүнө турган өзгөчө кийим кийүүлөрү шарт болгон.



Бул сыяктуу арстандардын сүрөттөрү менен ибадатканалардын устундары коохдолгон




Инди касталары

**Ойлоп көр**

Сенин оюңча Индиянын калкы эмне максатта касталарга бөлүнгөн эле?

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Дүйнөлүк картадан Индия мамлекетин тап. Анын географиялык орду, өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бер.
2. Эмне үчүн Индиянын калкы түрдүү катмарларга ажыратылган эле?
3. Индиялыктардын ынанымдарын жана өзгөчөлүктөрүн санап бер. Алар кайсы жаныбарларга сый-урмат көрсөтүшкөн жана эмне үчүн?
4. Индиянын коому кайсы катмарларга бөлүнгөн?
5. Мохенжодаро шаарына оюңда болсо да саякат жасап, бул шаар жөнүндө аңгеме жаз.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 16-§. БАЙЫРКЫ ИНДИЯНЫН МАДАНИЯТЫ


## Илим жана маданият

Байыркы Индияда илим-билим, негизинен, астрономия жана математиканын багыттары өнүккөн. Индилер жыл эсебинин 360 күндөн турган календарын түзүшкөн. Бул доордо саноонун жана эсептөөнүн системасы кеңири таралган: индилер өтө чоң сандарды билдирүүчү өзүнчө белгилерди да колдонушкан.


Астрономдор өз иши үстүндө

Ошондой эле Инд астрономдору чоң ийгиликтерге да жетишишкен. Алар Күн, жылдыздар жана планеталардын кыймылдарын да изилдешкен. Ушул байкоолордун натыйжалары жылдын узактыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берген. Айдын нуру – бул анын бетине түшкөн Күндүн нурунун чагылышы экени да аларга белгилүү болгон.

Байыркы Индияда медицина тармагы өнүккөн. Жазма булактарда түрдүү оорулар жана хирургиялык аспаптар


Байыркы индилердин күндөлүк турмушу.
*Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Махабхарата дастаны. *Заманбап сүрөт*

тилге алынган. Индилер ооруларды дабалоодо дары болумдуу дарылардан пайдаланышкан.

Индияда ойлоп табылган, индилердин өзү “кошуундардын төрт түрү” деп аталуучу оюн бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөдө **шахмат** аты менен белгилүү жана таанымал болгон.

Байыркы индилердин тилдеринин негизинде жаңы адабий тил саналган **санскрит** иштеп чыгылган. “Махабхарата”, “Рамаяна” дастандары жана башка чыгармалар мына ушул тилде жазылган болуп, алар бүгүнкү күнгө чейин жетип келген.




Санскрит жазуусу



Индилер ойлоп тапкан шахмат таштары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## “Кудайларсыз дин”

Коомдогу өзгөрүүлөрдүн таасиринде индилердин диний ынанымдары да өзгөрүп барган. **Б.з.ч. VI кылымда** жаңы буддизм дининин жаратылышы **Будда** псевдонимин алган шаазада **Сиддхартха Гаутаманын** аты менен байланыштуу.

Уламышта айтылгандай, шаазада Сиддхартха Гаутама 20 жашка толгонго чейин өкүмдар атасынын сарайында көйгөлөрсүз күн кечирген. Ал күндөрдүн биринде сейилдеп жүрүп алсыраган, айыккыс дартка жолуккан бир адамга, кийин болсо адамды жерге көмүү аземине көзү түшкөн. Ошентип шаазадага адамдын тарткан азаптары жана өлүмү белгилүү болгон. Бул Сиддхартха Гаутаманын өмүрүн таптакыр өзгөртүп жиберген. Ал сарайдагы жыргал жашоодон баш тартып кеткен, жашоонун мазмунун издеп табуу максатында дүйнө бойлоп саякатка жөнөгөн.



Сиддхартха Гаутама (Будда).
*Заманбап сүрөт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир күнү илимий жеткилеңдикке жетишкен Будда адам сан жеткис жолу төрөлүшүн жана каза болушун түшүнүп жетет.


Будда жана анын издештери болгон **буддисттер** адам калп айтпастыгы, мал-мүлк жыйнабастыгы, тирүү жан-жаныбарлардын канын бекерге төкпөстүгү зарыл деп ойлошкон. Ушул себептүү адам ар кандай каалоо-тилектеринен баш тартышы керек болгон, анткени ар кандай каалоо-тилектер азап-тозокко алып барат деп эсептешкен.w



Хараппа жазуусу жана жаныбарлар сүрөттөлгөн мөөрлөр



Баштап буддисттерде кудай болбогон, анткени алар кудайлар адамдын азап-тозокторун жеңилдете албайт деп эсептешкен. Бирок көп өтпөй эле **Будданын** өзү кудайга айланган. Бүгүн да будда ибадатканаларында анын айкелдерин көрүүгө болот. Будда лотос гүлүндө терең ойго батканча кыймылсыз, көзүн ылдый түшүргөнчө мандаш токунуп отурган абалда сүрөттөлөт.



Бодх Гаядагы Махабодхи ибадатканасына жакын жердеги Будданын айкели. Индия

## Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы Индияда кайсы илимдер өнүккөн?
2. Индилердин астрономдору кандай байкоолорду ишке ашырган?
3. Индилердин математика жана медицина тармактарындагы ийгиликтери жөнүндө айтып бер.
4. Бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөдө белгилүү болгон кайсы оюнду индилер ойлоп тапкан?
5. Индилер кайсы динди “кудайларсыз дин” деп атаган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 17-§. БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ



Шаар сакчыларынын карool мунарасынын макети

## Кытайда цивилизациянын бүчүрлөрү

Египет, Месопотамия жана Индиядагы сыяктуу Кытайда да алгачкы цивилизациялардын бүчүрлөрү **Хуанхэ** жана **Янцзи** аттуу чоң дарыялардын жээктеринде пайда болгон. **Б.з.ч. 3-миң жылдыктын** аягында байыркы Кытайдын аймагындагы алгачкы мамлекет Хуанхэ дарыясы бассейнинин орто бөлүгүндө пайда болгон.

**Шан** уруусунун башчысы бул мамлекетти өзүнө баш ийдирген. Ушул аркылуу мамлекеттин аты да анын башкы шаарынын аты сыяктуу Шан деп аталган. Тынымсыз алып барылган баскынчылык согуштары мамлекетти алсыраткан.

Мындан коңшу чжоу уруусу пайдаланган жана бастырып кирип, Шан жерлерин өзүнүн жерлерине кошуп алган жана **Чжоу** деп аталган чоң мамлекетти курган. Мамлекеттин жерлери чоң болгондуктан өкүмдарлар аны “Асман астындагы падышалык”, өздөрүн болсо “Асмандын балдары” деп аташкан. Бүткүл Түндүк Кытай мына ушул мамлекеттин курамына кирген.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кытай калкы алектенген иштер

Дыйканчылык Кытайда эзелтеден ардактуу жана сыймыктуу кесип саналган. Негизги дыйканчылык эгиндери арпа жана буудай болгон. Кийинчерээк кытайлыктар шалы жетиштире башташкан. Шалынын үрөнү Индиядан алып келинген.

Кытайдын калкы чай дарагын да жетиштиришкен, анын жалбырагынан дары болумдуу ичимдик саналган чай даярдалган. *Чай* ичимдиги тез арада бүткүл дүйнө жүзүнө таралган.

Чай терүү



Тыт дарагын жетиштирүү да Кытай калкы алектенген негизги иштерден бири болгон. Тыт дарагынын жалбырагы менен жибек курту багылган. Жибек курттары пиллаларга булаларды оройт, пилладан болсо өтө жеңил жана назик кездеме саналган *жибек* даярдалган.



Хуанхэ дарыясы, соода кемелери жана көпүрө.
*Заманбап сүрөт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Падышалыктар ортосунда өз ара күрөштөр уланган доор. *Заманбап сүрөт*

**Байыркы Кытай**

Б.з.ч. 3-миң жылдыктын аягы

Хуанхэ дарыясынын боюнда мамлекеттин түзүлүшү

Б.з.ч. 2-миң жылдык – Шан жана Чжоу мамлекеттери

Б.з.ч. VII–V кылымдар – «көп падышалыктар»

Син Шихуанди бириктирген

## Кытай “көп падышалыктар” доорунда

Б.з.ч. VIII–VII кылымдарда Чжоу мамлекетинде борбордук бийлик алсырай баштаган. Кээ бир аймактардын наибдери (өкүлдөрү) падышага көз карандылыктан кутулууга умтулушчу. Кытайга көчмөн уруулар кол сала баштагандан пайдаланган четки аймактардын калкы бөлүнүп чыгып, өз мамлекетин түзүшкөн. Ушундайча **б.з.ч. VII–V кылымдардагы** доорлор тарыхта “көп падышалыктар” доору атын алган.

Кытайда ошол эле учурда “күрөшүп жаткан падышалыктар” доору да башталган. “Зафарияр” – империясынын жогорку өкүмдарлары менен бөлүнүп чыккан мамлекеттердин падышаларынын ортосунда башталган согуштар 200 жылдан көпкө созулган. Бул доор Син мамлекетинин өкүмдары өзүнүн бардык атаандаштарын жок кылып, **б.з.ч. III кылымда** бирдиктүү мамлекет түзүүсү менен аяктаган.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Кайсы дарыялардын өрөөнүндө Кытайдын алгачкы цивилизациялары пайда боло баштаган?
2. Кытайда биринчи мамлекет качан түзүлгөн? Ал кандай аталган?
3. Кытайдын кайсы байыркы мамлекети “Асман астындагы падышалык” деген ат алган эле? Эмне үчүн?
4. Байыркы Кытай калкы негизинен эмне менен алектенгенин айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 18-§. Б.З.Ч. III КЫЛЫМДА КЫТАЙ

## Борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү

**Б.з.ч. 246-жылда** Кытайды өз кол астына бириктирген өкүмдар **Син Шихуандинин** атын кабыл алган. Бул ат "Синдин биринчи өкүмдары" деген маанини билдирет.

Өз мамлекетинин аймагын өзүнчө вилаяттарга бөлгөн өкүмдар ар бирине наибдерин башчы кылып дайындаган.

Син Шихуанди али тирүүлүгүндө эле өзүнө атап күмбөз курууга буйрук берген болчу. Салабаты жана жасалгалары боюнча бул күмбөз Египет пирамидалары менен атаандаша алчу. Күмбөздү 720 миң адам 37 жыл бою курушкан. Күмбөз бир нече километр квадрат аянтта жайгашкан. Син Шихуанди күмбөзүнөн өкүмдарды "коргоо" үчүн орнотулган 6 миң чопо аскерлердин айкелдери табылган.



Син Шихуанди. *Заманбап сүрөт*



Син Шихуандинин чопо аскерлери

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Улуу кытай дубалы

Улуу Кытай дубалы

Б.з.ч. IV кылымда

Көчмөндөрдөн коргонуу үчүн

Син Шихуанди өз мамлекетин көчмөн хунндардын чабуулдарынан коргоо үчүн Түндүк Кытайды бойлой курулган коргонуу дубалын андан да бекемдөөнү буюрган.

Дубалды куруу иштери баштап **б.з.ч. IV кылымда** башталган. Бул дубал тарыхта **Улуу Кытай дубалы** деп аталган. Анын бийиктиги 6-10 метр, калыңдыгы 5-8 метр, узундугу болсо дээрлик 4000 километрди түзгөн. Ал байыркы замандарда душман кошуундары үчүн олуттуу тоскоол болуп кызмат кылган: аттуу кошуундар андан ашып өтө албайт эле, чептерди чабуул менен баш ийдирүүнү болсо көчмөндөр али аткара алышпайт эле.

Падыша жана аткаминерлер дубалдын курулушунда жүз миңдеген дыйкандарды мажбурлап иштетишкен.



Улуу Кытай дубалынын курулушу. Заманбап сүрөт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Курулуш иштери.

## Байыркы кытай маданияты

Байыркы Кытайда өзүнө мүнөздүү жогорку маданият түзүлгөн. Жергиликтүү калктын күндөлүк турмушу дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, имарат куруу жана башка тармактар менен байланыштуу болуп, илимий билимдердин өнүгүүсүн талап кылган.

Ушундай түрдө математика, астрономия жана география илимдери өнүккөн. О.э. байыркы кытайлыктар архитектура жана айкел жасоочулук багыттарында чоң ийгиликтерге жетишишкен. Байыркы Кытайда сөз жана сүйлөмдөрдү туюнткан иероглифтер бар эле. Башта кытайлыктар бамбук тактайларга жазышкан.

**Син Шихуанди**

- Б.з.ч. 246-жыл
- “Синдин биринчи өкүмдары”
- Улуу Кытай дубалы
- Ойлоп табуулар: иероглифтер, кагаз, компас, сейсмограф



Бамбук тактайларынан турган китептер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мындан 2,5 миң жыл мурда жазуу үчүн сыядан пайдаланууга өтүлдү. Жибек кездемелерге кыл калем менен жазылган. **Б.з.ч. I кылымда** кагаз ойлоп табылган.


Кытайлыктардын эң укмуштуудай ойлоп табууларынан бири **компас** болгон. Ал магниттелген темирден жасалган узун саптуу чоң кашыкты эстетчү. Бул курулманы чакмактарга бөлүнгөн жана жалтырак капталган жыгачка орнотушкан, анын сабы болсо дайыма түштүктү көрсөткөн.

Кытайда жер титирөөнү алдын ала аныктап берүүчү **сейсмограф** да ойлоп табылган.

### Ойлоп көр

Сүрөттөргө карап байыркы Кытайда кагаз кандай даярдалганын түшүндүр.

Кытай кагазын даярдоо жараяны




## Суроо жана тапшырмалар

1. Кытайды бирдиктүү мамлекетке бириктирген өкүмдардын атын ата. Бул окуя качан болгон?
2. Улуу Кытай дубалы жөнүндө эмнелерди билесиң? Эмне үчүн бул дубал көчмөндөрдүн баскынына тоскоол болуп турган?
3. Кытайлыктардын ойлоп табууларын санап бер. Кайсыларынан азыр да пайдаланабыз?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 19–20-§. ӨЗБЕКСТАН АЙМАГЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ МАМЛЕКЕТТЕР

## Байыркы калктын этникалык курамы жана аймактык жайгашуусу

Жазма булактардын күбөлүк беришинче, **б.з.ч. VII–VI кылымдарда** Өзбекстан жана коңшу аймактарда **согдийлер, бактриялыктар, харезмдиктер** сыяктуу элдер, о.э, **сак** жана **массагет** уруулары жашаган. Зарафшан жана Кашкадарыя өрөөнүндө дыйканчылык менен алектенүүчү көптөгөн элдер жашаган. Грек жазма булактарында бул аймак Согдиана деп, бул аймакта жашоочу эл **согдийлер** деп аталган.

Көчмөндөрдүн конушу






Орто Азияда байыркы элдер жана уруулардын жайгашуусу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Чарбачыл сактар



Канжар. Б.з.ч. 1-миң жылдык

Согдийлердин эң жакын коңшулары **бактриялыктар** болуп, алар Сурхан оазиси, Ооганстандын түндүк жана Тажикстандын түштүк аймактарында жайгашкан. Грек-рим тарыхчылары ал жерлерди **Бактриана** же **Бактрия** деп аташкан.

Амударыянын төмөнкү агымында жашаган отурукташкан дыйкан элдер **харезмдиктер** болгон. Алардын журту грек булактарында **Хорасмия** дейилген. Чөлдөр менен Амударыянын жээктеринде көчмөн **массагет** уруулары жашаган. Орто Азиянын тоолуу, талаа жана чөл аймактарында негизинен чарбачылык менен алектенген **сактар** жашаган.



Дарыянын аймагы

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Б.з.ч. VII–VI кылымдарда чарбанын өнүгүүсү

Бул учурларда Согд, Бактрия жана Харезм калкы жасалма сугарууга негизделген дыйканчылык менен алектенген. Кол өнөрчүлүк жана соода-сатык да кыйла өнүккөн. Конуштардан жогорку сапаттуу карапачылык идиштери, темир жана бронза буюмдар табылган.

Тоолордон жез, калай, күмүш жана алтын минералдары жана зергерлик буюмдарын жасоо үчүн **лаал (лазурит)** жана **бирюза** сыяктуу баалуу таштар казып алынган. Лаал Бактрия тоолорунан казып алынган.



Алтын кабыландын сүрөтү. Сактардын кол өнөрчүлүгүнүн үлгүсү



Сак аскери. *Кайра калыбына келтирилген*



Орто Азия элдери. VII–VI кылымдар. *Кайра калыбына келтирилген.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ойлоп көр

Элестет, Сен бул жазууларды тапкан тарыхчы катары Бактрия жөнүндө эмне билип алдың? Оссурия падышасынын тыңчысы ага эмнелер жөнүндө айтып берди?

## Бактрия лаалы жөнүндө оссурия документтериндеги маалымат

*“Падыша сураган лаал жөнүндө: “Мага лаал келтир”, деген экен. Мен, улуу урматтуум, тоого чыгып, лаалды колго киргизгенимде мамлекеттин эли мага каршы көтөрүлгөнүн билбейт. Улуу урматтуу падышам уруксат берсе, чоң кошуун барып, лаалды алып келишсин; болгону мен алар менен нан, айранды бөлүшө албайм; алардын жанында жүрбөйм, сенин чабарманыңдын жанында болбойм, падышанын ал-абалы жөнүндө да сурабайм. Шахым муну күнөө деп эсептебесе болгону...”.*


Лаал

Көчмөн сак жана массагет уруулары негизинен чарбачылык менен алектенишкен. Алар төө, жылкы, кой жана эчкилердин үйүрүн багышкан. Чарбачылдар жаныбардын терисинен булгаары, жүндүү кездемелерден бут кийим, кийимдер жана чатырлар тигишкен. Көчмөндөр бул продукцияларды отурукташкан дыйкандарга сатышкан, дыйкандар болсо Чыгыш элдери менен жакын соода жана маданий байланыштарды орнотушкан. Орто Азиянын отурукташкан жана көчмөн элдеринин ортосундагы айырбаштоо ийгиликтүү болгон.


Көчмөндөрдүн күндөлүк турмушу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Б.з.ч. VII–VI кылымдарда байыркы шаарлардын маданияты


Кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүүсү себеп б.з.ч. VII–VI кылымдарда байыркы шаарлар өнүккөн. Алар кол өнөрчүлүк, өндүрүш жана сооданын борборлору болушкан. Археологдор **Афрасияб** (Самарканд), **Көктепа** (Зарафшан оазиси), **Жеркоргон** жана **Узункыр** (Кашкадарыя өрөөнү), **Көзаликыр** (Харезм), **Кызылдөбө** (Сурхандарыя өрөөнү) сыяктуу байыркы шаарларды изилдешкен. Шаарлардын бир тобу соода жана кол өнөрчүлүк борборлору болсо, башкалары өзүнчө район жана вилаяттардын борборлору болушкан. Мындай байыркы шаарлар кандай көрүнүшкө ээ болгон?

Ошол эзелки доорлордо саякатчы алыстан байыркы ири шаарды көрүшү мүмкүн эле. Чоң ички чеп шаардагы башка чийки кыштан курулган үй, чарба имараттары жана кол өнөрчүлүк устаканаларынан кыйла бийикте салабаттуу бой көтөрүп турган. Коргондо түрдүү үйлөрдөн турган чоң сарай жайгашкан. Дарактар аз, көчөлөрү кууш, бирок коргонуу дубалдары адамды таң калтырчу. Шаарда жашоочулар коргонуу системасына өзүнчө көңүл бурушчу. Шаардын дарбазасына кирүү жолун суу менен толтурулган чуңкур – **кандек** тосуп турчу.





Кызылдөбөдөгү казуу иштери



Байыркы Бактрия үй коргону. Сурхандарыя облусу. *Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Орто Азия калктарынын өкүлдөрү. *Кайра калыбына келтирилген*

Дубалдын кароол мунаралары жана ок атуу үчүн тешиктери болгон. Алардан бронза учтуу жаанын огу учуп келишин ар секундда күтүү мүмкүн эле.

Дарыянын кооз жээктеринде дыйкандардын үйлөрү бой көтөрүп турган, алар бактар, эгинзарлар менен курчалган болгон. Чаң-тозондуу жолдор коңшу аймактарга карай алып барган.

Адамдар бул мезгилдерде кандай жашашкан?

Турак-жай дубалдары чийки кыштан терилип, самандуу ылай менен шыбалган, үйдүн негизи бөйрөлөр жана талпактар менен төшөлгөн болчу. Сөрүлөр дубалдын жанына жасалып, үйдү жылытуучу очок үйдүн ортосуна орнотулган. Ашкана бир нече очоктор менен ажыралып турган. Атайын кампаларда чоң көзөлөр тизилген болуп, аларда дыйканчылык продукциялары сакталган.

## Байыркы мамлекеттер

**Б.з.ч. VII кылымда** түзүлгөн байыркы Бактрия мамлекети Орто Азия аймагындагы байыркы мамлекеттерден бири болуп саналат. Маргыяна жана Согд Бактриянын саясий жана маданий таасиринде болгон, ошол себеп ал түрдүү байыркы боордош элдердин мамлекеттик бирикмеси болуп эсептелет.




Орто Азия жана Байыркы Чыгыш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бактриянын Оссурия менен байланыштары жөнүндө байыркы грек тарыхчысы **Ктеций** (б.з.ч. V–IV кылымдар) жазып калтырган. Ал көп убакыт байыркы перс шахы **Артаксеркстин** сарайында жашап, сарай табыбы болгон. Ктеций Оссурия падышасы **Ниндин** Бактрияга жортуулу жөнүндө баяндаган. Мамлекеттин калкынын көптүгү, ири шаарлары жана туруктуу борбору **Бактра** жана Бактрия падышасы **Оксиарттын** казынасы жөнүндө төмөнкүдөй кабар берет:

*“Бактрия баатырларынын көпчүлүгү эрдигин, алардын журту көптөгөн бекем коргондорго ээ болгондугун жакшы билген Нин өзүнө караштуу элдерден көп сандуу аскер чогултту.*

*Чоң күчтөр менен Бактрияга кошуун тартып, ал жерлерге өтүүнүн кыйындыгы, капчыгайлардын өтө тар экендиги себеп Нин кошуундарын бир нече бөлүккө бөлгөн. Бактрия ири шаарларга ээ болуудан сырткары, борбор шаары өтө чоң эле. Ал Бактра деп аталып, башка шаарларынан чебинин жана дубалдарынын бекемдиги менен ажыралып турчу. Падыша Оксиарт курал көтөрүүгө жөндөмдүүнүн баарын согушка тартты.*

*Өз кошуундарынын үстүндө туруп, душманга туш келди жана Нин кошуундарынан биринин капчыгайдан өтүшүнө шарт түздү. Түздүктөгү жетиштүү өлчөмдөгү душман кошууну өтүп болгондон соң, ал өз кошуундарынан согушчан катар тизди.*

*Коркунучтуу согуш башталганда бактриялыктар оссуриялыктарды чегинүүгө мажбур кылды. Аларды куугунтуктап, тоонун этегине чейин кууп барды жана душмандын жүз миң сандуу кошуунун кырып таштады”.*



Кызылдөбөдөн табылган чопо идиш



Бактриялык төө багуучу

Байыркы Бактрия мамлекети → Афрасияб, Кызылдөбө, Узункыр, Жеркоргон

Байыркы Харезм → Көзаликыр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Байыркы элдер жана уруулар**

- Согдийлер
- Бактриялыктар
- Харезмдиктер
- Массагеттер
- Сактар

Байыркы мамлекеттик система Харезм аймагында да түзүлгөн. Харезм өрөөнүнүн ири борборлорунан бири бекем коргонуу дубалдары менен ороп алынган Көзаликыр чебинин ордунда жайгашкан.

Б.з.ч. VI кылымда харездиктер бул чепте чоң сарай курушкан. Ал түрдүү бөлмөлөр жана жыгач мамылуу залдардан турган. Сарайга жакын жерде арпа жана буудайды сактоого арналган ири дан кампасы курулган. Өрөөн калкы дыйканчылык жана чарба менен алектенген. Байыркы Харезмде кол өнөрчүлүк, куруучулук жана соода-сатык жогорку деңгээлде өнүккөн.

Жергиликтүү карапачылык, курал жасоочулук, зергерлик буюмдарынын даңкы башка журттарга да таралган эле. Шаарларда соода-сатык өнүккөн. Харезмдиктер чебер куруучу жана кол өнөрчү болгон.

### Суроо жана тапшырмалар


1. Б.з.ч. VII–VI кылымдарда Өзбекстандын аймагында кайсы уруу жана элдер жашаган?
2. Орто Азиядагы көчмөн уруулардын атын айт.
3. Орто Азиянын байыркы мамлекеттери кайсылар? Алар кайсы аймактарда жайгашкан?
4. Өзбекстандын аймагындагы пайда болгон алгачкы шаарлар кандай көрүнүшкө ээ болгон? Археологиялык изилдөөлөрдүн катышуучусунун атынан сүйлөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 21-§. ЗАРДУШТИЙЛИК ЖАНА “АВЕСТО”



Зардушт. *Заманбап сүрөт*

## Зардуштийликтин пайда болуу тарыхы

Б.з.ч. 1-миң жылдыкта Орто Азияда **зардуштийлик** деп аталган дин кең таралган. Бул дин али адамдар табиятты ыйыкташтырган кездерде бүчүр жаза баштаган эле. Зардуштийлер жалын (күн), жер, суу жана жылдыздарга сыйынган жана аларды кудай деп эсептешкен.

“Зардуштийлик” сөзү **Заратуштра (Зардушт)** аты менен байланыштуу. Ал б.з.ч. 1-миң жылдыктын биринчи чейрегинде жашап өткөн тарыхый инсан болуп эсептелген.

Кийинчерээк Грецияда анын атын “**Зороастр**” деп аташкан (грекче астрон – “жылдыз”), неге дегенде Грецияда аны даанышман, төлгөчү деп эсептешкен. Бул наамдан окутуунун өзү да **зороастризм,** б.а. зардуштийлик деп атала башталган.




Зардуштийликтин пайда болушу жөнүндө мындай уламыш бар:

*Бир күнү суу алуу үчүн эрте таңда Зардушт дарыя жээгине келген экен. Тунук сууда ал Ахурамазда өкүлдөрүнөн биринин элесин көрүп калат, элес нур менен кайсы тарапка барууга жол көрсөтөт.*

*Зардушт сыйкырдуу нурдун изинен ээрчийт, көп өтпөй, жогорку кудай – Ахурамазданын алдына келип калат. Ахурамазда кудайы өзүнүн изги иштери жөнүндөгү билимдерин таратуу үчүн аны тандаганын айтат жана ыйык милдет алганын маалымдайт.*

Ушундай түрдө Зардушт 30 жашында жаңы диний окуунун пайгамбарына айланган. “Пайгамбар” сөзүнүн өзү болсо “изги амалдар жөнүндө кабар берүүчү” деген маанини билдирет.




Зардуштийликтин символу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Зардуштийликтин таралуусу



Зардуштийлик дин кызматкерлеринин айкелчелери

Зардуштийлик тарала баштаган учурларда ибадатканалар, адамдар дубанын тексттерин үйрөнүү үчүн атайын китептер болбогон. Диний ырым-жырымдар ачык асман астында, оттун жанында же үйдөгү очоктун айланасында өткөрүлгөн.

Мурда түрдүү урууларды баскынчыларга каршы күрөшкө бириктирүү үчүн Зардушт аларды бирдикке үгүттөгөн.

Зардуштун соңку үгүттөрү – дин кызматкерлери тарабынан жазып алынган. Зардуштийлик дин кызматкерлери диний тексттерди жаттап, диндарларга окуп беришкен.


Зардуштун өлүмүнөн соң бир нече кылымдар өткөндөн соң, бардык диний ырым-жырымдар, гимндер жана дубалар зардуштийлер үчүн ыйык болгон бир китепке топтолгон. Бул китептин аты "**Авесто**" болуп, "катуу белгиленген мыйзам-эрежелер" деген маанини билдирет.



Ахурамазда

**Ойлоп көр**

Зардуштийлер дининин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгү эмне деп ойлойсуң?



Үргөнчтөгү "Авесто" китебинин эстелиги



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Зардуштийлик кудайлары, окуусу жана ырым-жырымдары

Зардуштий урматка ээ болгон өз кудайлары **Ахурамазда, Митра жана Анахитага** ишенишкен. Ахурамазда зардуштийлердин улуу жана даанышман жогорку кудайы деп эсептелген. **Митра** – Күн жана жарыктын кудайы. Жалындуу чагылгандардын жардамында ал караөзгөй жана өлүм кудайы болгон **Ахриман** менен салгылашкан. Зардуштийлер жамгырдан кийин пайда болуучу күн желесине Митранын ок атып жаткан жаасы деп сыйынышкан. **Анахита** зардуштийликте түшүмдүүлүк жана суу кудайы болуп эсептелген. Зардуштийлик дини окуусу адамзаттын изгилик жана караөзгөйлүк жөнүндөгү көз караштарынын өнүгүүсүнө чоң таасир көрсөткөн.

Зардуштийлер жашоосунун түпкү мааниси изги амал, изги сөз жана изги пикирден турган. Адамдын негизги бурчу, эң оболу, адилеттүү жашоо мүнөзү болуп эсептелген.

Зардуштийлик ынанымына ылайык, жалган сүйлөбөө, алдабоо, убадага туруктуулук, изги иштерди гана жасоо керек эле.

Зардуштийлердин окуусунда өлүм караөзгөйлүктүн белгиси болуп эсептелген. Ошондуктан каза болгон адамдарды көмүүнүн өзүнчө ырым-жырымы пайда болгон. Өлгөн адамды жерге көмүү, күйгүзүү, сууга агызуу да мүмкүн эмес эле.

Ушул себептүү өлүктү жырткыч канаттуулар жана жаныбарлар жеп кетиши үчүн өлүктү таштуу жана кумдуу дөңсөөлөрдө калтырышкан. Жамгырларда жуулган жана күн какталган сөөктөрдү атайын чопо табыттар – **оссуарийлерде** (сөөк идиш) көмүшкөн.




Зардуштий дин кызматкери. Амударыя казынасынан алтын пластина

**Зардуштийликтин кудайлары**
- Ахурамазда – жогорку кудай
- Митра – Күн кудайы
- Анахита – түшүмдүүлүктүн кудайы
- Ахриман – караөзгөйлүк жана өлүмдүн кудайы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



“Авесто” кол жазмасынын бети

## “Авесто” мыйзам-эрежелери

Зардуштийлер баскынчылык, талоончулук жана турак-жайларды кыйратуу сыяктуу кыймылдарды оор кылмыш деп эсептешкен. Куралды колго алып адамга док кылуу, бирөөнү келтектөө, ага жаракат жеткирүү катуу жазага ылайыктуу көрүлгөн. Уурулук жана карыздарлыкты “Авесто” күнө деп эсептеген. Алган карызды кайтарып бербөө уурулукка теңдештирилген.

Эмгек жогорку урмат менен кадырланган. “Авесто”до адам эмгектениши зарыл, кандайдыр бир өнөр, курулучулук, дыйканчылык жана чарбачылык менен алектенүүсү керек дейилген. Адам суу, өсүмдүктөр жана жердин тазалыгын камсыздоосу, табиятты асырап абайлашы керек эле.

“Авесто” үй-бүлө жана балдардын укуктарын катуу коргогон. Эрезеге жетпеген балдарды ата-энелеринен алып кетүү, камкорсуз калтыруу караланган. Жаш балдарга билим берип, кандайдыр бир өнөргө үйрөтүү бапкталган, неге дегенде “**окуу – көздүн нуру**” деп уктурулган.


Зардуштийлер ырдаган мактоо ырынын бири “**Күн ыры**” деп аталган:

“Авесто”



*Биз Күнгө сыйынабыз,*
*Ыйык бир Нурга*
*Күлүк анын тулпарлары,*
*Качан Күн нур таратат,*
*Качан Күн жылатат.*
*Жүз миң санда Кудайлар*
*Тизилип турат.*
*Ахурамазда бул жерде*
*Бөлүштүрөт бакытты.*

“Авесто” адамдарды тынчтыкка, адилеттүүлүк жана изгиликке чакырган.



### Суроо жана тапшырмалар

1. Зардуштийликтин алгачкы үгүттөөчүсү ким?
2. Орто Азия аймагында зардуштийлик таралган доорду айт.
3. Зардуштийлердин эң урматтуу кудайларын санап бер.
4. Зардуштийлердин кайсы ырым-жырымдарын билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯ

## 22-§. БАЙЫРКЫ ТАРЫХЫНЫН БАШТАЛЫШЫ.

### Аймак жана алектенүүлөр

Балкан жарым аралы жана Жер ортолук деңизи аралдарын өз ичине алган байыркы грек мамлекеттеринин жалпы аты **Байыркы Греция** деп аталган. Түндүк жагынан сырткары, Байыркы Грецияны Жер ортолук жана Эгей деңиздер курчап турган.

Греция аймагынын чоң бөлүгүн тоолор ээлеген. Алардын эң бийик чокусун Олимп тоосу мамлекеттин түндүк-чыгышында жайгашкан. Тоолордон дарыялардын жээктеринде түшүмдүү талаалар жайгашкан. Тоолор чөп-чарлар жана буталар менен капталган. Грециянын түндүгүндө жана **Пелопоннес** жарым аралында ийне жалбырактуу токойлор өскөн.



Байыркы гректердин элестетүүлөрүндөгү Олимп тоосу




Байыркы Греция



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Алтын беткап. Микен

Гректер байыркы замандардан дыйканчылык жана чарбачылык менен алектенишкен.

## Цивилизациянын пайда болушу

**Б.з.ч. 2-миң жылдыкта** алгачкы шаар-мамлекеттер пайда боло баштаган Крит аралындагы цивилизация сыйкырдуу падыша Минос аты менен **Миной цивилизациясы** деп аталган. Крит мамлекетинин шаар, конуштары күчтүү жер титирөө жана деңиз толкунуна себеп болгон вулкан атылышынын натыйжасында кыйраган. Көп өтпөй кайра калыбына келтирилген.



Алтын чөйчөк. Микен

Материктеги Греция аймагынан согушчан уруулар бастырып кирген, аларды ахейлер дешкен. Дал ошол **ахейлер** Миной цивилизациясынын кыйроосун аягына жеткиришкен. **Дорий** урууларынын Түштүк Грецияга бастырып кириши Микен мамлекетинин кыйроосу жана **Спарта** мамлекетинин пайда болушуна алып келген.

**Микен цивилизациясы (Түштүк Греция)** ← Дорийлер талкалашкан

**Миной цивилизациясы (Крит аралы)** ← Ахейлер бузушкан



Микендеги "Арстандар дарбазасы", Дю Монсел Теодор тарткан сүрөт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Гректердин деңиз саякатынан кайтышы. *Заманбап сүрөт*

## Гректердин деңиз саякаттары

Эгей деңизиндеги көп сандуу чоң-кичине аралдар, ыңгайлуу деңиз жээктери жана булуңдары гректердин арасында деңизчиликтин өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Бирок гректерде чоң кемелер болбогон, кичине калактуу кайыктарда болсо жээктен алыска сүзүп баруу кыйла кооптуу болгон.

Мындан сырткары, гректерде али компас болбогон, адашып калуудан коркуп, алар көз жете турган кыска аралыктарга – аралдан аралга же жээкти бойлой сүзүшкөн. Тажрыйбалуу деңизчилер болсо парустардан пайдаланып алыс журттарга – Египетке, Жер ортолук жана Кара деңиз жээктериндеги шаарларга сүзүп барышкан.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Картадан Байыркы Греция жана Крит аралынын аймактарын көрсөт.
2. Мамлекеттин географиялык ордунун өзүнө мүнөздүүлүгү эмнеде?
3. Географиялык шарттар байыркы гректер алектенген иштерге кандай таасир эткен?
4. Байыркы Грецияда алгачкы цивилизация каерде пайда болгон жана эмне үчүн ал киризке жүз бурган?
5. Элестет, Сен гректер менен чогуу деңиз саякатына чыктың. Ал жөнүндө аңгеме түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 23–24-§. БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯНЫН ӨНҮГҮШҮ

## Грек шаарлары



Байыркы гректердин турак-жайы

Грецияда дыйканчылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнүн натыйжасында шаарлардын саны да ашып барган. Грек шаарларынын көпчүлүгү бир канча конуштардан биригүү жолу менен түзүлгөн. Мындай шаарлар грекче “полис”, б.а. “шаар” деп аталган. Алар шаар-мамлекеттерди түзгөн. Полистер кол өнөрчүлүк жана соода-сатык борборлору болгон. Базар шаардын чоң аянтында жайгашкан. Ал жерде айыл чарбасы жана кол өнөрчүлүк продукциялары сатылган.

Бардык шаар-мамлекеттер өз кошуундарына ээ болгон. Кошуундардын негизин оор куралданган аскерлер – гоплиттер түзгөн. Алар төрт бурчтук формасын пайда кылуучу бири-бирине тыгыз жайгашкан катарларда туруп согушушкан. Мындай согушчан катар фаланга деп аталган

Аттуу жана жөө аскерлер, полис жана шаардыктар



Байыркы Греция полиси



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Афина. Борбордо Акропол. *Заманбап сүрөт*


## Афина мамлекети

Ортоңку Грециянын түштүк-чыгыш бөлүгүндө Аттика жарым аралы жайгашкан. Б.з.ч. 2-миң жылдыкта Аттиканын батыш бөлүгүндө гректер Акропол, б.а. “жогорку шаар” деп аталган чеп курушкан. Бара-бара Акрополдун айланасына адамдар орношо баштаган. Ушундай түрдө Афина шаары пайда болгон. Шаарда жашаган адамдардын негизги бөлүгүн кол өнөрчүлөр жана соодагерлер түзгөн.

Афина калкы үч чоң топко бөлүнгөн: жарандар, чет элдиктер – метектер жана кулдар. Атасы жана апасы азат Афиналык болгон эркектер гана Афина жараны боло алган.

Жарандар гана бардык укуктардан пайдаланышчу. Алар оор эмгек жана ден соолукка зыян жеткирүүчү иштерден бошотулган болчу.

Афинанын чыңдалышы менен деңиз соодасы да өнүккөн. Афинанын негизги портуна айланган Пирей портунан мамлекетке кулдар жана ар түрдүү товарлар келтирилген.







Кеме жасоо устаканасындагы иш жараяны. *Заманбап сүрөт*



UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Афинада билим берүү



Абак – эсептөө тактайы




Мом сүртүлгөн тактай жана стиль

Афинада мамлекеттик мектептер болбогон. Ата-энелер өз балдарын педагогго (грекчеден "баланы жолдо күзөтүп баруучу" маанисин билдирет) акы төлөп окутушкан. Мыйзам боюнча уул балдар үчүн гана билим алуу милдеттүү болгон.

Жети жаштан баштап балдарга жазуу жана эсеп үйрөтүлгөн. Мом сүртүлгөн тактайларга тамгаларды бронза таякча – стиль менен жазышкан. Көпчүлүк жарандар үчүн билим алуу ушундан гана турган. Акчалуу ата-энелердин балдары болсо палестра – жеке гимнастика мектептеринде окууну улантышкан. Палестрада адабият окутулуп, ыр жазуу жана музыка өнөрү да үйрөтүлгөн.

Уул балдар 14 жаштан гимнастика менен алектенишчү. Ошол учурда аларга күрөш, найза жана диск атуу, узундукка жана бийиктикке секирүү жана чуркоо да үйрөтүлчү. Өспүрүмдөр, о.э, кол күрөшү, аскердик иштер жана атка минип жүрүүнү үйрөнүшкөн.

Афинада жогорку билим берүүчү окуу жайлар да болгон. Бирок аларда өтө бай ата-энелердин балдары гана окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Мындай билим берүү мекемелеринде астрономия, геометрия, география жана тарых окутулган.



Байыркы Грециядагы мектеп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Спарта аскерлерин даярдоо


Билим алуу мөөнөтү 3-4 жылга созулган. Ошондон кийин мамлекеттин иштеринде белгилүү бир кызмат ордун ээлөө мүмкүнчүлүгү пайда болгон.

## Спарта

Түштүк Греция (Лаконика) аймагында дорийлер уруусу бастырып кирген. Алар жергиликтүү урууларды баш ийдирип, Спарта мамлекетине негиз салышкан. Спарталыктар кулга айландырган жергиликтүү калк – илоттор да чындыгында гректер болуп, алар менен бир тилде сүйлөшкөн.

Илоттор Спарталыктарды катуу жек көрүшөт эле. Мындай шартта өз бийлигин күч менен гана сактап калуу мүмкүн болгон. Ошондуктан да Спарталыктар өз мамлекетинде өзгөчө шарт-жагдайлар жаратышкан. Алсак, баары катуу тартип сактап, тартипти бузгандар ырайымсыз жазаланат эле.

Спарта согушка даярдык көрүп жаткан шаарга окшоп калган. Чет элдиктер Спартага киргизилбеген.






Байыркы Спарта мектеби



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Илоттор түшүм териминде

Соода-сатык начар өнүккөн, искусство чыгармалары, кооз ибадатканалар да болбогон. Бардык үйлөр бири-бирине окшотуп курулган.

Илоттор чакан турак-жайларда жашашкан. Алар өзүнчө Спарталыктарды эмес, о.э, бүтүн баштуу мамлекеттин мүлкү болуп эсептелишкен. Илоттор өзүнчө Спарталыктардын үй-бүлөсүнүн жерине иштөө берип, чарбаны багышкан жана башка көптөгөн милдеттерди аткарышкан. Спарталыктар болсо аскердик иш менен гана алектенишкен.



Спарталык аскер

Илоттордон сырткары, Спартада толук укуктарга ээ болбогон жарандар – перийектер да жашаган. Байыркы Спартада күчтүү жана чыдамкай адамдар баркталган. Балдар кыйла катуу шартта эрезеге жетишкен. Спарта мектептеринде балдарды аскердик иштерге үйрөтүшүп, аларды күчтүү жана чыдамкай кылып тарбиялашчу. Спарталык өспүрүмдөр ата-энелеринен өзүнчө жашашкан. Жыйырма жашка толгон бардык жигиттер аскер кошуундарына кабыл алынып, чоң жашка чейин кызмат кылышкан.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Талаа эмне?
2. Аттика калкы кайсы топторго бөлүнгөн?
3. Афина мектебинде балдарга эмнелер үйрөтүлгөн?
4. Спарта мамлекети кандай түзүлгөн? Анын калкы кандай аталган?
5. “Алыс замандарда мен палестра – гимнатика мектебинде билим алганымда...”. Аңгемени улант.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 25-§. ГРЕК КОЛОНИЯЛАРЫ

## Жаңы аймактарды өздөштүрүү

Байыркы Грецияда ак сөөктөрдөн карыз болуп калган, өз жер жана мүлкүнө ээ болбогон көптөгөн адамдар өз мекенен кетүүгө, бөлөк журттарда бактын сынап көрүүгө мажбур болушкан. Алыс жол кооптуу эле.

Жөнөп кетүү алдынан гректер кудайларга курмандыктар арнашкан. Өздөрү менен бирге ылай сүртүлгөн, камыштан токулган себеттерде жалын да алышкан. Жалын ошол учурда алар бир өмүргө кеткен мекенинин бир бөлүгү эле.




## Грек колонияларынын түзүлүшү

Грециядан көчүп келгендер Сицилия аралынын жээги жана Апеннин жарым аралы түштүгүнө орношушкан. Алардын конуштары Жер ортолук жана Кара деңиз жээктеринде да пайда болгон.

Гректердин колониялары акырындык менен шаар-мамлекеттерге айланып барган. Бул шаарлардын өз башчылары, кошуундары, мыйзамдары жана






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Колониядан келген кемелер

**Ойлоп көр**

Грециядан көчүп келген адамдын атынан аңгеме түз. Эмне үчүн Сен Грециядан кетүүгө аргасыз болдуң? Жаңы журттарда эмнелерди көрдүң?

тыйындары болгон. Аларда соода-сатык жана кол өнөрчүлүк өнүккөн.

Колониялардын калкы Греция шаарлары – полистери менен тынымсыз байланышта болгон.

Гректер өзүн жеке калк – **эллиндер** деп сезишчү, өз мекенин болсо **Эллада** деп аташкан. Гректер өздөштүргөн жерлердин айланасында жашоочу грек болбогон элдерди “**варварлар**” деп аташкан. Б.з.ч. VIII–VI кылымдарда **Оливье, Херсонес, Пантикапей** сыяктуу көптөгөн грек колониялары түзүлгөн. Бул доор тарыхта **Улуу Грек колониялаштыруу** наамын алган.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Грек колониялары качан түзүлгөн?
2. Кара деңиз жээктеринде кайсы шаарлар пайда болгон?
3. Гректер өздөрүн жана өз мекенин кандай аташкан?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 26-§. АФИНАДА ДЕМОКРАТИЯ

## Демократиянын калыптанышы

Афина шаарында соода-сатык, сот жана аскердик багыттарга тиешелүү маанилүү маселелер эл жыйынында талкууланган. Эл топтолгон жер – шаар аянты болсо **агора** деп жүргүзүлгөн. Ал Акрополдун айланасында жайгашкан.

Афина шаарында бардык эркек жарандар мамлекетти кандай башкаруу керектиги жөнүндө өз ой-пикирлерин баяндай алат эле. Алар пайда болгон көйгөлөр жана жаңы мыйзамдарды талкуулоо үчүн ар айда төрт жолу агорадо топтолушчу.


Бардык токтомдор добуш берүү жолу менен кабыл алынган. Башкаруунун бул түрү **демократия** деп аталат, б.а. бул термин "калк бийлиги" деген маанини билдирет (demos – "калк" жана kratos – "бийлик").



Чечендин Афина жарандарынын алдында сөз сүйлөшү

## Драконт мыйзамдары

Афинаны башкарууда Аксакалдар кеңеши маанилүү орунга ээ болгон. Ушул кеңеш губернаторлор жана судьяларды шайлаган. Алар, кеңеш мүчөлөрү сыяктуу,



Афинадагы эл жыйыны



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Драконт


Афинанын гана ак сөөктөрүнөн болгон. Афинада калктын бир бөлүгүн **ак сөөктөр (аристократтар)** түзгөн, башка бир бөлүгү – **жөнөкөй эл** алардын пайдасына иштөөгө мажбур эле. Ошондуктан Афина мамлекетинин калкынын ортосундагы келишпестик жана чыр-чатактар пайда болгон.

Адилет орношун каалаган ар эки тарап Драконт аттуу падышага кайрылган. Алар **Драконттон** укук жана милдеттер жөнүндө бардыгын теңдештирүүчү мыйзамдар жазууну сураныышкан. **Б.з.ч. 621-жылда** Драконт эл башкарууну бекер кылган мыйзамдарды жазган жана иш жүзүнө ашырган. Бул мыйзамдар ушунчалык катуу жана аёосуз болгондуктан, Афиналыктар аларга “сыя калып, кан менен жазылган”, деп мүнөздөмө беришкен. Мыйзамдарды бузгандык үчүн Драконт бир жаза – өлүм жазасы белгилеген.

Алгач Афиналыктар бул мыйзамдарга баш ийишкен, соң наараазы боло башташкан жана мыйзамчы Драконтту шаардан айдап жиберишкен

## Солондун реформалары

Афина мамлекетинде калк ак сөөктөрдүн бийлигинен наараазы эле. Элдин абалы барган сайын начарлай баштаган, ошондо адамдар өз укуктары үчүн күрөшкө бел байлашкан. Алар ак сөөктөрдүн үй-коргондоруна чабуул башташкан.Калк ак сөөктөргө


Байыркы Грециядагы сот жараяны




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

каршы козголоң көтөргөн. Өз жери жана жанынан кабатырланган ак сөөктөр болушууга жана элдин талаптарынын бир бөлүгүн аткарууга мажбур болгон.

Өтө билимдүү жана тажрыйбалуу Солон аттуу ак сөөк элге болушуунун катуу жактоочусу болгон.

Ак сөөктөр Солонго ишенген жана аны Афинанын падышасы кылып шайлашкан. Б.з.ч. 594-жылда **Солон** мамлекетти башкаруунун мурдагы системасын өзгөрткөн. Мурдагы башкаруу системасы – **аристократия** (ак сөөктөр бийлиги)ны **демократия** (элдик бийлик)га алмаштырган.




Солондун сунушу менен дыйкандардын карыз төлөөчүлөрдү кул кылышы жоюлган. **Элдик жыйындын** иши кайра калыбына келтирилип, ал мамлекеттик башкарууда жогорку уюмга айланган.

Мамлекетти башкарууда эркек жарандар гана катыша алган. Аялдар жана чет элдиктер кабыл алынып жаткан мыйзамдарды талкуулоодо жана добуш берүүдө катыша алышпаган.

## Афинада демократиянын өнүгүүсү

Эркек жынысына таандык бардык жарандар 20 жаштан баштап Элдик жыйында катышкан. Элдик жыйындын чоң бөлүгү кол өнөрчүлөр, соодагерлер, жалданып иштөөчүлөр, дыйкандардан турган. Элдик жыйында калк үчүн пайдалуу токтомдор кабыл алынган.

Билимдүү жана тажрыйбалуу Солон. *Заманбап сүрөт*





...предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

15 жолу стратег кызмат ордуна шайланган

Перикл – Афина стратеги

Демократиянын өнүгүүсү

Парфенон курулган



Перикл – б.з.ч. 443-жылдан Афина мамлекетинин падышасы

Мыйзам чыгаруучу иш-чаралар аткарылышынын натыйжасында демократия өнүккөн

Аз камсыздалган үй-бүлөлөр театр-спектаклдерди барып көрүү үчүн акча фонду түзүлгөн

Элдик жыйын жаңы мыйзамдарды тастыктап, эски мыйзамдарды жоюп, башка токтомдор, мисалы, жаңы имараттардын курулушуна, армияга жана башкаларга каражат ажыратуу жөнүндө токтом кабыл алат эле. Ар жылы шайлануучу **Бешжүздөр кеңеши** күндөлүк тиричилик маселелерин чечкен. Бешжүздөр кеңешине стратег жетекчилик кылган. Кеңеш токтомдору Элдик жыйында тастыкталган. Элдик сот да Афинада маанилүү мамлекеттик орган болгон. 30 жашка толгон жарандар анын ишинде катыша алчу. Сотто айыпталуучу адам өзүн-өзү коргой алышы же мыкты сүйлөй алуучу жана мыйзамдарды биле турган адамды жалдашы керек болгон.

## "Перикл кылымы"

**Б.з.ч. 443-429-жылдарда** 15 жолу стратег кызмат ордуна шайланган **Перикл** бийлиги доорунда Афина эң кудуреттүү мамлекетке айланган жана мамлекетте демократия өнүккөн. Бул доор ошондуктан да "**Перикл кылымы**" деп аталган. Укмуш грек жазуучулары, аалымдары жана сүрөтчүлөрү Периклдин достору болушкан. Перикл тарыхчы Геродот, айкел жасоочу **Фидий** менен дос тутунган эле. Перикл Эл жыйынындагы кызмат ордуларына иш акы төлөөнү жарыялаган. Перикл бийлиги доорунда Афинада чоң курулуш иштери ишке ашырылган. Ал Акрополдо курулган белгилүү имарат **Парфенон** – кудай Афина ибадатканасынын Демилгечиси болгон.



## Суроо жана тапшырмалар

1. Шаардагы эл жыйыны аянты кандай аталган?
2. Демократия деген эмне? Афинада демократия кайсы түрдө болгон?
3. Афина мамлекетинде башкаруу кандай жол менен ишке ашырылган?
4. Солон реформалары өткөрүлгөндөн кийин элдин жашоосунда кандай өзгөрүүлөр болду?
5. Эл жыйынында жана Бешжүздөр кеңешинде кандай токтомдор кабыл алынышы мүмкүн эле?
6. «Перикл кылымында» Афинада кандай өзгөрүүлөр болду?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 27–28-§. ГРЕК-ПЕРС СОГУШТАРЫ. МАКЕДОНИЯНЫН ГРЕЦИЯНЫ БАСЫП АЛЫШЫ

## Грек-перс согуштары

**Б.з.ч. V кылымдын башында** Грецияга перстер коол сала баштаган. Перс шахы Доро алгач Кичи Азиядагы грек шаар-мамлекеттерин басып алып, Грецияга чабуул баштаган. Биринчи салгылашуу **б.з.ч. 490-жылы** Аттика жарым аралынын **Марафон** түздүгүндө болуп өткөн жана анда грек кошуундары жеңишкен. Жеңиш жөнүндөгү кабарды Афинага жеткирүү үчүн эң жакшы аскерлерден бири шаарга карап чуркаган. 42 километр жолду чуркап өткөн аскер: "Жеңиш! Жеңиш!", деп ушул учурда эле жүрөгү жарылып жан берген. Кийинчерээк спорт мелдештеринде алыс аралыкка чуркоо **Марафон чуркоосу** деп атала башталган **Б.з.ч. 480-жылда** Грецияга каршы Дарий I уулу Ксеркс чабуул баштаган. Тоолордогу **Фермопил капчыгайы** Грециянын түндүгүнөн түштүккө алып баруучу бир гана жол эле. Гректер кошуунуна Спарта падышасы **Леонид** башчылык кылган. Алар Фермопил капчыгайын чыдамдуулук менен коргогон жана бардыгы каармандарча курман болгон. Бул окуя "**Үч жүз Спарталыктар эрдиги**", аты менен тарыхта калган. Гректер жана перстердин ортосундагы чечүүчү деңиз салгылашуусу б.з.ч. **480-жылда** кууш **Саламин кысыгында** болуп өткөн. Грек шаар-мамлекеттеринин бириккен флоту перстердин аскердик флотунан күчтүү болгон, бул салгылашууда да перстер жеңилген. Бул жеңилүүдөн соң Ксеркс флот калдыктары менен Грециядан кетүүгө аргасыз болгон.





**Ойлоп көр**

Эмне үчүн гректер перстерди жеңген? Үч жүз спарталыктардын эрдигин кандай баалоо керек?




Марафон салгылашуусу

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



“Элладаны басып алууну карай алга!”
*Филипп II*



“Элладанын жарандары, Македониялыктарга каршы күрөшүү үчүн биригели!”.
*Демосфен*

Б.з.ч. 479-жылда перстер дагы бир жолу Афинаны басып алууга аракет кылып көрүшкөн. Бирок **Платея** шаарынын жакынында перс кошуундары кыйратылган.

Грек-перс согуштары гректердин толук жеңиши менен б.з.ч. **449-жылдагы** бүтүмдүн натыйжасында аякталган.

## Македониянын грецияны басып алышы

Греция шаарлары бири-бирлери менен тынымсыз урушкан. Ошол учурда Македониянын падышасы **Филипп II** Грецияны басып алууну көздөгөн. Анын кошуундары атчандар жана жөө жүргөндөрдөн түзүлгөн эле. Жөө кошуундар 16 катардан турган фалангада тизилишкен. Фаланганын алтынчы катарындагы найза биринчи катардагы аскерди коргойт эле. Согуш учурунда бүткүл фаланга соотголгон темир жаныбарга окшоп калчу. Фаланганын канаттарын аттуулар коргойт эле. Атактуу оратор Демосфен Эллада шаарларын кезип, алардын калкын биригүү жана македондорго каршы күрөшүүгө үгүттөгөн. Фива шаарынын калкы болсо



Согушка даярдык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Филипп II кошуундарына каршы Афина шаарлары союздаштыгына кошулган.

## Ерония босогосундагы согуш

**Б.з.ч. 338-жылда** гректер жана македондордун негизги күчтөрү Херония шаарынын жакынындагы Беотияда кагылышкан. Катуу согуш узакка созулган. Аскердик куулук колдогон македондор үстөмдүүлүктү колго алаган. Алар чегине баштаган. Жеңип жатканына ишене баштаган гректер аларды кууганга түшүшөт.

Гректердин кошуундары ошондо эки бөлүккө бөлүнгөн. Ошол бөлүктөрдөн бирине Филипп II нин уулу **Александр** жетекчилик кылып жаткан суварий кошуундар кыйратуучу сокку берген. Грек кошуундары чегине баштаган жана кыйратылган. Согушта гректердин көпчүлүгү өлгөн. Херония босогосундагы согуштан соң жеңилүүнүн натыйжасында Греция Македонияга көз каранды болуп калган.


**Херония босого-сундагы согуш б.з.ч. 338-жыл**

- Гректердин жеңилүүсү
- Согушта Филипп II нин уулу Александр катышкан
- “Гректердин эркиндиги Херония босогосунда каза болгондор менен чогуу көмүлгөн”
- Македонияга көз карандылык

Гректер фалангасынын аскердик түзүлүшү



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## Греция македониянын курамында

Херония босогосунда бул жеңилүүдөн кийин Греция калкы өз тагдырын коркуу менен күтүп турушкан.Бирок Филипп II өзүн гректердин падышасы деп жарыялабаган. Филипп II гректер менен биригип, перстерге каршы союз түзгөн.

Спартадан сырткары бардык грек шаар-мамлекеттеринин өкүлдөрү **Коринфке** топтолушкан жана Македония бийлигинин астында перстерге каршы чабуул жасоо максатында грек шаар-мамлекеттери союзун түзүшкөн. Алар жарашууда тынч-ынтымак жашоо, өз ара согуштар алып барбоо жана бири-биринин ички иштерине аралашпоо жөнүндө бир токтомго келген.

Бирок Филипп II перстерге каршы чабуулду ишке ашыра албастан, чыккынчы болуп өлтүрүлгөн. Анын уулу Македониялык Александр падыша болгон.


Македониялык Александр
*Заманбап сүрөт*

### Суроо жана тапшырмалар

1. Перстердин Грецияга бастырып кирүү себептерин айтып бер.
2. Марафон согушунун катышуучусу (перстер же гректер армиясынын аскери) атынан аңгеме түз.
3. "Үч жүз спарталыктардын эрдиги" деп кайсы окуя тарыхта белгилүү болуп калган?
4. Демофестин Эллада калкынын алдындагы кызматтары эмнеде?
5. Македония кошуундары гректердикинен эмнеси менен айырмаланган?
6. Грециянын басып алынышы качан жана кайсы согушта болгон?
7. Филипп II Грецияны басып алгандан кийин грек шаарларынын башкаруусунда кандай өзгөрүүлөр болду?
8. Сенин оюнча, эмне үчүн гректер азаттыкты сактап кала албаган?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 29-§. ГРЕК ЖАРАНДАРЫНЫН ТАРБИЯСЫ

## Жаран тарбиясы

Гректердин мектептери активдүү жарандар, мамлекеттин коргоочуларын тарбиялоосу керек эле. Спортту өнүктүрүү жана Олимпия оюндарына массалык кызыгуу да ушуга кызмат кылган. Балалык кезде эле уул балдарга поэзия жана музыкага махабат сезими сиңдирилген.

Жалпы билим берүүдөн сырткары, жигиттер эки жыл, аскердик билим да алышкан. Биринчи жылы алар үйлөрүндө жашап жана катарда жүрүү, курал тагып жүрүү, ачкалыкка жана суукка чыдамкай болууну үйрөнүшөт эле. Экинчи жылы болсо кээ бирлери Аттика чек ара чептеринде аскердик кызматын аткарышып, башкалары Пирей портунда деңизчилик өнөрүнүн негиздерин үйрөнөт эле.

Мамлекетти коргоо зарылчылыгы пайда болгон тагдырда 30 жашка толбогон эркектердин бардыгы курал-жарактары жана аскердик кийим-кечелери менен каттоого алуучу жайга жетип келиши шарт болгон. Мекенге болгон сүйүү ар бир жарандын берилгендиги жана эрдигинде көрүнгөн.



Байыркы Грецияда билим берүү



Гректердин соода аянты жана күндөлүк турмушу.
*Кайра калыбына келтирилген*



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Олимпия оюндарындагы мелдештин түрлөрү

## Олимпия оюндары

Спорт бардык гректер үчүн сүйүктүү иш болгон. **Б.з.ч. 776-жылда** Олимпия шаарында биринчи оюндар өткөрүлгөн. Ошол датадан баштап ар төрт жылда бир жолу Олимпияда ыйык жалыны күн нурларында күйгүзүлгөн, Грециянын төрт тарабынан келген спортчулар беш күрөштө мелдешишкен.

Беш күрөш узундукка секирүү, диск атуу, найза атуу, чуркоо жана күрөштөн турган. Ат чабууда болсо арабаларда жана аттарда жарыш уюштурулчу. Адамдар жана спортчулар Олимпияга аман-эсен жетип келүүлөрү үчүн оюндар өткөрүлүп жаткан маалда согуштар токтотулган.

Грециядагы Олимпия оюндары Олимп кудайы **Зевстин** атына арнап өткөрүлгөн. Уламыштарга көрө, Олимпия оюндарынын негиздөөчүсү **Геракл** эсептелген. Олимпия оюндарында кылмыш кылбаган, аброюна так түшүрбөгөн азат грек гана катышышы мүмкүн болгон.

Мелдештерде үч жолу жеңген спортчу Олимпияда өз айкелин орноттурууга акылуу болгон. Гректер жыл эсебин да Олимпия оюндарына карап жүргүзүшкөн. Жеңүүчүлөр ыйык зайтун дарагынын бутактарынан токулган гүлчамбар менен сыйланган.

Христиан дининин таралуусу натыйжасында кудай Зевстин атына арналган Олимпия оюндарына тыюу салынган. Биздин замандын **394-жылында** байыркы Олимпия оюндарын өткөрүү таптакыр токтоп калган.

**1896-жылда** Олимпия оюндары кайра калыбына келген. Олимпия оюндары ачыла турган күндө от жагуу адаты азырга чейин сакталып калган. Күн нурларынан күйгүзүлгөн от Олимпия мелдештери өткөрүлүүчү жерге келтирилген.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы Греция мугалимдеринин алдына кандай максат коюлган? Грек мектептери азыркы мектептерден эмнеси менен айырмаланат?
2. Олимпия катышуучусунун атынан аңгеме түз. Сен оюндарда эмнелерди көргөнүңдү жана кайсы мелдештерде катышканыңды айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 30-§. БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯ МАДАНИЯТЫ

## Мердин "илиада" жана "одиссея" дастандары

Болжол менен б.з.ч. 1200-жылда, гректер Эгей деңизи жээгиндеги Кичи Азияда жайгашкан Трояга көп олжонун үмүтүндө согуш баштаган.

Бирок грек уламыштары башка бир себепти да баяндайт. *Эң сулуу аял Спарта падышасынын аялы Елена эле. Троя падышасынын уулу Парис Спарта падышасыныкына келет жана Еленаны Трояга уурдап кетет. Окуядан кабар тапкан Спартанын падышасы Паристен өч алууга ант ичет жана бардык Спарталыктарды Троя менен согушка чакырат. Гректер тогуз жыл Трояны пайдасыз курчоого алышкан.*



Байыркы грек акыны Гомер. *Заманбап сүрөт*

Байыркы грек акыны **Гомер** "Илиада" жана "Одиссея" поэмаларын жазган. "Илиада" ошол согуштун акыркы онунчу жылы жөнүндө баяндайт.

*Одиссейдин кеңеши менен гректер айла-амал иштетишет: ичи бош чоң жыгач ат жасашат.*

*Ошол жыгач аттын ичине грек кошуундарынын бир бөлүгү жа-*



Троялыктардын гректердин кемесине чабуулу. *Заманбап сүрөт*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*шырынып алат, кошуундун башка бир бөлүгү болсо жакындагы аралдардан бирине орношуп алат. Троялыктар гректер курчоону токтотушту жана Троянын демөөрчүсү Афина Палладага куш келсин үчүн бизге ат белек кылыптыр деген ойго келип, жыгач атты шаарга алып киришет.*

*Түндө аттын ичинен чыккан аскерлер дарбазаларды ачат жана Троя басып алынат.*

Азыркы тилдерде “*Троя аты*” сөзү касиетсиз белек маанисин билдирет.



Ахиллестин таманына тийген ок

“Илиада” дастанынын баш каарманы *Ахиллес* болуп саналат. Уулунун түбөлүктүү болушун калаган эне ымыркайын Стикс дарыясына матырып алган. Ошол учурда Ахиллестин апасы кармаган таманына суу тийбестен калган. Согуштардын биринде Ахиллес таманына тийген октон каза болгон. Ошол кездерден бери “Ахиллестин таманы” сөзү назик жерди билдирет.

Троя согушу аягына жетти. Гректер Трояны талап-тоношту жана мол олжолор менен үйгө кайтмакчы болушту. Алар Эгей деңизи аркылуу узак жана кооптуу жолдордон өтүүлөрү керек эле.

Троя аты.
Троялыктар аны шаарга алып киришүүдө





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Грецияда театр

Мындан эки жарым миң жыл илгери Грецияда театр дүйнөгө келет. “Театр” сөзүн грекчеден которгондо “оюндар үчүн жай”, “оюнкана” деген маанилерди билдирет. Оюндар майрамдарда гана уюштурулган. Эрте таңдан башталган оюндар күн бою уланат эле. Көрүүчүлөргө бир нече пьесалар коюлат эле.

Театрга кирүү үчүн арзыбаган оюн акы топтолгон. Кедей жарандарга театрга баруу үчүн акча берилет эле.

Сахнада бардык ролдорду эркектер гана аткарышкан. Тамаша катышуучулары шаңдуу, кайгылуу жана терс көрүнүштөгү түрдүү беткаптардан пайдаланган. Театрларда өз ара күрөш коюлган, адатта катышуучу адамдар каза болушу менен аяктоочу пьесалар **трагедия** дейилген. Грек драматургу **Софокл** “Король Эдип” жана “Антигона” сыяктуу эң белгилүү трагедияларды жазган.

Укмуш какшыктар, шаңдуу сахналар, назик юморго бай комедиялар болсо адамдын кемчилдиктеринин мыскылдаган. **Комедиялардын** эң белгилүү автору **Аристофан** эле.



Трагедиялардын автору Софокл



Комедиялардын автору Аристофан




Байыркы Грециянын театр беткаптары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Архитектура жана айкел жасоочулук



Байыркы грек айкел жасоочусу Фидий. *Заманбап сүрөт*

Гректер падышалар жана ак сөөктөр үчүн сарайлар жана мавзолейлер гана эмес, о.э, бардык адамдар пайдалануучу коомдук имараттарын да курган.

Айкелдер жана башка айкел жасоочулук чыгармалары шаар аянттары, ибадатканалар, жалпыга ачык сейилбактар жана стадиондорду да коздоп турган.

Ибадатканалар жана башка коом имарттары таштан курулган. Менчик үйлөр болсо кыштан жана паксадан курулган. Ибадатканаларга мамылар – **колонналар** өзүнчө көрк берген.

Греция айкел жасоочулары өз кудайлары жана атактуу аалымдары, Олимпия оюндарынын жеңүүчүлөрү же согушта жеңген каармандардын атына айкелдер жасаган.

Аңгемелерге ылайык, **Дедал** Минос деген падыша үчүн Лабиринт сарайды курган. Сарайга кирип, андан чыгуу жолун таап алуунун аргасы болбогон.

Грек айкел жасоочусу **Фидий** Акрополдогу ибадаткана – Парфенон курулушуна башчылык кылган. Парфенон имараты жана анын мамылары мрамор таштардан курулган. Илгери ибадатканага кирүү жолу – порталдын жогору бөлүгү гректер жогорку кудайларынын айкелдери менен коздолгон.



Минос падышасынын Лабиринт сарайы. *Заманбап сүрөт*

### Суроо жана тапшырмалар

1. Кайсы дастанда Гомер Троя аты жөнүндөгү уламышты сүрөттөйт? Сенин оюнча, ушундай окуя чындап болушу мүмкүн беле?
2. Байыркы Греция театры жөнүндө айтып бер.
3. Грек айкел жасоочулары жана алардын чыгармаларынан кайсыларын билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 31-§. БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯНЫН ААЛЫМДАРЫ ЖАНА ОЙЧУЛДАРЫ




## Илим

Байыркы Грецияда аалымдарды даанышмандар, жашоо устаттары катары билишкен.

Грек ойчулдары ааламдын түзүлүшү жана адамдын жашоосунун маанисин түшүндүрүүгө аракет кылган.




Белгилүү грек философу **Гераклит** жер бетиндеги бардык нерсе жалындан келип чыккан, деп уктурган. “Бир дарыяга эки жолу түшүү мүмкүн эмес”, “Бардык нерсе агат, бардык нерсе өзгөрүүчөн” деген белгилүү накыл сөздөр ага тиешелүү.



Фракиялык **Демокрит** деген философ Гераклиттин пикирине наразылык билдирип, ал бизди курчап турган бардык нерсе көзгө көрүнбөй турган майда-майда бөлүкчөлөр – *атомдордон* түзүлгөн деген маанидеги пикирди айткан.

Грек философу **Диоген** “Адамда эч кандай керектөөлөр болбостугу шарт” деген пикирди өз окуусуна негиз кылып алган. Жашоодогу бардык ыңгайлуулк утардан баш тарткан Диоген бир бочкада жашаган. Уламыштарга көрө, Македониялык Александр андан: “Сага кандай жардам беришим мүмкүн?” деп сураганда, Диоген: “Нары тур, мага күндү тосуп жатасың!” – деп кайmana сүйлөгөн экен.


Аалымдар — байыркы Грециянын даанышмандары.
*Заманбап сүрөт*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бардык замандарда аалымдар илимий маселенин чечимин тапкан грек физиги жана математиги **Архимеддин** “Эврика!” (“Таптым, таптым!”) кыйкырыгын кайталап жүрүшчү. Архимед жарыкты күзгү аркылуу чогултуп, Сиракузанын үстүнө чабуул жасап келе жаткан римдиктердин кемелерин күйдүрүп жибергени жөнүндө аңгеме бар. Архимед рычаг (тутка) мыйзамын иштеп чыккан жана белгилүү болуп кеткен бир сөздү айткан: “Мага таяныч чекитин таап бер, Жерди өзогунан чыгарып жиберемин!”



Архимед тарабынан римдиктердин кемелеринин күйдүрүп жиберилиши

Б.з.ч. V кылымда жашаган **Геродот** грек-перс согуштарына арнап “Тарых” деп аталган китеп жазган. Ушул китеп аркылу дароо эле белгилүү болуп кеткен. Байыртадан Геродотко “*тарыхтын атасы*” деген наам берилген.



**Суроо жана тапшырмалар**

1. Байыркы гректер аалымдарды кандай урматташкан?
2. Грек ойчулдары кайсы маселелерди түшүндүрүп берүүгө аракет кылган?
3. Грек аалымдарынын ойлоп табуулары жана ийгиликтери жөнүндө айтып бер.
4. Архимеддин “Эврика!” деген сөзүнүн маанисин түшүндүрүп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 32-§. БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯНЫН УЛАМЫШТАРЫ

## Уламыштар: чындык жана калп

**Уламыштар** (*грек тилинде "миф"*) мамлекеттин тарыхындагы байыркы доор жөнүндө көп нерселерди билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алар ааламдын жаратылуусу, Жер бетинде жашоо жана адамдын пайда болушу, каармандардын эрдиги жана деңиз саякаттары жөнүндө айтат.

Грек уламыштары түркүн-түстүү жана кызыктуу. Уламыштарда айтылышынча, илгери Жер бардык жактан деңиздер менен оролгон эле. Алгач алардын падышасы **Океан** деген титан болгон. **Атлант** деген титан, чоң асман күмбөзүн ийинине тиреп турган.

Гректердин аңгемелери **Геракл Ахиллес** сыяктуу эр жүрөк каармандардын эрдиги жөнүндө баяндайт. Алардын бардыгы чыдам, күч-кудурет жана акыл-идирек сыяктуу сапаттарга ээ болгон. Он эки эрдиги аркылуу Геракл Олимп тоосундагы кудайлар салтанатында сыймыктуу орунга ээ болгон экен.

**Ойлоп көр**

Текстти окуп, уламыштарда чындык жана калпты ажырат. Байыркы гректердин элестетүүлөрү. Атлант



Байыркы гректердин элестетүүлөрү. Атлант



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Уламыштардын каармандары**

**Титандар** (гиганттар)

**Сиреналар** (жарым куш, жарым аялдар)

**Кентаврлар** (жарым аттар, жарым адамдар)

**Циклоптор** (маңдайында бир көзү болгон айбаттуу жандыктар)

## Байыркы гректердин кудайлары

Байыркы гректер да алардын жашоосу жана айлана-чөйрө көзгө көрүнбөс сыйкырдуу күчтөргө көз каранды экендигине ишенген. Бул көрүнбөс күчтөрдү гректер **кудайлар** деп атаган. Кудайлар алардын Жер бети жана маркумдардын салтанатындагы жашоосунда башчы эле. Байыркы гректердин үч кудайы ааламга жетекчилик кылат эле: жогорку кудай деп эсептелген **Зевс** – асманда, **Посейдон** – деңизде, **Аид** – маркумдар салтанатында. Калган кудайлар болсо дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк, искусство жана поэзия, махабат жана сулуулуктун демөөрчүлөрү деп эсептелген. Согуш жана жеңиш, юстиция, уйку жана эрте таң шоола кудайлары, О.э, экинчи даражалуу **сатиралар жана нимфалар** деген кудайлар да бар болгон. Алар токойлор, дарыялар жана тоолордо жашаган деп элестетилген.

Гректердин элестетүүлөрүнө ылайык, кудайлар Түндүк Грециядагы **Олимп тоосунда** жашаган.

Гректер Олимп кудайларын адамдардай кызганчаак жана ырайымсыз, күндү той-тамаша жана оюн-күлкүдө өткөрөт, бири-бири менен тартышат, каалоо-эркине каршы баргандарды ырайымсыз жазалайт деп эсептеген. Ошондуктан да гректер өздөрү жараткан кудайлардан коркуп, алардын атына көптөгөн ибадатканалар куруп, курмандыктар клыган.




Олимпия тоосундагы кудайлардын жашоосун байыркы гректер ушундай элестеткен

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Гераклдын 12 эрдиги





> **Ойлоп көр**
>
> Сүрөттөргө кара жана Гераклдын 12 эрдиги жөнүндө айтып бер.



### Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы Грециянын тарыхын үйрөнүүдө уламыштар кандай мааниге ээ?
2. Гректер уламыштарда табияттын түрдүү кубулуштарын кандай түрдө түшүндүрүшкөн?
3. Гректердин жашоосунда кудайлар кандай мааниге ээ болгон?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV БӨЛҮМ
# б.з.ч. VI – б.з. III КЫЛЫМЫНДА ОРТО АЗИЯ

## 33–34-§. АХАМАНИЙЛЕРДИН ОРТО АЗИЯГА БАСКЫНЧЫЛЫК ЖОРТУУЛДАРЫ



Ханыша Тумарис

### Кир II жана анын баскынчылык жортуулдары

Кир II Орто Азия аймагын басып алууга аракеттенген биринчи перс падышаларынан болгон. Ал **Парфия, Маргыяна** жана **Бактрияны** басып алган. **Б.з.ч. 530-жылда** Кир II чоң аскер менен массагеттерге чабуул жасаган. Ушул доордо массагеттер урууларынын ханышасы **Томарис** эле.

Бул согуш жөнүндө “тарых атасы” Геродот мындай баяндайт: *“Бул согуш... бардык согуштардан да коркунучтуусу эле. Алгач ар эки душман күчтөр бири-бирине каршы согушчан катарга тизилип, жаадан ок атышкан. Октору аяктагандан соң, колдоруна канжар жана найзаларды алып, душманга каршы аттанышкан. Согуш узакка созулган. Эч ким чегинүүнү ойлобогон. Көп кан төгүлгөн. Акыры, массагеттер жеңе баштаган. Перс кошуундарынын көбү кырылган. Согуш аянтында Кир II нин өзү да каза болгон”.*

Кир II – массагеттер менен согушта курман болгон

- Парфия, Маргыяна жана Бактрияны басып алган
- Б.з.ч. 530-жылда Кир II массагеттерге чабуул жасаган
- Массагеттер урууларынын ханышасы Тумарис

### Дарий I нин сактарга каршы чабуулу

Дарий I бийлигинин биринчи жылы Маргыянада перс баскынчыларына каршы ири элдик козголоң көтөрүлгөн. Козголоңго **Фрада** башчылык кылган. Козголоңчулар менен перс кошуундарынын ортосундагы чечүүчү согуш **б.з.ч. 522-жылда** болуп өткөн. Фраданын өзү туткунга алынган жана өлтүрүлгөн. Бул окуя жөнүндөгү маалыматтар Бехистун аскаташ жазууларында жазылган.



Ахаманийлер кошууну



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Дарий I нин Бехистун жазууларындагы кабары

*“Маргыяна деген мамлекет мага баш ийбей койду. Маргыяналык Фрада аттуу бир адамды алар өздөрүнө башчы кылып дайындаган. Ошондо мен Бактрия сатрапы Дадаршиике чабарман жөнөтүп, “барып мени менсинбей койгондорду жеңүү керек” дедим.*

*Дадаршиш кошуундары менен маргыяналыктарга чабуул жасады. Мени Ахурамазда колдоду. Ахурамазданын эрки менен козголоңчулар кошууну бүткүл жеңилди”.*

Дарий I бийлигинин үчүнчү жылында сактарга чабуул жасаган. Бул чабуул жөнүндө да Бехистун жазууларында маалымат калтырган.

Ошол учурда бул чабуул жөнүндө тарыхчы **Плиен** (б.з.ч. II кылым) келтирген башка бир уламыш да бар. Сактардын уламышына негизделсек, анда баяндалышынча, перстердин алдына сак уруусунан болгон чабан – **Ширак** барган, ал перс кошуундарын өзүнөн башка эч ким билбей турган сокмок менен сактардын арт жагына баштап барууну айткан. Суусуз чөл-талаа аркылуу жети күн жол баскандан соң, суусуздук азабын тартып жаткан перстер өздөрүнүн алдангандарын сезип калышкан. Перстер баатыр чабанды өлтүрүшкөн. Дарий I нин сактарга чабуулу ийгиликсиз аяктаган.

**Ойлоп көр**

Ата журттун азаттыгы үчүн баскынчыларга каршы күрөшкөн Тумарис жана Ширак сыяктуу баатыр каармандарды эмне бириктирген?



Тынч калкка чабуул. *Заманбап сүрөт*



Дарий I нин Суза сарайындагы жаачыларынын сүрөтү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Дарий I**
- Б.з.ч. 522-жылда – Фрада козголоңун бастырган
- Сактарга каршы кол салган

## Полиен Ширак эрдиги жөнүндө

*“Кошуундар Ширак менен жети күндүк жолго түшүштү, суусуз кумдуу чөлгө ичкерилеп кирип барышты. Миңбашы Раносбат жол башчыдан сурады: “Улуу падышабызды алдап, көп сандуу кошуундарды бул суусуз чөлдүн койнуна жетелеп келүүгө сени эмне мажбур кылды? Бул жерлерде куш учса канаты, адам жүрсө буту күйөт. Же бир булак, же бир караан көрүнбөйт. Алдыга жүрүүнүн же артка тартуунун аргасы калбады”.*

*Ширак каткырып күлгөнчө мындай деп жооп берди: “Мен жеңдим. Сактарды кырсыктан куткаруу үчүн силерди суусуздук жана ачарчылык балеесине туш кылдым”.*



Ширактын эрдиги



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ахаманийлер мамлекетинин башкаруусу

Басып алынган мамлекеттерди баш ийдирип кармап туруу үчүн ахаманийлер бирдиктүү мамлекетти өзүнчө аймак – **сатрапияларга** бөлүп таштаган. Бул сөз персе “xshatra” – “аймак” сөзүнөн келип чыккан. Сатрапиялардын падышалары – **сатраптарга** чектелбеген бийлик берилген эле. Алардын көпчүлүгү Ахаманийлер династиясынын өкүлдөрү болгон.

Орто Азиянын перстер басып алган аймактары үч сатрапиялыкка бөлүнгөн. Ар бир сатрапиялыктан перс шахына жылдык олпоң-салык жеткирип берилген. Мындан сырткары, көз каранды калктар сарай жана ибадатканалардын курулушуна да тартылган. Салык катары күмүш, чарба малдары (жылкылар, төөлөр, койлор), кол өнөрчүлүк буюмдары (чопо идиштер, курал-жарак, жасалгалар), кийим-кече, кездемелер жана жаныбарлардын терилери берилет эле.

Дарий I жана анын мураскору Ксеркстин бийлиги доорунда ээлеп алынган аймактарда жашаган Орто Азиялыктар грек-перс согуштарында катышкан. Белгилүү Марафон согушунда **(б.з.ч. 490-жыл)** перс кошуундары катарынын борборунда болгон сактар ийгиликтүү согушкан.

Геродот перс шахы Ксеркстин башчылыгында гректерге чабуул жасаган Орто Азиялык аскерлер курал-жарактарын сүрөттөгөн. Бактриялыктар жаа жана найзалар менен, сактар канжар жана согушчан балталар менен, Харезмийлер жана согдийлер

### Ойлоп көр

Сенин оюнча, кайсы максат менен Ширак перстерди суусуз чөлгө баштап барган?



Аттуу жана жөө аскерлер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Массагеттердин кийим-кечелери жана курал-жарактары

Бактриялыктардыкы сыяктуу курал-жарактары менен согушка киришкен. Сактар жана Бактрия атчандары Ксеркс кошуунундагы эң жакшы аскерлерден болуп эсептелген.

## Геродоттун массагеттер жөнүндөгү аңгемеси

*"Массагеттер скиф (сак)тер сыяктуу кийинишет. Жашоо мүнөзү бирдей. Алар атта жана жөө согушушат. Адатта, ок-жаа, найза жана согушчан балталар менен куралданышат. Алардын бардык буюмдары жана аспаптары алтын жана жезден жасалган. Найзаларынын жана жаа окторунун учу жана аскердик балталары жезден жасалган. Баш кийимдери жана курлары алтын менен коздолгон. Аттары коргоочу соот менен жамынган, алар да жезден токулган.*

*Массагеттер дан эгишпейт, чарбачылык жана балык кармоо менен күн кечиришет. Аракс (Амударыя)та балык көп. Сүт ичишет. Алар ибадат кылуучу жалгыз теңир – Күн болуп саналат. Күн кудайына атты курмандык үчүн кылышат, кайраттуу теңирге кайраттуу жана тез чабуучу жандыкты курман кылуу керек деп эсептешет".*



Массагеттер



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маданияттын өнүгүүсү

Жазма жана археологиялык булактар б.з.ч. VI–IV кылымдарда Орто Азия элдеринин кол өнөрчүлүк, зергерлик, тигүүчүлүк, карапачылык жана куруучулук багыттарында жогорку даражага жетишкендиктеринен кабар берет.

Дарыялар өрөөндөрүндө **Көктепа** (Зарафшан), **Даратепа** (Кашкадарыя), **Хумбузтепа** жана **Көзалыкыр** (төмөнкү Амударыя өрөөнү) жана башка ушул сыяктуу байыркы кол өнөрчүлүк борборлору өнүккөн.

Жазма булактарда жез, темир минералдары казып алынганы, Орто Азиянын Чыгыш мамлекеттери менен байланышкан байыркы кербен жолдорунда алып барылган соода-сатык иштери жөнүндө кабар берилет. Соода кербендери каракчылардын кол салуусу жана талоончулугунан корголгон. Маанилүү соода жолдору өткөн дарыялардын кечүүлөрү жана тоо ашуулары аркылуу аскердик таянычтар курулган.



Көзалыкырдан табылган чопо казан





Алтын билерик. Амударыя казынасынан



Жасалгалар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Сузадагы сарайдын курулушу жөнүндө Дарий I жазуусу

*“Курулушта иштетилген алтын Сард жана Бактриядан алып келинди. Алмаз, сапфир жана лаал Согдианадан келтирилди. Колдонулган ток көк лаал Харезмден, күмүш жана жез Египеттен алып келинди”.*



Амударыя казынасынан айкелчелер.

**Б.з.ч. V–IV кылымдарда** Орто Азия аймагында алгачкы тыйын акчалар таралган. Зергерлик өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөнүнө бүгүнкү күндө Британия музейинде сакталып жаткан, 1877-жылда **Амударыя казынасынан** табылган алтын жана күмүш буюмдар даана мисал боло алат.

Ар бир шаарда ички чеп болгон. Шаардын айланасын ээлеген дыйкан чарбаларында ата уругуна таандык чоң үй-бүлөлөр күн кечиришкен. Дыйкандардын коргондору үй-жай жана чарба бөлмөлөрүнөн турган.

Археологдор шаар жана коргондордун айланасында талааларга суу алып келген каналдар жана арыктардын издерин тапкан.

Перс падышаларынын мавзолейлери.
Накши Рустам аскасы. Иран





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *Сырдуу “Амударыя казынасы”*

*1880-жылы май айынын биринде, Ооганстандын түштүгүндө кабулдан үч күндүк жолдо Пешоварга кетип жаткан Бухаралык соодагерлердин кербени не каракчылар кол салат. Кербенде алтын буюмдар болгон.*

*Соодагерлерден биринин кызматкери каракчылардын туткунунан качып, ушул аймактын англиялык аскердик-саясий орун басары капитан Ф. Бертон аскердик постун бутка тургузат. Бертон жардамчыларын жанына алып, каракчылардын артынан түшөт. Жарым түндө Бертон кокустан каракчылардын каршысынан чыгат. Алар олжону бөлүп жаткан эле. Ушул арадагы үңкүрдө кокустан пайда болгон аскерге каракчылар каршылык көрсөтө албайт.*


*...Индияда соодагерлердин баалуу нерселерин англиялыктар сатып алып, Британия музейине тапшырышкан.*

*1905-жылда Британия музейинин казыначысы О. Далтон Бухаранын соодагерлеринин казынасы жөнүндө “Окс казынасы” деген китеп жазды.*

*Соодагерлер сөзү боюнча, бул алтын буюмдар 1877-жылы **Кободиён** өрөөнүнөн, байыркы Бактрия жеринен табылган. Ал жогорку көркөм стилде иштелген алтын жана күмүш буюмдардын жыйнагынан турган. Бул жогорку деңгээлде иштелген сүрөт өнөрүнүн үлгүлөрү жана тыйындар илимде “Амударыя (Окс) казынасы” аты менен белгилүү.*

**Ойлоп көр**

Бактрия усталары тарабынан жасалган алтын ат арабага кара. Орто Азияда байыркы сүрөт өнөрү кандай деңгээлде өнүккөн?



Алтындан жасалган ат-араба

**Орто Азия Ахаманийлер доорунда**

- Өзүнчө (үч) сатрапиялыктар, башчысы – сатрап
- Даратепа, Көктепа, Хумбузтепа, Көзалыкыр
- Чарба, кол өнөрчүлүк жана соода байланыштарынын өнүгүүсү

### Суроо жана тапшырмалар

1. Кир II массагеттердин журтуна качан бастырып кирди?
2. Массагеттердин урууларын ким башкарган? Кир II кошуундары жана массагеттердин ортосундагы согушту сүрөттөп бер.
3. Дарий I ге каршы козголоң каерде башталган жана ким ага башчылык кылган?
4. Ахаманийлер Орто Азияда басып алынган аймактарында кандай милдеттерди белгилеген?
5. Ширактын эрдиги жөнүндө айт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 35–36-§. ОРТО АЗИЯ КАЛКЫНЫН ГРЕК-МАКЕДОН БАСКЫНЧЫЛАРЫНА КАРШЫ КҮРӨШҮ




Акинак

## Б.з.ч. IV кылымда македониянын өнүгүшү

**Б.з.ч. 336-жылда** Филипп II өлүмүнөн соң анын 20 жашка толгон уулу Александр Македониянын падышасы болот. **Б.з.ч. 334-жылда** ал Чыгышка чабуул баштаган, бул чабуул 10 жылга созулган. Ошол чабуулда ал Кичи Азия, Сурия, Египет, Иран жана Индияда чоң-чоң аймактарды басып алган. Македониялык Александр чоң аймакта грек маданиятынын таралуусуна мүмкүнчүлүк жаратуу максатында басып алынган шаарларга гректерди жайгаштырган.

## Орто азия элдеринин курал-жарак жана аскердик өнөрү



Согушчан айбалта – сагарис

Азиянын аскерлери согушка соот кийип киришкен, башында темир шлем болгон. Канжар (**акинак**) жана кылычтар, согушчан айбалта (**сагарис**) жана найзалар менен куралданган. Алыстан туруп согушуу каражаты катары жаадан пайдаланышкан. Душманга каршы чабуулду атчандар баштап берген. Аттуулар чабуул жасап жатып, душманга ок жана найзаларды жаадырган.

Чеп жана шаарларды коргоодо ок-жаа жана катапультадан пайдаланылган. Коргоо максатында таш жана бышырылган ылайдан даярдалган ядролор колдонулган. Шаарлар форттор жана окоптору болгон бекем дубалдар менен курчап алынган эле. Дубалдардын үстүндө жаачылар үчүн тратуарлар курулган. Сырткы дубалдар аркылуу жайгашкан тоголок форттордун ичинде да жаачылар жайгашкан. Суу толтурулган чуңкур жана кең кандек чепке баруучу жолду тосуп турган.



Орто Азиянын аскерлери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Александрдын баскынчылык жортуулдары

**Б.з.ч. 330-жылда** Македониялык Александр байыркы Перс мамлекетинин Ахаманийлер династиясынан болгон акыркы падыша **Дарий III** нүн кошуундарын талкалаган. Ал Индияга чабуул жасоодон мурда кошуундардын арт жагын коопсуздандыруу максатында **Окс** (Амударыя) артында жашоочу элдерди баш ийдирүүнү чечет.

Биринчи болуп анын жолун тоскон шаар Бактриянын борбору **Бактра (Зариасп)** болду. Бул убакта Ахаманийлер династиясынын өкүлү Бесс Бактриянын сатрапы эле. Ал Бактра шаарын душманга таштап, Окстун артына качып өткөн.

**Ойлоп көр**

Спитамен башчылык кылган согдийлер кошуунуна Бактриялыктар жана сактар эмне үчүн кошулган?

## Мароканданын басып алынышы

**Б.з.ч. 329-жылда** грек-македондор Мароканданы ээлеген. Александр кошуундардын бир бөлүгүн ушул жерде калтырып, өзү болсо **Курушкат (Кирополис)** шаарын басып алуу үчүн негизги күчтөр менен Сырдарыя жээктерин карай жүргөн. Аңгемеге көрө, бул шаарга перс падышасы Кир II негиз салган.

Согдиана эли баскынчыларга каршы күрөшкө чыккан. Тез арада согдийлерге Бактриялыктар жана сактар кошулган. Козголоңго таланттуу аскер башчы **Спитамен** башчылык кылган.

Кыйла кошуун топтолгон Спитамен Мароканданы курчоого алган. Александр курчоодо калгандарга жардам катары үч миңге жакын аскерден турган кошуун жөнөткөн. Байыртада **Политимет** деп аталган Зарафшан дарыясынын жээгинде македониялыктарга буктурма койгон Спитамен душман тобун толук кырып таштаган. Ошондо Александрдын өзү козголоңду бастырууга аттанган. Гректердин чоң күчтөрү жакындашып келе жатканынан кабар тапкан Спитамен курчоону таштап, кошуундарын чөлдү карай баштап кеткен.

Македониялык Александр өз кошууну менен





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сактарга каршы күрөш үчүн Александр **Яксарт-Сырдарыя** жээгиндеги, Хожанд жакынында чеп курууну буюрган. Бул чеп **Александрия Эсхата** (Четки Александрия) деп аталган.

### Ойлоп көр

Спитамен кантип Македониялыктардын сан жагынан өзүнөн көп болгон бөлүгүн жеңилүүгө учурата алган?

**Б.з.ч. 328-жылы** күзүндө Спитамендин Александр менен чечүүчү согушу болуп өткөн. Теңсиз согушта Спитамен жеңилип, дагы чөлгө чегинген. Ошол жерде көчмөн уруулардын башчылары аны чыккынчыларча өлтүрүшкөн.

Спитамен козголоңу бастырылса да, Согдианада грек-македонтар биринчи жолу жеңилүүгө учураган. Александр жергиликтүү ак сөөктөр менен байланыш орнотуу жолдорун издеген. Согд ак сөөктөрү – Хориен жана Оксиарттын Хисар тоолорунда жайгашкан тоо чептерин колго киритип, Оксиарттын кызы **Равшанакка (Роксана)** үйлөнгөн. Ошентип, Македониялык Александр абройлуу Согд ак сөөктөрүнөн бири менен тууган тутунуп, Оксиартты Бактрия аймактарынан биринин акими кылып дайындалган.

Орто Азия жерлерин басып алуу үчүн Александр дээрлик үч жыл урунган, бирок анча чоң болбогон аймакты: Маргыяна, Бактрия, Согдиана, азыркы Бекабад жана Хожанддын арасында Сырдарыя жээктерин баш ийдире алган. Харезм, Ташкент өрөөнү жана Фергана өз алдынча боюнча калган.



Македониялыктарга кырсык жеткирген согдийлердин жаа октору



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Өч

*Александрдын аскерлери Зарафшан дарыясына алып баруучу жолдон чаң-тозон көтөрүп келчү.*

*...Кокустан октор зуулдап уча баштады. Шактардын арасынан жаа октору атылат эле. Душман кокустан чабуул жасады. Македониялыктар корккудан катып калды. Дагы буктурма!...*

*Карандын буйрук аралаш кыйкырыгы таасир кылбады. Дүрбөлөңгө түшкөн македондор ыктыярларын колдон чыгарып, кача баштошты, бирок душмандын жөө аскерлери камышзардын арасынан алардын тушуна чыгып, айбалталарын чебердик менен ишке салды: душмандарды жер тиштете баштады.*

*Фракиялык, агриан, пеон, Македониялык, фессалиялык жана иллириялыктардан эки миң аскер Зарафшан жээгинде түбөлүк калып кетет. Өч алуу өзүн күттүрбөдү. Өлгөн аскерлерди Олимп тоосундагы кудайлар да эллиндер армиясынын катарына кайтарууга аргасыз болду. Бул чоң жеңилүү грек-македон кошуундарынын жеңилбестиги жөнүндөгү ишенимди жокко чыгарды.*

**Ойлоп көр**

Сенин оюңча, Александрдын аскерлери кандай жазаланган? Тексттен пайдаланып айтып бер.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Спитамен.
*Заманбап сүрөт*

*Спитамен өз ийгилигин улантып, македониялыктарды Мароканда чебинде коргонуу чараларын көрүүгө мажбур кылды. Азиялыктардын атчандары македондордун үстүнө ат салды. Кратер чабуул жасап келе жаткан атчандарга каршы таш атуучу куралдарын ишке салат. Атылган жүздөгөн таштар атчандардын катарын жабыркатат. Коркуп калган аттар кишенеп, бышкырганча кулап түшө баштаашты. Бирок атчандар өздөрүн жоготуп койбоду. Аттарынан секирип түшүп, өздөрүн дароо согушка даярдашты.*

*Фессалия атчандары Бактрия атчандары канатына жортуул жасады. Бактриялыктар чегиништи. Дүйнөнүн эң тандалма атчандары болуп эсептелген Фессалия аскерлеринин соккусуна азиялыктар чыдай алышпады. Кратердин көңүлү жайына түштү.*

*Фессалия атчандары душмандын согуш өнөрлөрүн бир аз эстен чыгарып, аларды куугунтуктоону улантышкан. Атүгүл атта шамалдай учуп бараткандa да сактар, бактриялыктар жаадан катасыз ок ата алууларын алар унутушкан. Эллиндер жаадан ок үзүүдө Гераклды теңи жок деп эсептешкен. Окстун артында ошол сыйкырдуу каармандан да чебер жаачылар жашайт экен.*




Македониялык Александрдын жортуулдары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Баскынчылыктын кесепеттери

Грек-македондор кошуундарынын баскынчылык жортуулдары Орто Азия жерлерин урандыларга айландырган, калктын чоң бөлүгү кырып ташталган, көптөгөн шаарлар кыйратылган.

Македониялык Александр Орто Азияда бир канча шаарларды курдурган. Бул шаарлар анын аты менен **Окстагы Александрия, Александрия Эсхата, Маргыяна Александриясы** жана башка түрдө аталган.


Алардын кээ бирлери кыйратылган Согдиана жана Бактрия шаарларынын ордунда, башкалары болсо таяныч чептер катары жаңыдан курулган. Бул шаарларда грек-македондордун жөө жана атчан аскерлери жайгашкан. Бул аскерлердин сейректешкен катарлары Македония тартибинде куралдандырылган Бактрия жана Согдиана жаштарынын эсебинен толтурулган.

Жергиликтүү ак сөөктөрдүн үй-бүлөлөрүнөн жаштар, алсак, Роксананын иниси Итан македониялыктардын тандалма атчан гвардиясы – **агемага** кабыл алынган. Грек тарыхчысы Арриандын жазышынча, “өз найзаларынын ордуна алардын баары македониялыктардын найзалары менен куралданды”. Жаш аскерлерге аскердик иш менен чогуу грекче окуу-жазууну үйрөтүшкөн. Кийин болсо алар грек-македондор курган чептерде аскердик кызматты өтөгөн.

Бара-бара кол өнөрчүлүк жана соода кайра калыбына келген. Жергиликтүү жана грек маданияттары салттарынын кошулушу байкалган. Ушундай түрдө **Салавкийлер, Грек-Бактрия жана Парфия** сыяктуу байыркы мамлекеттер өнүккөн.

**Ойлоп көр**

Эмне үчүн Согдиана жана Бактрия жаштарын аскердик иш менен чогуу окуужазууну билүүгө үйрөтүшкөн?




### Суроо жана тапшырмалар

1. Орто Азиялык аскердин куралдарын мүнөздөп бер.
2. Б.з.ч. VII-IV кылымдарда Орто Азия шаарлары кандай көрүнүштө болгон? Аларды санап бер жана картада көрсөт.
3. Спитамен козголоңу качан болуп өттү? Козголоң кандай аяктады?
4. Грек-македондордун кошуундарынын Орто Азияга бастырып киришинин терс кесепеттерин сана.
5. Картада Македониялык Александрдын Орто Азия аркылуу өткөн жолдорун күзөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 37-§. САЛАВКИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИ ЖАНА ГРЕК-БАКТРИЯ ПАДЫШАЛЫГЫ

## Орто азия салавкийлер мамлекетинин курамында

**Б.з.ч. 323-жылы македониялык Александрдын мамлекети талкаланып кеткен**

- Македония
- Египет
- Сирия (Салавкийлер мамлекети)

**Б.з.ч. 323-жылы 13-июнда** Македониялык Александр каза болгон. Ал курган мамлекет үч бөлүккө: **Македония, Египет** жана **Сирияга** бөлүнүп кеткен. Бул мамлекеттер Александрдын эң жакын аскер башчылары тарабынан башкарылган.

Узакка созулган өз ара согуштардан соң **б.з.ч. 312-жылда** македониялык Александрдын аскер башчыларынан бири **Салавк** Вавилондун (Сирия мамлекети) падышасы болду. Салавк мамлекетинин курамына Месопотамия, Иран, Парфия, Бактрия, Согдиана жана Маргыяна кирет эле.

Салавк өз мамлекети курамына кирген Орто Азиянын өзүнчө аймактарды сатрапияларга ажыраткан. Мамлекетти коргоо жана кошуундарды түзүү менен мурдагы аскер башчылардан дайындалган **стратегдер** алектенет эле.

Салавк өз уулу **Антиохту** Чыгыш аймактар – Парфия, Маргыяна, Бактрия жана Согдианага өкүл кылып дайындаган. Салавктын өлүмүнөн соң Антиох чоң мамлекеттин башында туруп, аны 20 жылга жакын башкарган.

Падыша Антиох Салавк жана **Апама** – Спитамендин кызынын уулу эле. Ханыша Апама Салавкийлер мамлекетинде белгилүү болгон.




Салавкийлер мамлекети



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Урандылары бүгүнкү Сириянын аймагында жайгашкан шаар анын атына **Апамея** деп аталган.

Балалык доорунда Антиох Согдиана жөнүндө апасы айтып берген аңгемелерди уккан. Эне тарабынан Согд анын ата-бабаларынын жери болгон. Македониялык Александрга каршы күрөшкөн Антиохтун атактуу чоң атасы Спитамендин аты жана атактуу уруусу Согдианада эң байыркылардан бири саналган. Ошону менен бирге, Спитама – Чыгышта байыркы зардуштийлик динине негиз салган Заратуштра уруусунун да аты болуп саналат. Согдийче "**Спитамена**" атынын тамырлары авесто тилинде "Спента-Мана" – "Ыйык Рух" маанисин билдирген.

Акырындык менен Согдиана, Бактрия жана Маргыянада тынч жашоо кайра калыбына келе баштаган. Бул жерлерде жаңы чептер жана шаарлар курулган, соода-сатык, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк өнүгө баштаган. **Бактра, Мароканда, Маргыяна Антиохийси (Марв), Термез** ири шаар жана маданият борборлоруна айланган.

Соода жолдору аркылуу жайгашкан чептер чоң мааниге ээ болгон. Термезге жакын жердеги Амударыянын оң жээгинде жайгашкан **Кампиртепа чеби** ушулардын катарынан болуп саналган. Археологдордун айтышынча, чеп македониялык Александрдын Согдианага жортуулдары доорунда Окс – Амударыядан өтүү жеринде курулган. Коргондун ичинде соода кербендерине кызмат көрсөтүү үчүн ылайыкталган дан кампасы болгон.

Байсун тоолорунда **Узундара чеби** жайгашкан. Ал таштан курулган коргоо дубалдары менен оролгон. Бул жерде Бактрия жана Согдиананы байланыштырып турган маанилүү тоо жолун корукталган грек-македон аскерлердин гарнизону жайгашкан. Түрдүүчө археологиялык табылмалар аскерлердин турмушу жөнүндө айтып берген. Бул табылмалар тамак бышыруу үчүн ылайыкташкан чопо казандар жана суу идиштер, чепте сакталган чоң идиштер – көзөлөр, тиричилик буюмдар жана салавкийлер жана грек-Бактрия дооруна тиешелүү күмүш жана жез тыйындардан турган.






Диодоттун алтын тыйыны





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Падыша Евтидем тыйыны



## Грек-бактрия мамлекети

**Б.з.ч. 250-жылда** Бактрия Салавкийлер мамлекетинин курамынан бөлүнүп чыккан. Байыркы доордун тарыхчыларынын кабар беришинче, бир канча Бактрия шаарларынын падышасы болгон **Диодот** өзүн падыша деп жарыялаган. Ушул окуядан баштап Грек-Бактрия мамлекетинин тарыхы башталган. Б.з.ч. 250-жылда Салавкийлер мамлекетинин курамынан бөлүнүп чыккан Парфия Бактриянын атаандашына айланган.

Бактриядан сырткары, Грек-Бактрия падышалыгы курамына Согдиана жана Маргыяна да кирген.

Диодоттон кийин Грек-Бактрияда бийлик мамлекет тарыхында сезилерлүү из калтырбаган **Евтидемге** өткөн. Евтидемдин уулу **Деметрийдин** бийлиги доорунда Грек-Бактрия падышалыгы эң чоң чек араларга ээ болгон. Индиянын бир бөлүгү бул мамлекетке кошуп алынган.

Парфияда бийлик **Митридат I** колуна өтүшү менен ал Бактрияга аскердик кысымга алууну күчөткөн. Грек-Бактрия мамлекети тынымсыз согуштар алып барууга мажбур болгон жана бул жагдай анын күчсүздөнүүсүнө себеп болгон. Мындан пайдаланган





Грек-Бактрия падышачылыгы. Б.з.ч. II кылым



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Байыркы грек шаары Айханум. Бактрия. *Кайра калыбына келтирилген*

**Ойлоп көр**

Грек-Бактрия мамлекетинде соода-сатыктын жандануусуна эмне себеп болгон

көчмөн юечжи уруулары б.з.ч. **140-130-жылдар** аралыгында Грек-Бактрия мамлекетин басып алган

Грек-Бактрия мамлекети 120 жыл жашаган. Бул доордо кол өнөрчүлүк жана соода-сатык өнүккөн, шаарлар курулган. Бактрия, Согдиана жана Маргыяна кол өнөрчүлөрүнүн продукциялары көптөгөн коңшу шаар жана мамлекеттерде пайда болгон. Грек-Бактрия мамлекетинде падышалардын сүрөтү түшүрүлгөн тыйындар чегилген. Дажладагы Салавкиядан Бактрияга чейин жол курулушу аяктагандан соң, байыркы Чыгыштын көптөгөн мамлекеттери менен соода-сатык байланыштары жанданган. Бактрия аркылуу Кытайдан Индияга, о.э, Улуу жибек жолунун Түштүк бөлүгүнө соода жолу өткөн.




**Суроо жана тапшырмалар**

1. Македониялык Александрдын мамлекети эмне үчүн жана кайсы эгемен мамлекеттерге бөлүнүп кеткен?
2. Салавк жана Антиох жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Грек-Бактрия мамлекетинин тарыхында көчмөн юечжилердин орду кандай болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 38–39-§. БАЙЫРКЫ ХАРЕЗМ



Дубалга сүрөт.
Окчахан чеби. Б.з.ч. II-I
кылымдар



## Харезм мамлекети

**Б.з.ч. IV кылымда** Харезм Ахаманийлер мамлекетинен бөлүнүп чыгып, эгемендүү мамлекетке айланган. Македониялык Александрдын бийлиги доорунда да Харезм мамлекети эгемендүү эле. Байыркы грек тарыхчысы **Арриандын** айтышынча, бул доор Харезмде **Фарасман** падышалык кылган.

**Б.з.ч. IV–III кылымдарда** Харезм Орто Азияда шаар куруучулук жана архитектура кең өнүккөн маанилүү борборго айланган. Мамлекеттин чек араларында жана соода кербендери аркылуу чептер курулган. Харезмдин **Хива, Жанбаскалаа, Базаркалаа** жана башка шаарларында салабаттуу жана кооз куруучулук иштери аткарылган.

Шаарлар бекем коргонуу дубалдары менен оролуп, дубалдын бурчтарында кароол мунаралар курулган. Борбордон өткөн көчө шаарды эки бөлүккө бөлгөн, андан болсо айланага көчөлөр кеткен, маалелер бири-биринен ажыралып турган. Борбордук аянтта кооз сарай жана ибадатканалар жайгашкан. Харезм мамлекетинде аскердик иш, чарба жана кол өнөрчүлүк багытынын өнүгүүсүнө чоң көңүл бурулган.



Койкырылганкалаа.
Казылмалар жана кайра калыбына келтирилген абалы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чарба жана кол өнөрчүлүк

Бул өлкөнүн элинин айыл чарбасынын негизин жасалма сугарма дыйканчылык жана чарбачылык түзгөн. Шаарлар жана дыйканчылык үй-коргондорунун айланасын талаалар, бактар жана жүзүмзарлар курчап турган. Амударыядан узундугу 40-50 километрге жете турган кең сугаруу каналдары чыгарылган. Харезмдиктер буудай, арпа жана таруу эгишкен. Өзүнчө чептерде дан сактоо үчүн ылайыкталган чоң кампалар жайгашкан.

Харезмде кол өнөрчүлүк өнүккөн: карапачылык, темир жана жез аспаптар, курал-жарак жана зергерлик буюмдары даярдалган. Харезм калкы Согдиана, Маргыяна, Бактрия жана чөл көчмөндөрү менен жакындан соода мамилелерин орноткон. Бул өлкөдөн маанилүү кербен жолдору өткөн. **Б.з.ч. I кылымда** жана биздин замандын алгачкы кылымдарында Харезмде күмүш жана жез тыйындар даярдалган. Булардын бардыгы соода байланыштарынын өнүгүүсүнө жардамдашкан.



Байыркы Харезмдиктердин түспөлдөрү. *Кайра калыбына келтирилген*



Харезм чебинин дубалдары



Айкел түрүндөгү оссуарий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Искусство, жазуу жана дин



Чопо идиштер

Байыркы Харезм сарайлары жана ибадатканалары дубалга илүүчү сүрөттөрү жана айкел жасоочулуктун жогорку искусствонун үлгүлөрү менен кооздолгон.

Амударыянын оң жээгиндеги **Окчахан чебинде (б.з.ч. II–I кылымдар)** сарай жана ибадаткана жайгашкан. Ибадатկананын тротуарларынын дубалдары адамдар, чөптөр жана атчандардын сүрөтү түшүрүлгөн түркүн-түстүү сүрөттөр менен капталган. Айрыкча, 30 каармандын портрети өзүнчө ажыралып турган, алардын көпчүлүгү куш формасындагы таажы кийдирилген абалда сүрөттөлгөн.

Бул имараттарды куруу үчүн мамлекеттин бардык аймактарында өндүрүлгөн чийки кыштар чоң өлчөмдө иштетилген. Курулушта архитекторлор, сүрөтчүлөр жана айкел жасоочулар катышкан.

**Биздин замандын II-III кылымдарында** падышалар шаары – Харезм падышаларынын сарайы **Топураккалаа** курулган. Анын түндүк бөлүгүндө чоң сарай жана ибадатканалар жайгашкан. Сарайдын бөлмөлөрү байыркы кудайлар, падышалар, аскерлер, музыканттар, жаныбарлардын сүрөттөрү менен кооздолгон. Залдардын биринде дубалды бойлой сөрүдө боёлгон ылай айкелдер орнотулган. Алардын жалпы саны 115 даана болгон.



Байыркы Харезм чептеринин урандылары



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Орто Азиядагы эң байыркы жазуу Харезм аймагынан табылган. **Айбайыркалаа (б.з.ч. V–IV кылымдар)** эстелигинен көзөнүн сыртына жазылган жазуунун үлгүсү буга мисал болот.

Кийинки доорлордо жазуулар кара сыяда чопо, сөөк, жыгач тактайларга жана булгаарынын бетине жазылган. Оромий алиппесине негизделген байыркы Харезм жазуусу 20 тамгадан түзүлгөн.

Айыл чарбасы, кол өнөрчүлүк жана архитектуранын өнүгүүсү практикалык билимдерге негизделген. Ошондуктан Харезмде астрономия, геометрия, математика сыяктуу так илимдер өнүккөн. Ибадатканалардын алдындагы мектептерде окуу-жазууга жана арифметикалык эсептөөгө үйрөтүшкөн. **Топураккалаа** дубалындагы жазуулуу тери оромдорун көтөрүп турган кечил-каллиграфтын сүрөтү көңүл бурарлык.

**Б.з.ч. III кылымда** Харезмде бекем чеп – Койкырылганкалаа курулган. Чептин ибадатканасынан дин кызматкерлери асман телолорунун кыймылын күзөтүшкөн. Харезмдик кечил-астрономдор, египеттик дин кызматкерлери Нилдин ташкындоо убагын



Харезм аскеринин бөртмө сүрөтү. Рустамдын сүрөтү (Naqshi Rustam). Иран. Б.з.ч. V кылым



Байыркы Харезм жазуусу



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Дубал сүрөт. Топураккалаа. Биздин замандын II-III кылымдары

**Байыркы Харезм**

Ибадатканалар: Койкырылганкалаа, Акчаханкалаа, Базаркалаа, Топураккалаа

Шаарлар: Хива, Жанбаскалаа, Базаркалаа, Топураккалаа

Б.з.ч. V–IV кылымдар: байыркы Харезм жазуусу Айбойыркалаа

Б.з.ч. IV кылым, эгемен Харезм мамлекети

билишкен сыяктуу, Амударыя суусунун деңгээлинин көтөрүлүү убактысын белгилеп беришкен. О.э, алар эгин эгүү, көчөт тигүү жана түшүмдү жыйноо сезондорунун башталышын да так билген.

Харезм аймагында **зардуштийлик окуусу** кеңири жайылган. Орто Азияда зардуштийлик көмүү ырым-жырымдары менен байланыштуу эң байыркы **оссурийлер – сөөк салынуучу идиштер** Харезмден табылган. Харезмдиктер жер, суу жана отко сыйынышып, бул ыйык элементтерди бартташкан.

Харезмдин көөнө шаарларынан суу жана түшүмдүүлүктүн кудайы – **Анахитанын** символун өзүндө чагылдырган көптөгөн чопо айкелчелер табылган.

Биздин замандын I кылымында Харезмде иштеп чыгылган жергиликтүү календардан Харезмдиктер VIII кылымга чейин чейин пайдаланышкан.



Харезмдик аскердин башынын сүрөтү. Биздин замандын I кылымы

### Суроо жана тапшырмалар

1. Харезм Ахаманийлер мамлекетинен качан бөлүнүп чыккан?
2. Байыркы Харезмдин шаарлары жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Харезмдин көркөм өнөрү жөнүндө айтып бер.
4. Харезмдиктердин чарбачылыгы жана кол өнөрчүлүгү жөнүндө эмнелерди билесиң?
5. Байыркы Харезм маданияты жана дини жөнүндө аңгеме түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 40-§. КАНГ ЖАНА ДАВАН МАМЛЕКЕТТЕРИ

## Канг мамлекети

Кытай булактарында **Кангха (Канг)** мамлекети **Кангюй** деп аталган. Б.з.ч. III кылымда ага сактар негиз салышкан. Археологдор аныктагандай, Ташкент аймагынын Аккоргон районунда **б.з.ч. III кылымда** курулган **Канка** шаар-чеби сактардын мурдагы борбор шаары **Кангдиз** болгон. Кытай булактарында бул шаар **Битян** деп аталган.

Канг мамлекети аймактары ортоңку Сырдарыянын жээктерин бойлой жайгашкан жерлерди камтыган.


**Б.з.ч. II кылымдын** аягында Канг кудуреттүү мамлекет бирикмесине айланган. Анын өкүмдарлары өз тыйындарын соктурушкан. Канг мамлекетинде аскердик гарнизондор, чеп, ибадатканалар, соода жана кол өнөрчүлүк кварталдары курулган.

Мамлекеттин маданий борборлорунан бири Ташкент аймагы болчу. Дал ушул аймакта отурукташкан дыйканчылык жана чарбачылык маданияты өнүккөн.

Адамдар буудай, арпа жана күрүч эгишкен. Аймакты курчаган тоолордон шаарларга темир, жез, калай жана күмүш жеткирип берилген. Ушундай түрдө карапачылык, курал жасоо, токуучулук жана зергерлик сыяктуу кол өнөрчүлүк тармактары өнүккөн.

**Канг, Кангха, Кангюй, б.з.ч. III – биздин замандын III кылымдары**

- Борбору: Кангдиз (Битян), Канка
- Биздин замандын III кылымында майда мүлктөргө бөлүнүп кеткен



Аялдын чопо айкелчеси. Б.з.ч. I-II кылым



Согуштун сүрөтү. Б.з.ч. I кылым



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



Кангдын тамгасы

Кангдыктар от жана күнгө сыйынышкан. **Б.з.ч. II кылымда Шаштепада** айлана түрүндө от ибадатканасы курулган. Айлана формасы күндүн символу саналган.

Такыр талааларда чарбачылык чоӊ мааниге ээ болгон. Көчмөн уруулар эчки-койлор жана төөлөрдү багышкан жана жылкычылык менен алектенишкен. Алар териден бут кийим тигип, жүн кездемеден кийимдер жана килемдер даярдашкан. Дыйкандар жана чарбачылар айыл чарба жана кол өнөрчүлүк продукциялары менен өз ара алмашышкан.

Канг аймагынан Улуу жибек жолунун түндүк тармагы өткөндүгү мамлекеттин экономикасы жана соода-сатыктын өнүгүүсүнө шарт жараткан. Биздин замандын **III кылымга** келип Канг мамлекети майда мүлктөргө бөлүнүп кеткен.



Шаштепа ибадатканасы. Ташкент. *Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Даван мамлекети

Даван мамлекети (Кытай булактарында бул аймак ушул аталышта тилге алынат) болжолдуу, **б.з.ч. III кылымда** пайда болуп, Фергана өрөөнүндө жайгашкан.

Даван жөнүндө маалыматтар Кытай булактарында кеңири жарытылган. Бул жерге келген Кытай элчиси **Чжан Сзян** мындайча жазган: "Даванда чоң-кичине 70 шаар бар, анын калкынын саны бир нече жүз миң кишиден турат". О.э, элчи давандыктар алектенген иштер жөнүндө бул мамлекеттин калкы абдан меймандос жана дили ачык адамдар экендиги жөнүндө маалымат берген.


Чопо идиш. Биздин замандын I-II кылымдары

Кытай өкүмдарлары бул мамлекетти басып алмакчы болушкан. Аскердик чабуулдардын биринде алар Даван мамлекетинин борбору **Эршини** колго киргизишкен, бирок калкынын олпоң төлөөсүнүн эсебинен аны таштап чыгууга мажбур болушкан.

Даван мамлекети Кытай жана Батыш өлкөлөрү менен боло турган эл аралык соодада маанилүү орун туткан. Айрыкча, Фергананын асыл тукум аттары Кытай өкүмдарларын өзүнө тарткан. Аттардын породасынын бирине атүгүл алар "**Асман аттары**" деп ат беришкен. "**Асман аттары**" күчтүү жана күлүк болушкан.


Тоо капчыгайын аралап Даван жана Кытайды туташтыруучу жол өткөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ойлоп көр**

Эмне үчүн Кытай императорлору Даван аттарын "асман аттары" деп аташкан?

## "Асман аттары" себеп болуп өткөн согуштар

*Байыркы Ферганада "асман аттары" тукумунан тараган асыл тукум аттар багылган. Уламыштарга көрө, Давандын тегерегиндеги тоолордо жапайы аттар жашаган. Аларды тутуу жана колго үйрөтүүнүн аргасы болбогон. Ошондуктан асыл тукум бээлерди тандап, ошол тоолорго айдап жиберишкен. Бээлер менен жапайы айгырлардан – "асман" аттары тараган. Тянь-Шань Кытай тилинде "көк тиреген тоолор" деп которулат. Бул ат аттарга да өткөн.*

*Б.з.ч. II кылымдын аягында бул асыл тукум аттардын даңкы Кытайга чейин жеткен. Аларды "канаттуу аттар" да деп аташкан. Чуркаганда алардын денесинде тер ордуна кан тамчылары көрүнгөн.*

*Кытай жылнаамасында мындай жазылган: "Даван мамлекетинин Эрши шаарында укмуштуудай аттар бар экени жөнүндө сарайга кабар келди. Императордун "асман" аттарга кызыгуусу артты: ал өзүнүн ыйык урпактан жана зыян көрбөс экенин адамдардын аң-сезимине сиңдирмекчи болду. Ал үчүн асманга чыгууда "асман" аттары кошулган арабага муктаж болуп калды".*

*Бирок Даван мамлекети бул аттарды жашырды, Кытай элчилерине бергиси келбеди. Мына ошондо император өзүнүн Че Лин деген балбанын элчи кылып, белек-бечкек жана алтындан жасалган аттын айкели менен Даванга жөнөттү. Кантип болбосун Эрши шаарынын аргымактарын колго киргизиши шарт болчу.*



Аттын сүрөтү. Аскадагы сүрөт. Фергана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Даван өкүмдары элчинин талабын четке каккан. Бул каршы жооп төрт жылга созулгандан соң, Даван менен Кытайдын ортосундагы согушка себеп болгон.*

*Кытай аскерлеринин Даванга биринчи чабуулу жеңилүү менен аяктаган. Экинчи чабуулда Кытай өкүмдарынын кошуундары 60 миң аскер эле. Бул аскерлердин катарлата терилген куралы жана тамак-аш арткан камсыздоочу кербендери бар эле. Жылнаамачы "бүткүл мамлекет аракетке келген болчу" деп жазган. Даванды көздөй 50 аскер башчысы өз кошуундары менен аттанды. Давандыктарды кокусунан басып алуу үчүн алар тез ылдамдыкта жүрүштү. Алар Эрши шаарын курчоого алышты. Шаарга келүүчү суунун жолун тосушту жана курчоонун ыркынчы күнүндө шаардын сырткы дубалын бузушту. Даван өкүмдары чепке жашырынып алды жана тынчтык келишими жөнүндө сүйлөшүүлөрдү баштады. Кытайлыктарга аргымактардан берүүгө ыраазылык берди. Антпесе, бардык аргымактарга кыргын салмакчы болушту. Канг мамлекетинен жардам жетип келишинен чочуп, кытайлыктар тынчтык келишимине ыраазы болушту.*

*Кытай аскерлери Эршиге бастырып кирбестен, зарыл өлчөмдөгү аттардан олпоң катары алып, өз үйүнө кайтышты.*



Аттын айкелчеси





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Даван б.з.ч. III– биздин замандын III кылымдар**

Борбору: Эрши, 70 тен ашык шаар, Шоробашат, Үчкоргон

«Асман» аттары себеп Кытай менен согуштар

*“Асман аттары” үчүн болуп өткөн төрт жылдык согуш ушул менен аяктаган.*

Археологдор тапкан далилдер Кытай жылнаамаларындагы маалыматтарды тастыктаган. Көп сандуу элге, жакшы куралданган жана машыккан кошуундарга ээ болгон Даван **б.з.ч. II–I кылымдарда** жогору өнүккөн мамлекетке айланган. Отурукташкан эл жер айдап, дан жана шалы эгишкен, бакчылык жана жүзүм жетиштирүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен. Кытайлыктарды өздөрүнө белгисиз болгон Давандагы беде жана жүзүм таң калтырган. Булактарда мындай маалыматтар келтирилген: “Кытай элчиси үрөн келтирди”. Ошондо Кытай өкүмдары сарайдын айланасындагы түшүмдүү жерге беде жана жүзүм эккен. Археологдор Кытайда анар жана өрүктүн пайда болушун Даван менен байланыштырган. Байыркы Ферганада дыйканчылык маданияты жогору деңгээлде өнүккөн. Фергана өрөөнүндө **Шоробашат, Ахсикент, Үчкоргон** сыяктуу шаар урандылары үйрөнүлгөн.

Аалымдардын аныкташынча, **биздин замандын III кылымында** Даван мамлекети жоюлган.


Даван аттарын минип жүргөн кытайлыктар

### Суроо жана тапшырмалар

1. Канг мамлекети качан жана каерде түзүлгөн?
2. Даван мамлекети жөнүндө эмне билесиң?
3. Канг жана Даван калкынын алектенүүлөрү жөнүндө айтып бер.
4. Канг мамлекети качан талкаланып кеткен?
5. Даван мамлекетинин тарыхы жана маданияты жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 41-§. КУШАН МАМЛЕКЕТИ

## Кушан мамлекетинин түзүлүшү

**Б.з.ч. 140-130-жылдар** аралыгында көчмөн юечжи уруулары Грек-Бактрия мамлекетин басып алышкан. Юечжилер Бактрия жерлерине келип орношкон. **Биздин замандын I кылымда Кушан** үй-бүлөсү өнүгүп Кушан мамлекетине негиз салынган.

Юечжи урууларынын мүлктөрүн бириктирген биринчи кушан өкүмдары **Кудзула Кадфиз** болгон. Бул доордо Ооганстан жана Индия облусу – Кашмир Кушан мамлекетине кошуп алынган.

**Вима Кадфиз** бийлиги доорунда Кушан мамлекетинин аймагы дагы да кеңейген. Падыша **Канишка** мамлекеттин борборун Бактриядан Пешавар (азыркы Ооганстанда)га көчүргөн, Кушан мамлекети болсо ири империяга айланган. Анын аймагында Индия, Ооганстан жана Өзбекстандын түштүгүнө чейинки жерлер кирген. Рим, Парфия, Кытай мамлекеттери катары Кушан падышалыгы да ири империялардан бири болгон. Бирок токтоосуз согуштар себеп Кушан мамлекети кризиске жүз бурган жана **биздин замандын III кылымында** талкаланып кеткен.



Кушан шаазадасынын сүрөтү

Кушан падышалыгы






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кушан падышаларынын сүрөтү. *Кайра калыбына келтирилген*

Вима Кадфиз доорунда Кушан падышалыгында өкүмдар аты жазылган тыйын согуу башталып, акча реформасы ишке ашырылат, согулган тыйындардын баасы ашып кеткен. Тыйындар алтын, күмүш жана жезден даярдалган.

Канишка бийлиги доорунда Кушан падышалыгы өз өнүгүүсүнүн чокусуна жетишкен. Жаңы-жаңы шаарлар курулган, Индия, Кытай жана Рим империялары менен соода жана элчилик мамилелери жолго коюлган. Акча реформасы чарба жана соода-сатыктын өнүгүүсүнө жардамдашкан.

## Чарбанын өнүгүүсү

Кушан мамлекети айыл чарбасынын негизин сугаруу дыйканчылык, соода-сатык жана кол өнөрчүлүк түзгөн. Буудай, арпа жана шалы жетиштирилген. Кушандар доорунда суу тегирмени, чыгыр түрлөрүнөн кең пайдаланылган.

Кол өнөрчүлүк да жогорку деңгээлде өнүккөн. Кушан мамлекетинин эстеликтери болгон **Холчаён, Далварзинтепа,** байыркы **Термез, Зартепа, Кампиртепа** жана башкаларды үйрөнүү жараянында аныкталган табылмалар да муну тастыктаган.

Өспүрүмдүн сүрөтү. *Дубалга илинүүчү сүрөт*





Чыгыр – суу чыгаруучу курулма



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кушан мамлекети

Кушан мамлекетиндеги өз ара маданий жана соода-сатык байланыштары себептүү жана Орто Азиянын түрдүү аймактарында байыркы **арамей жазуусу** кең өнүккөн. Бул жазуу өзүнчө тамгаларга негизделгени себептүү аны өздөштүрүү кыйла оңой болгон.


Байыркы Термез эстеликтерин үйрөнүүнүн натыйжасында **арамей** жазуусу негизиндеги кушан-Бактрия алиппесиндеги жазуу үлгүлөрү табылган. Кушан мамлекетинде дагы бирдей жазуу – **кушан формалуу жазуусу** бар болгон, мында тамгалар бурчтуу жана айлана түрүндө жазылган.

Кушан падышалыгында дагы бир жазуу системасы бар экендигин Сурхкотал (Ооганстандагы Кундуз шаарынын жакынында) жана Кампиртепа (Термез жакынында) эстелигинен табылган **грек алиппесиндеги** кушан жазуулары тастыкайт.

Амударыянын төмөнкү агымында, Зарафшан жана Кашкадарыя өрөөндөрүндө арамей алиппесинин негизиндеги **Харезмий жана Согдий** жазуулары да кеңири тараган.


Канишка тыйыны




Арамей жазуусу


Атчан аскерлер. Холчаён.
*Кайра калыбына келтирилген*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Диний ынаным



Будданын айкели. Фаязтепа. Биздин замандын I-II кылымдар

Кушан мамлекети түзүлүп жатканда Бактрия, Согдиананын негизги калкы зардуштийлик désinde эле. Кушан падышалыгы курамына Индиянын түндүк бөлүгү кошуп алынгандан кийин азыркы Өзбекстандын түштүк аймактары менен жакындан байланыштар орнотулган жана Кушан мамлекетинин аймагына буддизм кирип келе баштаган.

Сурхан өрөөнүндөгү **Эски Термез, Айрытам** жана **Далварзинтепада** чоң будда ибадатканалары болгон. Дал ушул өрөөн аркылуу буддизм Орто Азияда тарала баштаган. Будда дини зардуштийлик менен чогуу биздин замандын VIII кылымына чейин Орто Азияда сакталып калган.

## Архитектура жана искусство

Кушандар доорунда куруучулук жана архитектура жогорку деңгээлде өнүккөн. Далварзинтепа жана Эски Термез сыяктуу шаарлар чийки кыштан курулган бекем коргоо дубалдары менен оролгон эле. Коргоо дубалдарынын артында болсо өкүмдардын резидентиясы жайгашкан. Шаарлардын өзү кол өнөрчүлөрдүн маалелерине жана турак-жай кварталдарына бөлүнгөн. Шаарларда сарай жана ибадатканалар курулган.



Дубалга илинүүчү сүрөт. Далварзинтепа ибадатканасы



Кушан турак-жай казылмалары




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Холчаёндогу Кушан өкүмдарларынын сарайы, Эски Термез (**Каратепа, Фаязтепа**) жана Далварзинтепадагы буддизм ибадатканаларында ошол доордун дубалга илинүүчү сүрөттөрү жана айкел жасоочулуктун жогорку мыкты үлгүлөрү үйрөнүлгөн. Шаазадалар, сарай кызматкерлери, аскерлердин сүрөтү, Будда айкели жана Айыртамда табылган домбурачы жана уд музакылык аспабын чалып жаткан музыканттардын сүрөттөрү ушулардын катарынан.

Мискерлик жогорку деңгээлде өнүккөн. Далварзинтепадан пил сөөгүнөн жасалган шахмат таштары табылган. Кушан искусствосунда жергиликтүү салттар, Байыркы Чыгыш жана Байыркы Греция эллинистик өнөрүнүн стилдери айкалышкан.



Будданын башынын сүрөтү. Далварзинтепа. Биздин замандын II–III кылымдары



Кампиртепа коргонуу дубалдары

## Суроо жана тапшырмалар

1. Юечжилер Бактрияны качан басып алган?
2. Канишка доорунда Кушан падышалыгында кандай өзгөрүүлөр болгон?
3. Кайсы падышанын доорунда өкүмдардын аты жазылган тыйындар согула баштаган?
4. Кушан падышалыгында кандай диндер тараган?
5. Кушан доорунун жазуусу, искусствосу жана диний ынанымы жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 42-§. УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ

## Улуу жолдун пайда болушу жана тармактары



Жибек курту пилласы


XVI кылымга чейин Чыгыш жана Батыш ортосундагы маданий байланыштар жана соода мамилелеринин өнүгүүсүндө байыркы дүйнөдө белгилүү болгон **Улуу жибек жолу** маанилүү орунга ээ болгон. Бул жол **б.з.ч. II кылымда** пайда болгон. Бул жолго "Жибек жолу" деген ат **1877-жылда** немис географы **Ф. Рихтгофен** тарабынан берилген. Улуу жибек жолу калыптанышынан мурда Орто Азия жана Байыркы Чыгыш аймагында соода жана маданий айырбаштоо үчүн пайдаланылган түрдүү байыркы жолдор бар болгон. Жибек жолу соода жана маданий байланыштарды дагы да өнүктүрүүгө кызмат кылган.



Кытайда жасалган батыш өлкө соодагеринин айкелчеси

Улуу жибек жолунун узундугу **12 миң километрди** түзгөн. Ал Сары деңиз жээгинен башталып, Жер ортолук деңизинин жээктерине чейин барган. Бул жолдо байыркы шаарлар жайгашкан.

Согдианадан Кытайга жүндүү кездемелер, килемдер, жасалга буюмдары жана баалуу таштар; Бактриядан төөлөр, Ферганадан асыл тукум аттар, Бадахшандан ложувард алып барылган; Индиядан Орто Азия аймактарына пахтадан даярдалган кездемелер жана чигит артылган кербендер келген; Кытайдан күрүч келтирилген; Орто Азиядан Кытайга жүзүм, жаңгак, анар жана башка дыйканчылык продукциялары жеткирилген.




Улуу жибек жолу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Улуу жибек жолу Чжан Цзяндын сүрөттөөсүндө

Кытай императору **У-Ди** Кытайдын түндүк бөлүгүн талкалаган көчмөн хунн урууларына каршы күрөштө союздаш жана шериктеш табуу үчүн элчи **Чжан Цзянды** жиберген. Элчи хунндардын колуна туткунга түшкөн жана он жылча камакта жаткан. Ал туткундан качып, Борбордук Тянь-Шянь ашуулары аркылуу Ысык-Көлгө чыккан. Нарын дарыясы аркылуу Фергана өрөөнүнө келген. Бул жерде көптөгөн шаарларды көрүп таң калган. Ушул шаарлар Фергана мамлекетине караштуу экендигин билип алган.

Чжан Цзян Алай өрөөнүнөн өтүп мекенине кайткан. Элчи Кытай императоруна көргөн-билгендерин айтып берген. Ал Кытайга Фергана аттарынан бирин жана беде уругунан алып келген эле. Бул атты кытайлыктар “асман аты” деп аташкан. Император У-Ди өз сарайы жакынында беде эктирген. Кийинчерээк ал Кытайдын бүткүл түндүгүн бойлой эгиле турган болгон.

Чжан Цзян баскан жол аркылуу Кытай мамлекетин Борбордук жана Батыш Азия менен байланыштыруучу дүйнө маанисине ээ *Улуу жибек жолу* деп аталуучу кербен жолу өтө турган болгон.






Улуу жибек жолу аркылуу келе жаткан соодагер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Соода кербени

## Улуу жибек жолунун мааниси

Улуу жибек жолунун тарыхы Чыгыш жана Батыш элдеринин ортосундагы маданий жана соода байланыштарын дагы да кеңейтүүгө кызмат кылган. Бул өз ара шериктештик жана маданияттардын байышынын тарыхы болуп, тынчтык жана өнүгүүнүн негизин түзгөн.

Орто Азия бул жолдун негизги багыттары кесип өтүүчү кеси-лишинде жайгашкан. Бул жерге түрдүү мамлекет-терден соодагерлер, кол өнөрчүлөр, аалымдар жана көркөм өнөрчүлөр келип турган. Алар өздөрү үчүн жогорку өнүккөн аймакты ойлоп тапкан.



Нефрит

**Ойлоп көр**

Улуу жибек жолу Орто Азиянын маданиятынын өнүгүүсүнө кандай таасир эткен?

**Суроо жана тапшырмалар**

1. Дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттерин байланыштырып туруучу кербен жолдору тармагын биринчи болуп ким “Жибек жолу” деп атады?
2. Улуу жибек жолунун узундугу канча?
3. Соодагерлер Улуу Жибек жолу баркылуу кайсы мамлекеттерден эмнелерди келтиришкен?
4. Улуу жибек жолу бойлой саякатта. Алыс журттар жана шаарлар жөнүндө кыскача аңгеме түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ РИМ

## 43-§. БАЙЫРКЫ ИТАЛИЯ ЖАНА АНЫН КАЛКЫ

### Табигый шарты жана байыркы калкы

Климаты жылуу **Апеннин** жарым аралын толук ээлеген Италия жеринде кургакчылык да, катуу суук да болбойт эле. Азык продукцияларынын молдугу жана топурагынын түшүмдүүлүгү себеп көп кылымдар бою байыркы Италия калкы негизинен дыйканчылык жана чарбачылык менен алектенген. Байыркы замандардан баштап Апеннин жарым аралында түрдүү уруулар жашап келген.




Байыркы италиктердин конуштары жана иш жараянынын көрүнүшү

“Италия” сөзү “**музоолор мамлекети**” маанисин билдирет. Италия жээктеринде колонияларга негиз салган гректер бул мамлекетте уйларды багуу үчүн укмуштуудай жайлоолорду табышкан.

Апеннин жарым аралындагы эң чоң дарыя **По** болуп саналат. Жарым аралдын уруулары **италиктер** деп аталган. Италиянын түндүк-батыш бөлүгүндө **этрусктар** жашаган. Алар негизинен дыйканчылык менен алектенишкен.

**Б.з.ч. VIII кылымда** этрусктар Италияда 12 шаар-мамлекет түзүшкөн. Этрусктар Чыгыш мамлекеттери менен эркин соода-сатык кылуу үчүн грек колониялары менен күрөш башташкан. Африканын түндүк жээгинде жайгашкан Финикия колониясы – **Карфаген** шаар-мамлекети да аларга кошулган. Баштап карфагендиктер жана этрусктар жеңишкен, бирок көп өтпөй грек кошууну аларды кургактык жана деңизде талкалаган.





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Байыркы Италия

## Римге негиз салынышы

**Рим шаары** Тибр дарыясы жээгиндеги дыйканчылык конуштарынан башталган. **Тибрди** бойлой жайгашкан кичи конуштар биригип, чоң шаарга айланган. Римдин жети дөңсөөдө жайгашуусу аскердик маанide абдан ыңгайлуу болгон. Дарыя жана саздар латындарды коңшу уруулардын чабуулдарынан коргочу.

Уламышка караганда, б.з.ч. 753-жылда Рим шаарына ага-ини **Ромул жана Рем** тарабынан негиз салынган. Дүйнөгө келгендеринен соң ымыркайларды себетке салып, Тибр дарыясынын жээгине таштап кетишкен. Дарыянын жээгинде аларды **Эне карышкыр** таап алып эмизген жана баккан. Кийин ага-инилерди бир чабан таап алып тарбиялаган. Эрезеге жеткенде алар Тибрдин жээгинде шаар курууга киришишкен.

Бүгүнкү күндө, уламышта айтылгандай, эгиздерди эмизген Эне карышкыр Римдин символу болуп эсептелет.

Рим чоң шаарга айланган. **Капитолий** дөңсөөсүндө душмандардан коргонуу үчүн чеп курулган.



Рем жана Ромулду таап алган
Эне карышкырдын сүрөтү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Тарквинийдин шаардан куугунтукталышы

Байыркы Рим

"музоолор мамлекети", италиктер, этрусктар

Б.з.ч. 753-жылда Римге негиз салынышы, Ромул жана Рем

Б.з.ч. 509-жыл Рим республикасы

## Байыркы римде башкаруу

Илгери Римдиктер өз өкүмдарларын шайлашчу. Өкүмдарлар аскердик башчы да, сот да, дин кызматкери да болушкан. Псевдоними **Магрур Тарквиний** деген адам мамлекетке шайлап коюлган өкүмдарды өлтүрүп, бийликти ээлеп алган. Мындан каарданган эл козголоң көтөрүп, Тарквинийди шаардан айдап жиберген. Шаар эли бүткүл бийлик бир адамдын колунда топтолушуна жол койбоочу башкаруу түрүнө өтүүнү чечишкен. **Б.з.ч. 509-жылда** падыша бийлигинин кулашы **Рим Республикасынын** негизин түзгөн.



Этрусктардын калканы

### Суроо жана тапшырмалар

1. Картадан Италиянын аймагын көрсөт жана анын географиялык өзгөчөлүктөрүн айтып бер.
2. Италиянын калкы кандай аталган?
3. Эмне үчүн Эне карышкыр Римдин символу болуп эсептелет? Рим шаары кандай түзүлгөндүгү жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 44-§. РИМ РЕСПУБЛИКАСЫ

## Республиканы башкаруу



Байыркы Римдин борбору. *Кайра калыбына келтирилген*

Рим өкүмдарлары маанилүү маселелерди талкуулоо үчүн **Элдик жыйын** чакырышкан. Элдик жыйын согуш жарыялап, бүтүм түзүп, мыйзамдарды тастыктап жана жоюп, бардык маанилүү мансап ээлерин дайындачу. Бул жыйындын токтомун **Сенат** тастыктаган, латынчадан которгондо “сенат” сөзү “аксакалдар кеңеши” деген маанини билдирет. Римдин түпкү калкы ***патрициялар***, Римге көчүп келген адамдар жана алардын муундары *плебейлер* деп аталган. Римди башкарууда патрициялар гана катыша алат эле.

**Б.з.ч. VI кылымдын** аягынан Рим мамлекети ***республика*** деп жүргүзүлө баштаган. Латынчадан которгондо “Республика” сөзү “элдик иш, жалпы иш” деген маанилерди билдирет (*res – “иш”, publika – “калк”*).




Байыркы Римде социалдык катмарлар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Байыркы Римде Сенат жыйыны

Элдик жыйын патрициялардан эки адамды бир жыл мөөнөткө аким кылып шайлаган. Алар **консулдар** деп аталган.


Бай адамдар түрдүү жолдор менен шайлоочуларды өз тарабына оодарууга аракет кылышкан: бекер түшкү тамак уюштурушкан, белек-бечкек таратышкан жана ушуга окшош аракеттерди жасашкан.

Шайлоо күнү консулдукка өз талапкерлигин койгон бай кул ээлөөчүлөр "кандида" деп аталуучу ак жибек кийим кийип алышкан. Азыркы "**кандидат**", б.а. кадайдыр кызмат ордун ээлөөгө аракеттенүүчү кандидат адам маанисин берүүчү сөз да "кандида"дан келип чыккан. Ак түс кандидаттын ыйманы да анын кийиминдей ачык жана аруу экендигин билдирген.

**Ойлоп көр**

Сенин оюңча, эмне үчүн Рим Республика деп атала баштады?

Рим Республикасынын башкаруусу




Шайлоо жараяны





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Консулдар

Сенат мамлекетте чоң бийликке ээ болгон. Бир да мыйзам Сенатта талкууланбай туруп, Калк жыйыны тарабынан кабыл алынбайт эле. Негизги чиновник инсандар – консулдар болсо түздөн-түз мамлекетти башкарчу. Байыртада эң тажрыйбалуу жана урматтуу адамдар Сенатта орун ээлеген болсо, убакыт өтүшү менен консулдар эч бир шайлоосуз Сенатта орун ээлеп алуучу жана анын өмүр бою мүчөсүнө – **сенаторго** айлануучу абройго жетишкен.

Согуш башталган учурда же элдик козголоң болгондо диктатор жана анын орун басары атчан кошуундардын башчысы кылып дайындалчу. **Диктатор** чектелбеген бийликке ээ болгон. Бирок ал бийликте алты айдан көп тура албайт эле.

Ар бир консулду 12 адамдан турган ардагер кароол – **ликаторлор** коргоп жүрчү. Консул кылмышкерлерди жазалоо мүмкүнчүлүгүнө ээлигинин белгиси катары ликаторлор ийиндеринин ортосуна балта сайылган ийилгич аркандардан тизмек тагып жүрүшкөн. Бул тизмектин ортосунда балтача болчу.

Консулдар экөө болуп, алар маанилүү маселелерди чечип жатканда бири-бирлери менен кеңешип алышы керек болгон. Консулдар жыл бою Рим Республикасын башкарып, римдиктерди сот кылышат эле. Аскердик доорлордо болсо алар кошуундарга башчылык кылышкан. Ар жылы алар Калк жыйынына эсеп беришет эле. Рим республикасында элдик трибуна кызмат орду да жарыяланган эле. Элдик трибуналар кедей римдиктердин кызыкчылыктарын билдирген. Алар жыйындарда бардык жарандардын тең жана жашыруун добушу менен шайланат эле. **Элдик трибуна** “вето” (тыюу саламын) сөзүн айтышы мүмкүн болгон, мындай учурда мыйзам кабыл алынбайт эле.

Ликаторлор консулду күзөтүп барууда






Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## “12 Жадыбал мыйзамдары”


Байыркы Рим мыйзамчылыгы оозеки мыйзамдарга негизделген эле. Сот жыйындарында катышуучу патрициялар көбүнчө адилетсиз токтомдор чыгарышат эле. Плебейлердин талабына ылайык, мыйзамдардын жазма жыйнагын жаратуу үчүн Сенат он патрициядан турган калыс түзүүгө мажбур болгон. Мыйзамдар түзүлгөн болушуна карабастан, патрициялар өз кызмат ордуларынан пайдаланууну улантkан.

Ошондо негизинен плебейлерден турган Рим кошуундары козголоң көтөргөн. Алар Рим айланасындагы Ыйык тоого кетип калышкан жана өз мыйзамдарына ээ болгон жаңы шаар түзөбүз, деп эскертишкен. Ушундай түрдө 12 жез үзүндүгө оюп жазылган мыйзамдар бардыгы көрүшү үчүн Римдин борбордук аянты – форумга жайгаштырып, кабыл алынган.



Мыйзам бузуучуну жазалоо

Бул мыйзамдар өздүк мүлктү кол тийгис деп жарыялаган, бирок алар негизинен плебейлер жана патрициялар теңсиздигин мыйзамдаштырган. **Болгону б.з.ч. III кылымдын** башына келип Римдин бардык жарандары аброюнан көз карандысыз түрдө мыйзам алдында тең деп эсептелүүчү мыйзамдар кабыл алынган.



Рим жарандары “12 жадыбал” мыйзамдарын үйрөнүшүүдө

### Суроо жана тапшырмалар

1. Римде республика башкаруусу кандай түрдө ишке ашырылган?
2. “Республика” сөзү кандай маанини билдирет?
3. Диктатор ким? Кайсы учурларда ал Рим өкүмдарына айланган?
4. Рим мыйзамчылыгы жөнүндө айтып бер. Анын өзүнө мүнөздүүлүгү эмнеде?
5. “12 жадыбал мыйзамдары” кимдердин кызыкчылыктарын коргогон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 45-§. РИМ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШОО



Байыркы дубалга тартылган сүрөт. Помпей

## Шаарлардагы жашоо

Мамлекеттин аймагы кеңейип барганы сайын шаарлар да көбөйдү. Рим шаарлары алдындан бышык иштелген пландын негизинде курулган. Шаарларда көптөгөн кооз коом жана турак-жай имараттары, ибадатканалар, мончолор, соода катарлары жана аптекалар болгон.

Көпчүлүк адамдар 2-3 кабаттуу имараттарда жашаган. Бай адамдар болсо өздөрүнө сарай куруп алышчу. Мындай үйлөрдө борбордук жылытуу системасы болгон: полдор ысытылып, түтүктөр аркылуу үйлөргө суу агып келет эле. Үй **мозаикалар** – айнек же таш бөлүктөрүнөн иштелген сүрөттөр менен кооздолгон. Чоң үй-жайлар – виллалардын дубалдарын **фрескалар** – чийки шыбакка тартылган сүрөттөр кооздоп турган. Ар бир шаардын борборундагы **форумда** базар аянты, калк жыйындары үчүн жер жана борбордук ибадаткана болгон. Суу шаарга бир нече кабаттуу көпүрөгө окшоп кетүүчү **акведук** аркылуу агып келген.

Рим базарларында чоң товар болгон кулдарга талап көп эле. Ар бир шаардын кулдар соодага чыгарыла турган базарлары болгон.

Адамдар кийип жүрүүчү кийимдери алардын коомдогу аброюн билдирген. Мисалы, уул балдар 14 жашка толгонго чейин кызгылт жолдуу **тога** кийишкен. 14 жашка толгондо алар эрезеге жеткен жеке инсан эсептелчү

Байыркы Римдин көчөсү





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана аппак тога кийип басташчу. Кудум ушундай жибек тоганы сенаторлор да кийишкен. Римдик аялдар түрдүү түстөгү көйнөктөрдү кийип, баш жана ийиндерине болсо жоолук таштап жүрүшкөн.

## Байыркы римдиктердин ынанымдары

Күндөлүк турмушта Римдиктер өз кудайларына жардам жана демөөрчү издеп кайрылышат эле. Алар үчүн салабаттуу ибадатканалар курулган. Римдиктердин дини гректердин диний ынанымдарын эске салган. Маанилүү ишти баштоодон мурда римдиктер бул иште жардам бериши үчүн кудайларга курмандыктар арнашкан.

Түрдүү кудайлар жашоонун түрдүү жактарын башкарат эле. Мисалы, согушта жеңилүүгө туш болушса, демек, кайсыдыр иш менен согуш кудайы **Марстын** каарын келтирдик, деген ойго барышкан.

Римдин башкы кудайы, асман, күн күркүрөө жана чагылган падышасы **Юпитер** Рим мамлекетининин демөөрчүсү болуп эсептелген. Римдиктер деңиз, аң уулоо, соода-сатык, жалын жана темирчилик, жаз жана сүйүү, адилет жана тагдыр кудайларына ишенишкен.

**Римдиктердин кудайлары**

- **Юпитер** – күн күркүрөө жана чагылган кудайы
- **Нептун** – деңиз кудайы
- **Марс** – согуш кудайы
- **Веста**– үйдүн очогунун колдоочусу
- **Диана** – аңчылык кудайы
- **Вулкан** – жалын жана темирчилик кудайы
- **Меркурий** – соода-сатык кудайы




Байыркы Римдиктердин кудайлары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Улуу понтифик

**Ойлоп көр**

Байыркы Римдиктердин дини гректердин done динінен эмнеси менен айырмаланган?

## Диний ырым-жырымдар

Диний ырым-жырымдар катуу белгиленген эрежелер боюнча өткөрүлгөн. Ырым-жырымдар өткөрүлүшү үстүнөн **дин кызматкерлери – понтификтер** – Рим дин кызматкерлери көзөмөлдөшкөн. Алар майрамдар календары, ырым-жырымдардын аземдер тартибин түзүшөт эле. 5 тен 15 ке чейинки дин кызматкерлери топтолгон понтификтер калысына **улуу понтифик** жетекчилик кылган. Улуу понтифик кудайлар менен кеңешип, жыйынтык берген, деп эсептешкен.

Римдиктер бардык маанилүү иштерди төлгө ачуудан баштаган. Төлгө ачуу **дин кызматкери – авгурлардын** жардамында ишке ашырылган. Авгурлар канаттуулардын учуусуна, күн күркүрөө, чагылган, ыйык канаттууларга себилген дандар, жаңырыкка жана башкаларга карап төлгө ачып, белгилер көңүлдөгүдөй болбосо, иштер белгилүү мөөнөткө кечиктирилет эле.

Үй очогу кудайы **Веста** ибадатканасында ыйык от сакталган. От күйүп турат экен, жашоо бар, деп эсептешкен.



Согуш кудайына арналган ырым-жырым

### Суроо жана тапшырмалар

1. Рим шаарлары жана алардын калкынын жашоосу жөнүндө айтып бер.
2. Римдиктердин кийимдери эмнеси менен ажыралып турат эле?
3. Рим диний ырым-жырымдар кандай өткөрүлгөн?
4. Авгурлар эмне менен алектенген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 46-§. КУЛДАР ЖАНА ГЛАДИАТОРЛОР


## Римде кул ээлөөчүлүк

Римдеги сыяктуу ошончо чоң көлөмдөгү кулдар Байыркы Египетте да, Байыркы Грецияда да болбогон. Жеңиштүү чабуулдардын натыйжасында Римде кулдардын саны өтө көбөйүп кеткен. Египетте да, Грецияда да кулдардын саны Римдегидей көп эмес эле.

Эркин Римдиктердин кыялында, кул бүткүл кул ээлөөчүнүн каалоосунда болгон бир буюмдай эле. Кулдардын кадыры болбогон, неге дегенде алар абдан арзан турчу.

Рим мамлекетиндеги кулдарда эмгектен пайда көрүү сезими таптакыр болбогон. Аларга акы төлөнбөйт эле. Ошондуктан кулдар мүмкүн болушунча азыраак жана жаманыраак иштейт эле. Бара-бара кулдардын эмгегинин натыйжалуулугу төмөндөп кеткен.





Кулдар базары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Кулдар жол курулушунда

Кулдар козголоңунан корккон, түшүмдүүлүктү ашырууга умтулган жер ээлөөчүлөр өз жерлерин кичине-кичине мүлктөргө бөлүп, эркин кедейлерге ижарага бере башташкан. Ошол жерлерде ижарачылар дыйканчылык менен алектенишкен. Алар жерге канча жакшы иштөө беришсе, түшүмдүн ошончо көп үлүшү өздөрүнө насип кылчу.

Майда жер ижарачылары **колондор** деп аталган. Жерден пайдалангандыгы үчүн алар жер ээсине өздөрү жетиштирген продукциялар менен төлөп беришкен.

Бара-бара толук көз каранды кулдардын саны азайган. Айрым жер ээлери кулдарга чакан жерлерди өз алдынча жүргүзүүгө уруксат берген. Алардын өз эмгек куралдары, үрөнү бар эле, үй-бүлөсү менен чогуу жашаган. Мындай кулдар "**үйлүү кулдар**", б.а.үй-жайлуу кулдар деп аталган. Алар да жерден пайдаланганы үчүн акы төлөшкөн, бирок өздөрүнүн тагдыры кожоюнунун колунда болгон.

Кулдар жана колондор Рим мамлекетинин эң эзилген калкы болуп кала берген жана алар чогуу кул ээлөөчүлөргө каршы күрөш башташкан.


Кулдардын эмгеги



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Гладиаторлордун салгылашуулары.

Римдиктердин сүйүктүү оюн-тамашаларынан бири **гладиаторлордун салгылашуусу** болгон. Көпчүлүк гладиаторлор кулдар же кылмышкерлер болушкан. Аларга атайын жабык мектептерде билим беришкен, соң бири-бири менен мушташууга, көрүүчүлөрдүн көңүлүн көтөрүүгө мажбур кылышкан.

Ар бир гладиатордун тагдыры көрүүчүлөрдүн каалоосуна байланыштуу болгон. Кармашуунун аягында көрүүчүлөр жеңилген гладиатордун тирүү калуу-калбоосун чечишкен. Эгерде көрүүчүлөрдүн көпчүлүгү оң колунун баш бармагын жогоруга көтөрсө, жеңилген гладиатор тирүү калган, тескерисинче, ылдыйга каратса, ал көрүүчүлөрдүн көз алдында өлтүрүлгөн. Беттешүүлөр чоң таш стадиондор – **амфитеатрларда** болуп өткөн. 50 миң көрүүчү бата турган **Колизей** эң чоң амфитеатр болгон.



Колизей

Кээде гладиаторлор чоң-чоң топторго бөлүнүп салгылашышкан, ошондо сахна согуш майданына окшоп калат эле: өлтүрүлгөн, жараланган жана жан берип жаткан гладиаторлор туш келдит чачылып жатчу. Дагы да кызыктуу болушу үчүн гладиаторлордун салгылашуусу күчү тең атаандаштардын ортосунда өткөрүлгөн. Биринде кылыч менен калкан гана болсо, башкасында тор жана илмек (үч айрылуу найза) болгон.

Тор жана илмек менен куралданган гладиатор өзүн эч нерсе менен коргой албаса да, ал атаандашын тор менен ороп жана илмек менен өлтүрүшү мүмкүн эле. Гладиаторлор жапайы арстандар, кабыландар, каардуу өгүздөр менен да салгылашуулар өткөргөн.

Гладиаторлордун салгылашуусу





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Спартак козголоңу

Фракиялык кул – Спартак, гладиаторлор

Б.з.ч. 74-жыл

Б.з.ч. 71-жылда Марк Красс жеңген

Везувий тоосу

Б.з.ч. **74-жылда** башталган **Спартак** башчылыгындагы кулдар козголоңу байыркы дүйнөдө эң массалык жана уюшкан козголоңдордон бири болгон.

Рим армиясында кызмат кылуудан баш тарткандыгы үчүн **Капуя** шаарындагы гладиатордук мектебине сатып жиберилген фракиялык кул Спартак кулдарды козголоң көтөрүүгө үндөгөн. Бирок кимдир бирөө бул жөнүндө Римдиктерге кабар жеткизген. Ошондо Спартак жана анын 200 гө жакын тарапкерлери кароолдорго кол салышкан жана гладиаторлор мектебинен качып кетишкен. Шаарда жашырынуу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан алар **Везувий** тоосундагы аскага чыгып алышкан. Акырындык менен башка кулдар да аларга келип кошулган жана козголоң көтөргөндөрдүн саны көбөйгөн.

Козголоң көтөргөн кулдарды жанчууга жиберилген үч миң кишилик кошуун Везувий тоосуна жакын жерде аскердик лагерь курган.



Спартак

Курчоо башталган. Спартак күтүлбөгөн жана дчечкиндүү планды ишке ашырган. Кулдар жүзүмдүн бутактарынан шаты токуп, көрүнбөөчү жагынан чокудан ылдыйга түшүп алышкан. Римдиктер тобунун артынан сокку берген Спартак аларды жеңген.

Спартакка каршы тажрыйбалуу аскер башчы **Марк Красс** башчылыгында көп миң сандуу кошуун жөнөтүлгөн. **Б.з.ч. 71-жылдын** жазында болгон чечүүчү согушта Спартак аскери талкаланган жана анын өзү болсо ошол согушта каза болгон.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Римде кулдардын саны кимдердин эсебине көбөйгөн?
2. Римдиктер кулдарга карата кандай мамиледе болушкан?
3. Кулдар, колондор жана “үйлүү кулдардын” аброю бири-биринен кандай айырмаланган?
4. Спартак башчылыгындагы козголоң жөнүндө айтып бер.
5. Кандай ойлойсуң, козголоң көтөргөн кулдар эмне себептен жеңишпеген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 47-§. РИМ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУЛАШЫ

## Себептери

Кулдардын козголондору кул ээлөөчүлөрдү катуу коркууга салып койгон. Кул ээлөөчүлөрдүн каршысында күчтүү бийлик болгон аскердик диктатуранын орнотулушу зарылдыгы жөнүндөгү маселе турат эле. Сенаторлор жана аз сандуу кызмат адамдары чоң мамлекетти көңүлдөгүдөй башкарууну камсыздай албайт эле.

Б.з.ч. I кылымда тынымсыз жалданма кошуундарга таянуучу аскердик башчылар реалдуу күчкө айланышкан. Жалданма аскерлерди Римдин аскердик күч-кудурети жана мамлекеттин күчөшү эмес, олжо гана кызыктырчу. Жалданма аскерлер үчүн кимдер менен согушуу же кимдерди тоноонун айырмасы болбогон.



Рим бүркүтү. Рим падышаларынын символу эсептелген



Рим аскерлери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Цезарь бийлигинин орношу




Юлий Цезарь

Спартак козголоңу бастырылып, талкалангандан кийин **Красс** жана **Помпей** бийлик үчүн кыйла убакыт күрөш алып барган, бирок Рим мамлекети үчүн алып барылып жаткан согуштардын биринде Красс каза болгон. Эми Помпей үчүн **Цезарь** бирден-бир кооптуу душман болуп калган.

Юлий Цезарь **б.з.ч. 49-жылда** Галлиядагы жеңиштүү согуштан кийин Римге баруучу жолдогу Рубикон дарыясынан кечип өтүп, жеке бийлик үчүн ашкере күрөштү баштап жиберген. Цезарь ошондо мындай деген: “Оюн башталды!”

Рим калкынын колдоп-кубаттоосу чечүүчү мааниге ээ болгон. Помпейдин кошуундары Испанияда эле. Цезарь Рим императору жана диктатору – чектелбеген бийликке ээ өкүмдарга айланган. Цезардын каалоо-эрки Рим үчүн мыйзам күчүнө ээ эле. Ал эч кандай шайлоолорсуз кызмат адамдарын дайындаган, Сенат жана Элдик жыйынга эсеп бербей койгон.




Бул абал узакка созулбаган. Цезардын чектелбеген бийлигинен наразы болгон сенаторлор кутум уюштурушкан. Алар Цезарды өлтүрүүнү жана Сенатка мурдагы аброюн кайтарууну чечишкен. Кутумга Цезардын жакын досторунан болгон **Брут** башчылык кылган. Сенаттагы жыйын маалында кутумчулар Цезарды курчап алышкан жана ага канжарлар менен сокку бере башташкан. Цезарь ошол жердин өзүндө өлгөн.

**Б.з.ч. 44-жылда** Юлий Цезардын бийлиги аяктаган. Анын өлтүрүлүшүнөн соң аскер башчылардын ортосунда күрөш күчөгөн жана бул жарандар согушуна алып келген.

Юлий Цезардын Рубикон дарыясынан кечип өтүшү





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бийлик үчүн күрөштүн кесепеттери

Брут мурдагы республиканы кайра калыбына келтирүүгө урунуп көргөн. Бирок сенаторлор мурдагы тартиптерге кайтууну каалашпаган. Алардын көпчүлүгү өз байлыгына Цезардын бийлиги доорунда жетишкен эле.


Ошол учурда Римде Цезардын жээни – **Октавиан** пайда болгон. Ал Брут жана анын тарапташтарына каршы күрөш баштаган.

Түндүк Грецияда Брут кошуун топтоп, Римге олуттуу кооп салган. Октавиан **Марк Антоний** менен союз түзгөн жана республикачыларды жеңген.

Ошондон кийин Октавиан Рим мамлекетинин Батыш бөлүгүн, Антоний болсо Чыгыш бөлүгүн башкарууну өз колуна алган.

Египетке келген Антоний Египет ханышасы **Клеопатрага** үйлөнгөн. Нике белеги катары Антоний Клеопатрага Римдин чыгыш провинцияларын (аймактарын) берген. Бул Октавиандын наразылыгына себеп болгон.

Греция жээктеринде Антоний жана Октавиан флотторунун ортосунда согуш болгон. Согуш кызыган бир маалда Клеопатра жана Антоний Александрия шаарына качкан. Армия жана флот Октавианга жеңилген. Кийинки жылы Октавиан кошуундар менен Египетке жетип келген. Антоний жана Клеопатра өзүн-өзү өлтүргөн, Египет болсо Рим мамлекетинин провинциясына айланган. Ушундай түрдө Октавиан бүткүл Рим империясынын жалгыз өкүмдары болуп алган.



Октавиан Август






Согуш майданы

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Римдеги Троян мамысы

**Б.з.ч. 29-жылда** Октавиан Сенаттан **император** даражасын жана **Август** атын алган. Ал Рим империясынын негиздөөчүсүнө айланып, бир топ реформаларды өткөргөн. Император кең көлөмдөгү курулуш иштерин жүргүзгөн. Анын доорунда Римде көптөгөн сарайлар жана ибадатканалар курулган.

Октавиан Августтун өлүмүнөн соң анын мураскорлору – **Калигула** жана **Нерондун** бийлиги доорунда империя кулай баштаган. **Биздин замандын II кылымынын** башында гана Римдин күч-кудурети кайра калыбына келген. Бул кылым Рим империясынын "**алтын кылымы**" деген ат алган.

**Биздин замандын 98-жылында Троян** Рим императору тактысын ээлеген. Троян заманында Дунай дарыясы жээктеринде жашоочу **дактар** менен согуштар алып барылган. Бийиктиги 40 метрге тең Троян мамысынын сыртында сүрөттөлгөн дактар менен согуш көрүнүштөрү ушул окуя жөнүндө баяндайт. Бул доордо Сирия жана Месопотамия аймактары Рим империясынын курамына кирген. Троян Парфия падышалыгы менен ийгиликтүү согуш алып барган.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Римде республика кулашынын негизги себебин айт.
2. Римде Цезарь бийлигинин орношу кандай болгон?
3. Юлий Цезардын өлтүрүлүшүн ким жана неге уюштурду?
4. Юлий Цезарь өлтүрүлгөндөн кийин Римде кандай өзгөрүүлөр болду?
5. Жеке бийлик үчүн күрөштө неге Октавиан жеңди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 48-§. БАТЫШ РИМ ИМПЕРИЯСЫНЫН КРИЗИСИ ЖАНА КЫЙРООСУ

## Империянын кризиси

Император **Троян** доорунан соң Римдиктер ири баскынчылык согуштарын алып бара алышпаган. **Биздин замандын III кылымда** Рим империясынын күч-кудурети кете баштаган. Эми императорду армия шайлап, армиянын өзүндө да түрдүү топтордун ортосунда күрөш жүргөн.

Ошол учурда империя чек араларынын түндүк-батыш тарабынан көчмөн уруулар пайда болгон. Римдиктер аларга "**варварлар**" деген ат беришкен жана чек арада чоң армия сактап турууга мажбур болушкан.

Алгач гректер тилдери өздөрү үчүн түшүнүктүү болбогон бардык уруулар жана элдерди "варварлар" деп аташкан. Кийинчерээк Римдиктер, маданий өнүгүүнүн кыйла ылдыйкы тепкичинде туруучу элдерди ушундай аташкан.

**Ойлоп көр**

Эмне үчүн римдиктер мамлекеттин чек араларында чоң армияны кармап турууга мажбур болушкан?



Август айынын караңгы түнү кулдар Римдин 12 дарбазасынын бирин ичкериден ачкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Батыш жана чыгыш рим империялары

Биздин замандын 330-жылы, Византийдин борбору (Константинополь)

Рим империясы

Биздин замандын 395-жылы

Батыш Рим империясы | Чыгыш Рим империясы

Император **Константиндин** заманында **биздин замандын 330-жылы** Босфор кысыгындагы **Византий** шаары Рим империясынын борбору деп жарыяланган. Императордун буйругу менен шаардагы бардык эски имараттар бузуп ташталган жана жаңы шаар курулган. Шаар императордун атына **Константинополь** деп атала баштаган.

Чоң империяны Константинополдон туруп башкаруу кыйын эле. Император **Феодосийдин** өлүмүнөн соң **биздин замандын 395-жылы** Рим империясы анын эки уулу ортосунда **Батыш** жана **Чыгыш** бөлүктөргө бөлүп алынган. Батыш бөлүккө Италия, Батыш Европа жана Түндүк Африкадагы аймактар, Чыгыш бөлүккө болсо Балкан жарым аралы, Кичи Азия жана Египеттин аймактары кирген. Чыгыш Рим империясында императордун бирдиктүү бийлиги сакталып калган, Батыш Рим империясы болсо өзүнчө мамлекеттерге бөлүнө баштаган.

## Готтор римде

**Биздин замандын 410-жылында Аларих** башчылыгындагы герман уруулары – **готтор** Римди курчоого алган. Римдиктер алар менен сүйлөшүүлөрдү баштаган, бирок түндө кулдар шаардын дарбазаларын ачып беришкен, баскынчылар шаарга бастырып киришкен. Готтор айкелдерди жок кылып, баалуу китептерди




Варварлардын Римге баскыны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күйдүрүп, Римди үч күн тоношкон. Талап-тонолгон Рим шаары ээнсиреп калган.

Германдар сабатсыз болуп, театрлар, китепканаларды көрүшпөгөн эле. Рим империясынын чек араларына киргенден кийин алар Рим имараттарын, архитектурасын жана айкелдеринин коoздугун жана салабаттуулугун татыктуу баалай алышпаган. Булардын баарын ырайымсыздык менен жок кылып ташташкан. Германдар коргондорунун ороп турган дубалдарды бекемдөө үчүн Рим ибадатканалары жана китепканаларынын имараттарынан таш-тактайларын көчүрүп алып кетишкен. Китептер, айкелдер жана башка көркөм өнөр чыгармалары да наабыт болгон.



Вандал уруулары. *Заманбап сүрөт*

## Батыш рим империясынын кулашы

Готтордун Римди басып алышы империянын калкын дүрбөлөңгө салган. Жүз жылдар бою римдиктер өздөрүнүн бардык душмандарынын үстүнөн жеңип келишкен, өздөрүн дүйнөнүн өкүмдары деп эсептешкен. Римди болсо “**түбөлүктүү шаа**р” деп мүнөздөшкөн.

Рим калкынын көпчүлүгү Римдин талкаланышы менен бүткүл дүйнөнүн да кыйрашына ишенишчү.

Аларих да өлдү, бирок Римдин андан кооптуураак душманы – **Аттила** башчылыгындагы хунн уруулары



Одоакр Римдеги акыркы императорду тактыдан кулатат.
Заманбап сүрөт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

452-жылда пайда болгон. Аттила Чыгыш Рим империясына жортуул уюштура бштаган.

**Биздин замандын 455-жылында** Римге германдардын **вандал** уруулары жортуул жасаган, алар эки апта бою шаарды тоношкон. Вандалдар өздөрү менен алып кете албай турган бардык нерсени жок кылышкан.

Биздин замандын 476-жылында герман урууларынын Римдеги жалданган кошуунунун башчысы **Одоакр** соңку император **Ромулду тактыдан** түшүргөн жана император даражасы орденин Константинополго жөнөткөн.

Батыш Рим империясы чек араларын герман уруулары ээлеп алышкан. Ушундай түрдө **биздин замандын 476-жылы** Батыш Рим империясынын кулашы жана Байыркы дүйнө тарыхынын аяктоо датасы катары тарыхка кирген. Бул датадан баштап **орто кылымдар тарыхы** башталган.



Рим аскери.
*Заманбап сүрөт*

410-жыл готтор, Аларих

452-жыл хунндар, Аттила

Батыш Рим империясынын кулашы

455-жылдагы германдардын вандал уруулары

476-жылы Батыш Рим империясынын кулашы




**Суроо жана тапшырмалар**

1. Рим империясынын Батыш жана Чыгыш империяларга бөлүнүү себеби эмнеде?
2. Римдин басып алынышы жөнүндө айтып бер.
3. Батыш Рим империясынын кулашынын себептерин сана.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 49–50-§. БАЙЫРКЫ РИМ МАДАНИЯТЫ

## Римдиктердин жашоо мүнөзү

Байыркы замандарда римдик ак сөөктөр болгон патрициялар бир кабаттуу жөнөкөй үйлөрдө жашашкан, чарбада кулдар да анчалык көп эмес эле.

Убакыт өтүп, Римдиктердин турмушунда кескин өзгөрүүлөр болгон. Бай адамдар жашоочу дөңсөөлөрдө сейилбактар жана бактар пайда болгон. Бул жерлердин абасы кыйла пайдалуу жана таза болгон. Императордун жакын адамдары кооз сарайларга ээлик кылчу.

Жөнөкөй римдиктер дөңсөөлөрдүн арасындагы тегиз жерлерде жашашкан. Бул жерлерде көчөлөр тар болгон.


Рим императорлору борбордун калкы үчүн “**термдер**” деп аталган кооз мончолор курдурган эле (грекче termos сөзүнөн, “ысык” сөзү да ушундан келип чыккан). Арзыбаган төлөм менен ар бир римдик термдерге түшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, бул жерде сүзүү үчүн бассейндер, спорт залдары бар эле. Термдердин алдында билим алуу жана илим менен алектенүү үчүн китепкана да болгон.



Рим мончолору – термдер.

**Ойлоп көр**

Сенин оюңча, Рим жана заманбап шаарлардын ортосундагы негизги айырма эмнеде? Текст жана сүрөткө негизделип, Римде кандай “саякат кылганыңды” айтып бер.



Рим архитектурасынын үлгүлөрү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Балдарды мектепте окутуу жараяны. *Заманбап сүрөт*


## Билим берүү

Кедей римдиктердин балдары чарба иштеринде ата-энелерине жардам бергендиктен мектепте окушпайт эле. Бай үйдүн балдары болсо 6 жаштан мектепке каттаган.

Жазууну үйрөнүп жаткан балдар **стиль** деген металл таякча менен тамгаларды мом капталган тактайларга оюп жазышат эле.

Окуу, жазуу жана эсептөөнү үйрөнгөндөн кийин көпчүлүк билим алууну аяктачу. Айрымдар **грамматикада** (орто мектепте) окууну улантккан. Ал жерде тарых, география, геометрия, музыка жана астрономия окутулат эле.


## Архитектура жана айкел жасоочулук



Триумф аркасы

Рим империясында курулуш иштери айрыкча өнүккөн. Амфитеатрлар, цирктер жана театрлар, ибадатканалар, сарайлар, **триумф аркалар** жана көп кабаттуу үйлөр курулган. Шаарды бийик дубалдар курчап турган. Рим архитектурасы грек архитектурасынан имараттарынын түркүн түстүүлүгү жана кооздугу менен айырмаланган. **Биздин замандын I кылымында** Рим эң ири жана калкы көп шаарга айланган. Ошол кездерде жадагалса мындай бир макал токулган: "Бардык жолдор Римге алып барат". Токойлор, тоолор жана саздар аркылуу жолдор өткөрүлгөн. Римде суу өткөрүү системалары – суу түтүктөрүнүн калдыктары да азырга чейин сакталып калган.

Түтүктөр жантаюунун негизинде курулган болуп, тоодогу булактардан суунун өзү агып келчү. Суу түтүктөрүн жарлар, капчыгайлар жана өрөөндөрдөн өткөрүү үчүн **акведуктар** – каналдардын жогорку бөлүгүнөн өткөрүлгөн көпүрөлөр курулган.



Акведук

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Чоң көпүрөлөрдү толук таштан куруу кымбатка түшкөн жана узакка созулган.

Римдиктер жаңы курулуш материалы болгон **бетонду** ойлоп табышкан. Каткандан кийин ал таштан да катуу болуп калган. Бетон иштетүү римдиктерге тез жана бекем курулуштарды курууга мүмкүнчүлүк берген.

Бетон ойлоп табылгандан кийин шыптар күмбөз түрүндө мамыларсыз курула турган болду. Римдеги **Пантеон** (грекчеде “бардык кудайлардын ибадатканасы” маанисин билдирет) ушундай формада курулган.

Римдин эң чоң амфитеатры болгон **Колизей** өтмүштөгү шаан-шөкөттүн үлгүсү катары азыргача чейин сакталган.

Байыркы Римде белгилүү тарыхый чыгармалар жаратылган. Тарыхчы **Тит Ливий** “Рим тарыхын” жазган. **Плутарх** грек-рим аскер башчыларынын




Байыркы Рим архитектурасынын үлгүлөрү.
*Кайра калыбына келтирилген*



...исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жашоосу жөнүндө китеп жазып калтырган. **Квинт Курсий Руф** “Македониялык Александрдын тарыхы” чыгармасын жараткан. Бул чыгармалар бизге чейин жетип келген.



Голгофа тоосу

## Христиандыктын пайда болушу


**Биздин замандын I кылымы**нын башында Рим бийлигинин астында болгон Палестинадагы **Вифлеем** шаарында “Кудайдын уулу” атын алган **Иса** төрөлгөндүгү жөнүндө уламыштар кеңири тарай баштаган.

Уламыштарга ылайык, 30 жашында Иса он эки шакирти менен Палестинаны бойлой саякаттап, Кудайдын аяттары жөнүндө аңгемелер айтып берген жана аларды иш жүзүндө көрсөткөн: өлүктөрдү тирилтет, жашоодон үмүтүн үзгөн, айыкпас оорулууларды дабалаган.

Жергиликтүү диний кызматкерлер Иса пайгамбарды учурдагы диний чындыктарды бузуп баяндоодо айыптап, аны өлүм жазасына буюрган. Рим жардамчысы **Понтий Пилат** бул өкүмдү тастыктаган.

Исанын өлүмүнөн соң анын өлүгүн шакирттери **Голгофа** тоосундагы бир үңкүргө көмүшкөн.

Алгачкы христиандардын ибадатканасынын көрүнүшү



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Уламышка ылайык, үчүнчү күн **Иса Масих** кайра тирилип асманга көтөрүлүп кеткен.

Адамдар Иса пайгамбардын кайра тирилип, мээражга көтөрүлүшүнө жана Жер жүзүнө кайтып келишине ишенишкен.

Иса Масих жөнүндөгү уламыштар **Евангелия** (Инжил) наамын алган, грекчеден которгондо бул сөз "**Кушкабар**" маанисин билдирет. Иса пайгамбардын окуусунун издештери христиандар болуп саналат. Шакирттери **апостолдор** (хаварийлер) деп аталган. Христиандар жамааларына **епископтор** башчылык кылган. **Биздин замандын I кылымы христиандык** пайда болгон дата болуп эсептелет.

Рим өкүмдарлары христиандарды куугунтукка алган, жырткыч жаныбарлардын алдына ташташкан, түрдүү кыйноолорго салышкан. Бул болсо адамдардын наразылыгына себеп болгон.

**Биздин замандын 313-жылында** император Константин христиандык башка диндер менен тең бир дин деп жарыялаган указ чыгарган. Указ христиандарга ибадатканалар куруу жана ашкере ибадат кылуу мүмкүнчүлүгүн берген.



Император Константин

## Суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы римдиктин атынан аңгеме түз.
2. Рим мектептеринде эмнелерди окутушкан?
3. Рим архитектурасынын өзгөчөлүктөрүн айт.
4. Рим тарыхынын өкүлдөрүнүн атын айт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ТИРКЕМЕ
# ТАРЫХЫЙ ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ



*Агора* – Байыркы Греция шаарларында калк жыйналчу жер, борбордук аянт.

*Акведук* – шаарга суу келүүчү үстүндө каналы болгон бийик көпүрө.

*Альтамир* – Испаниядагы соңку палеолитке тиешелүү сүрөттөр табылган үңкүр.



*Амфитеатр* – сахнанын айланасында көрүүчүлөрдүн отурушуна ылайыкталган курулмалар менен курчалган тамсыз чоң курулуш.

*Анимизм* – адамды курчап турган чөйрөдө жандар жана рухтардын бар экендигине ишеним.

*Антик* – латинче “байыркы”.

*Арамей жазуусу* – Месопотамиянын (эки дарыя аралыгы) орто бөлүгүндө жайгашкан байыркы калк – арамейлер тарабынан жаратылган жазуу, 20 тамгадан турган.



*Археология* – буюм далилдик булактарды үйрөнүүчү жана алар боюнча тарыхый өтмүштү кайра калыбына келтирүүчү илим; археолог.

*Буддизм* – б.з.ч. VI кылымда Индияда Сиддхартха Гаутама тарабынан негиз салынган диний окуу.

*Фаланга* – оор куралданган аскерлердин бир нече, адатта 9 же 16 катар тизилиши.

*Философия* – философия: грекче filo – “сүйүү”, sofiya – “даанышмандык” түшүнүктөрүн билдирет.

*Фараон* – Египеттин падышасы; “улуу үй” маанисин билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Гоплит* – Байыркы Греция жана грек-македон армияларынын оор куралданган жөө аскери.

*Ибадаткана* – ыйык деп жарыяланган, адамдар кудайларга сыйынган имарат же жер.

*Император* – латынча “өкүмдар”, байыркы Римде алгач ардактуу аскердик наам, кийинчерээк толук өкүмдарга тиешелүү даража.

*Империя* – өкүмдардын чектелбеген бийлиги жарыяланган, башка көптөгөн элдерди өзүнө баш ийдирген мамлекет.

*Италиктер* – Апеннин жарым аралында жашаган байыркы уруулар.

*Иероглифтер* – байыркы гректер египеттиктер жазуусун ушундай аташкан, “ыйык жазуулар” маанисин билдирет.

*Капитолий дөңсөөсү* – Римдеги эң бийик дөңсөө.

*Дин кызматкерлери* – ибадаткана руханийлери.

*Колониялар* – байыркы доорлордо өз журтунан кеткен адамдар тарабынан жаңы жерлерде негиз салынган конуш жана шаарлар.

*Консул* – Республика доорунда Римдеги жогорку саясий кызмат орду. Ар жылы шайланган эки консул Сенат жана армияга жетекчилик кылган.


*Кроманьон* – заманбап көрүнүшкө ээ байыркы адамдын сөөктөрү алгач табылган жердин аты (Франция). Жердин атынан келип чыгып, бул адамды кроманьон деп атоо адат болгон.

*Лаал* – көк түстөгү табигый таш, минерал.

*Метек* – Афинада жашоочу чет элдик.

*Неандертал адамы* – орто палеолит доорунда жашаган байыркы адам. Анын сөөк калдыктары алгач Германиядагы Неандертал өрөөнүнөн табылган.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*“Ном”дор* – Египеттеги алгачкы мамлекеттер.

*Номарх* – Байыркы Египеттеги алгачкы мамлекеттин өкүмдары.

*Папирус* – сабагы жазуу жазганга материал даярдоо үчүн иштетилүүчү камыш.

*Патрициялар* – Римдин байыркы түпкү эли.

*Пирамида* – салабаттуу таш имарат, фараондардын мавзолейи.

*Плебейлер* – Римге көчүп келген адамдар жана алардын муундары.

*Полис* – грекче “шаар”.

*Республика* – “жалпы иш” маанисин билдирет; түзүмдүн аты.

*Сенат*–*“*Аксакалдар кеңеши” маанисин билдирет.




*Жасалма сугаруу* – каналдар жана арыктардын жардамында эгиндерди сугаруу.

*Сфинкс* – денеси арстандыкы жана башы адамдыкы болгон, пирамидаларды коргоочу чоң айкел – сыйкырдуу жандык.

*Термдер* – Байыркы Рим шаарындагы коомдук мончолор.

*Варвар* – алгач грек тилинде сүйлөшпөөчү ар кандай чет элдик адам; кийинчерээк бул сөз маданийлешпеген адамдарга карата иштетиле турган болду.



*Хронология* – кылымдар, доорлор, убакыт өлчөмү жөнүндөгү илим; түркүн түстүү окуялардын датасы хронологиянын жардамында аныкталат жана такташтырылат.


*Зиккурат* – үстүндө ибадатканасы болгон тепкичтүү ири жана бийик имарат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ ДАТАЛАРДА



**Б.з.ч. 1 миллион – 100-миң жылдык** – Орто Азияда алгачкы палеолит доору.
**Б.з.ч. 100–40-миң жылдыктар** – орто палеолит доору.
**Б.з.ч. 40–12-миң жылдыктар** – соңку палеолит доору.
**Б.з.ч. 12–7-миң жылдыктар** – мезолит доору.
**Б.з.ч. 6–4-миң жылдыктар** – неолит доору.
**Б.з.ч. 4–3-миң жылдыктын ортолору** – энеолит доору.



**Б.з.ч. 4-миң жылдык** – Месопотамияда шумер жана аккаддардын конуштары жана шаарларынын пайда болушу.
**Б.з.ч. 4-миң жылдык** – Нил жээктеринде конуштардын пайда болушу.
**Б.з.ч. 3000-жыл** – фараон Менес Египетти бирдиктүү мамлекетке бириктирди.
**Б.з.ч. 2600-жыл** – Египетте Хеопс (Хуфу) пирамидасынын курулушу.
**Б.з.ч. 3-миң жылдык**–Элам мамлекетинин пайда болушу.




**Б.з.ч. 3-миң жылдык** – Мохенжодаро жана Хараппа шаарларынын пайда болушу.
**Б.з.ч. 3-миң жылдыктын ортолору** – 2-миң жылдык – бронза доору.
**Б.з.ч. 3-миң жылдыктын аягы – 2-миң жылдык** – Кытайда алгачкы цивилизациянын пайда болушу.
**Б.з.ч. 2-миң жылдык**–Алдыңкы Азия аймагында Оссурия мамлекетинин пайда болушу.
**Б.з.ч. 2-миң жылдык**–Вавилон падышалыгынын түзүлүшү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Б.з.ч. 3-миң жылдыктын аягы – 2-миң жылдык** – Сополлитепа жана Жаркотон сыяктуу дыйканчылык конуштарынын түзүлүшү жана өнүгүүсү.

**Б.з.ч. 2-миң жылдык** – Микен жана Крит мамлекеттеринин түзүлүшү.

**Б.з.ч. 2-миң жылдык**–Аттикада Акропол чебинин курулушу.

**Б.з.ч. XVIII кылым аягы** – Египеттин көчмөн гиксос уруулары тарабынан басып алынышы.

**Б.з.ч. XVIII кылым**–Вавилон өкүмдары Хаммурапи (б.з.ч. 1792-1750-жылдар) Месопотамияны жеке мамлекетке бириктирген.

**Б.з.ч. XVIII кылым**–Мохенжодаро жана Хараппа шаарларынын кризиси.

**Б.з.ч. XII кылым** – дорийлер Лакониканы басып алышты жана Спарта шаарына негиз салган.

**Б.з.ч. XI кылым** – Израиль мамлекетинин түзүлүшү.

**Б.з.ч. X кылым** – Финикияда алиппенин жаратылышы.



**Б.з.ч. IX –VIII кылымдын башында** – Урарту мамле-кетинин гүлдөгөн доору.

**Б.з.ч. VIII–VI кылымдар**–Грек колонияларынын түзүлүшү.

**Б.з.ч. VIII кылым** – Италияда 12 шаар союзунун пайда болушу.

**Б.з.ч. 1-миң жылдык** – зардуштийликтин Орто Азия айма-гында таралуусу.

**Б.з.ч. VII кылым** – Египеттин дагы жеке мамлекетке биригиши.

**Б.з.ч. 776-жыл** – Олимпия оюндарынын биринчи жолу өткөрүлүшү.

**Б.з.ч. 753-жыл** – Римдин түзүлүшү.

**Б.з.ч. VII кылым**–Жаңы Вавилон падышалыгынын түзүлүшү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Б.з.ч. VII кылым** – Байыркы Бактрия падышалыгынын түзүлүшү.
**Б.з.ч. VII–VI кылымдар** – Көктепа, Кызылтепа, Афрасияб, Узункыр, Жеркоргон, Көзаликыр шаарларынын өнүгүүсү.
**Б.з.ч. VII–V кылымдар** – Кытайда "көп падышалык" доору.
**Б.з.ч.621-жыл**–Драконт мыйзамдарынын кабыл алы-нышы.
**Б.з.ч. 605-жыл** – Оссурия падышалыгынын кулашы.
**Б.з.ч. 594-жыл**–Афинада Солон реформаларынын өткөрүлүшү.
**Б.з.ч. 558-жыл** – Кир II Перс падышалыгынын өкүм-дары.
**Б.з.ч. 539-жыл** – Вавилондун перстер тарабынан басып алынышы.
**Б.з.ч. 530-жыл** – Кир II нин Орто Азияда каза болушу.
**Б.з.ч. 525-жыл** – Египеттин байыркы перс падышасы Камбиз II тарабынан басып алынышы.
**Б.з.ч. 522-жыл**–Дарий I Ахаманийлер мамлекетинин падышасы.
**Б.з.ч. 522-жыл** – Дарий I ге каршы Фрада козголоңу.
**Б.з.ч. 509-жыл** – Римде Республиканын жарыя-ланышы.
**Б.з.ч. 490–449 жылдар** – грек-перс согуштары.
**Б.з.ч. 490-жыл** – Марафон түздүгүндөгү согуш.
**Б.з.ч. 480-жыл** – Фермопил согушу (үч жүз спарталыктын эрдиги).
**Б.з.ч. 480-жыл** – Саламин согушу.
**Б.з.ч. 479-жыл** – Платея шаары жакынындагы согуш; гректердин жеңиши.
**Б.з.ч.443–429-жылдар**–Афинада стратег Периклдин бийлиги.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Б.з.ч. V–IV кылымдар** – Орто Азия аймагында алгачкы тыйындардын таралуусу.


**Б.з.ч. IV кылым**–Харезмийлер, сактар жана массагеттердин Ахаманийлер зулумунан кутулушу.

**Б.з.ч. 338-жыл**–Херонияга жакын жердеги согуш, Македониялыктар тарабынан гректердин талкаланышы.

**Биздин замандын 330-жылы**–Рим империясынын борбору – Византий (Константинополь).

**Биздин замандын 394-жылы** – Олимпия оюндары өткө-рүлүшүнүн токтотулушу.

**Б.з.ч. 329-жылы**–Македониялык Александр баш-чылыгындагы грек-македондор тарабынан Мароканданын басып алынышы.



**Б.з.ч. 329-жылы**–Зарафшан дарыясы жээктериндеги согушта грек-македон кошуундарынын талкаланышы.

**Б.з.ч. 328-жылы** –Македониялык Александрдын армиясы менен болгон согушта Спитамендин жеңилүүсү.

**Б.з.ч. 323-жылы** – Македониялык Александрдын өлүмү.

**Б.з.ч. 312-жылы** – Салавк бийлигинин башталышы; Салавк – Салавкийлер мамлекетинин негиздөөчүсү.

**Б.з.ч. III кылым** – Канг мамлекетинин түзүлүшү.

**Б.з.ч. III кылым –** Даван мамлекетинин түзүлүшү.

**Б.з.ч. 250-жылы** – Грек-Бактрия мамлекетинин түзүлүшү.



**Б.з.ч. 246-жылы** – Син Шихуанди – Син мамлекетинин өкүмдары.

**Б.з.ч. III кылым** – Харезмде Койкырылганкалаа ибадат-канасынын курулушу.

**Б.з.ч. II кылым** –Улуу жибек жолунун пайда болушу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Б.з.ч. 140–130-жылдар** – Грек-Бактрия мамлекетинин юечжилер тарабынан басып алынышы.



**Б.з.ч. I кылым** – Кытайда кагаздын ойлоп табылышы.
**Б.з.ч. 74-жылы** – Спартак козголоңу.
**Б.з.ч. 49-жылы** – Юлий Цезарь – Рим императору.
**Б.з.ч. 29-жылы** – Октавианге Сенат тарабынан император наамы жана Август ардагер наамынын берилиши.
**Биздин замандын 98-жылы** – Рим империясында Троян бийлигинин башталышы.
**Биздин замандын I кылым**–Харезмде календардын жаратылышы.



**Биздин замандын I кылым**–христиандык дининин пайда болушу.
**Биздин замандын I кылым**–Бактрияда буддизм дининин жайылышы.
**Биздин замандын I кылым**–Кушан падышалыгынын гүлдөгөн доору.
**Биздин замандын III кылым**–Кушан мамлекетинин кризиске жүз тутушу.
**Биздин замандын 395-жыл** – Рим империясынын бөлү-нүшү: Батыш жана Чыгышка.
**Биздин замандын 410-жыл** – Аларих башчылыгындагы готтор тарабынан Римдин кыйратылышы.




**Биздин замандын 452-жыл**–Аттила башчылыгында хунн уруусунун Италияга бастырып кириши.
**Биздин замандын 455-жыл**–Римге вандалдардын жор-туул жасашы.
**Биздин замандын 476-жыл** – Батыш Рим империясынын кулашы.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЯКТООЧУ КАЙТАЛОО



Байыркы дүйнө тарыхын үйрөнүүдө тарыхый термин жана аттарды кандай өздөштүргөнүңдү сынап көр. Жоопторуңду текшерүү үчүн бул терминдер берилген беттер да келтирилген.



*агемага - 127*
*агора – 95*
*акинак – 122*
*аккадар - 43*
*акведук – 158*
*амфитеатр – 161*
*анимизм – 165*
*аристократия –94*
*антропологдор – 8*
*археологдор – 10*
*авгурлар – 160*
*ахейлер – 86*
*бактриялыктар – 74*
*буддизм – 65*
*брахмандар – 60*
*бронза доору – 21*
*демократия – 94, 97*
*демос – 95*
*диктатор – 156*
*эламийлер – 55*
*эллиндер – 94, 181*
*энеолит – 21*
*этнографтар – 10*
*этрусктар – 151*
*фаланга – 88, 100*
*философ – 112*
*фараон – 31, 33*
*фреска – 158*
*гикос уруулары – 32*
*гладиаторлор – 163*
*гоплиттер – 88*
*хаварий (апостол)лер–177*
*илоттор – 91*
*италиктер – 151*
*иероглифтер – 40*
*кассийлер – 55*
*каста (варна)лар – 60*
*колониялар – 179*
*колондор – 162*
*консул – 156, 179*
*дин кызматкерлери – 35*
*кроманён – 17*
*карапачылык – 24, 44*
*кшатрийлер – 60*
*ликтор – 156*
*массагеттер – 73*
*матриархат – 11*
*метектер – 89*
*мезолит – 18*
*микролиттер – 20*
*Миной цивилизациясы – 86*
*миххат – 44*
*мозаика – 158*
*мумиялоо – 39*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*неандертал – 14*
*неолит – 20*
*“пот” – 31*
*оссуарий – 83, 136*
*палеолит – 12, 17*
*палестра – 90*
*папирус – 28*
*патриархат – 10, 22*
*патрициялар – 154*
*периектер – 92*
*пирамидалар – 36*
*плебейлер – 154*
*падышалар – 45*
*полис – 88*
*понтифик – 160*
*республика – 154, 180*
*сагарис – 122*
*сактар – 74*
*санскрит – 63*
*саркофаг – 38*
*сатрап – 117*
*сатрапиялар – 56, 117*
*Сенат – 154, 180*
*сфинкс – 36, 180*
*цивилизация – 7, 181*
*скиф – 53*
*стил – 90, 174*
*стратег – 98, 128*
*Сөөк идиш – 136*
*согдийлер – 74*
*темир кылым – 27*
*термдер – 174, 180*
*тога – 158*
*уруу – 10, 17*
*Уруу жамаасы – 10, 17*
*“варварлар” – 94*
*харезмдиктер – 74*
*зардуштийлик – 81*
*зиккурат – 45*
*Өздөштүрүүчү чарба – 13*
*шаар мамлекеттер – 45*
*“падыша жолу” – 56*
*шудралар – 61*
*шумерлер – 43*
*чыгыр – 144*
*чопперлер – 13*









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫНА ТИЕШЕЛҮҮ ГЕОГРАФИЯЛЫК ЖАНА ТАРЫХЫЙ АТТАР






*Афина – 89*
*Афрасияб – 77*
*Аккад – 43*
*Александрия Эсхата – 124*
*Алтамир – 15*
*Апеннин – 151*
*Айрытам – 14*
*Ашшур – 54*
*Бактра – 124*
*Бактрия – 74*
*Бехистун – 9*
*Вавилон – 48*
*Дажла – 43*
*Далварзинтепа – 138*
*Даван – 137*
*Ганг – 61*
*Голгофа – 176*
*Эки дарыя аралыгы – 43*
*Италия – 151*
*Жаркотон – 23*
*Жонбоскалаа – 132*
*Карфаген – 151*
*Константинопол – 170*
*Коринф – 102*
*Крит – 86*
*Курушкат (Кирополис) – 123*
*Көзалыкыр – 77*
*Лагаш – 45*
*Лаконика – 89*
*Ласко – 15*
*Македония – 100*
*Марафон – 99*
*Мароканда – 123*
*Маргыяна – 114*
*Мачай – 18*
*Мемфис – 31*
*Месопотамия – 43*
*Мидия – 55*
*Микен – 86*
*Египет – 28*
*Мохенжодаро – 59*
*Нил – 28*
*Ниневия – 53, 54*
*Нубия – 32*
*Обишир – 19*
*Окс (Амударыя) – 13*
*Олимпия – 104*
*Оливия – 94*
*Оссурия – 54*
*Пантикапей – 94*
*Пелопоннес – 85*
*Персепол – 56*
*Пирей – 89*
*Рим – 152*
*Розетт – 41*
*Селунгур – 13*
*Соположтепа – 22*
*Спарта – 91*
*Согдиана – 73*
*Везуви – 164*
*Византий – 144*
*Жеркоргон – 77*
*Заманбаба – 23*
*Зартепа – 144*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ТАРЫХЫНДАГЫ АТТАР

*Антиох – 128*
*Аларих – 170*
*Антоний – 167*
*Аристофан – 107*
*Арриан – 9*
*Архимед – 110*
*Аттила – 172*
*Бесс – 123*
*Брут – 166*
*Будда – 64*
*Вима Кадфиз – 143*
*Гераклит – 109*
*Геродот – 9, 109 114, 117*
*Гилгамиш – 46*
*Гомер – 105*
*Деметрий – 130*
*Демокрит –109*
*Демосфен – 101*
*Диодот – 130*
*Диоген – 109*
*Дарий I – 9, 55, 114*
*Дарий III – 123*
*Драконт – 95*
*Зардушт – 81*
*Иса Масих – 176*
*Калигула –166*
*Камбиз II – 33*
*Канишка – 143*
*Киаксар – 55*
*Кир II – 33? 55? 114*
*Клеопатра –167*
*Константин – 169? 177*
*Красс – 164*
*Ксеркс – 57? 79? 99? 117*
*Кудзула Кадфиз – 143*
*Квинт Курсий Руф – 176*
*Македониялык Александр – 157, 102, 123, 127, 132*
*Менес – 31*
*Митридат I –130*
*Навуходоносор II – 50*
*Нерон – 168*
*Октавиан Август – 168*
*Ошшурбанапал – 52*
*Перикл – 98*
*Полиэн _115*
*Помпей – 16*
*Понтий Пилат – 176*
*Рихтгофен Ф. –141*
*Ромул – 146, 170*
*Салавк – 129*
*Саргон I – 48*
*Цезарь – 165*
*Син Шихуанди – 72*











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Сократ – 113*
*Солон – 94*
*Спартак – 164*
*Спитамен – 123*
*Страбон – 9*
*Тарквиний – 153*
*Троян – 168*
*Тутанхамон – 39*
*Тутмос II – 33*
*Тутмос III – 33*
*Тумарис – 114*
*Ал-Ди – 149*
*Вима Кадфиз – 143*
*Хаммурапи – 49*
*Хуфу (Хеопс) – 36*
*Яхмос – 33*
*Евтидем – 130*
*Зардушт – 81*
*Шампольон Ж. Ф. – 101*
*Шырак – 115*







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# QADIMGI DUNYO TARIX

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*6-sinf uchun darslik*

*(Qirg‘iz tili)*


***Которгон*** А.Зулпихорова
***Редактору*** К.Токтобаев
***Корректору*** А.Зулпихаров
***Техникалык редактору*** Акмал Сулайманов
***Компьютерде беттеген*** Абрар Аманов
***Дизайнер*** Константин Костецкий
***Сүрөтчүсү*** Мохина Олимбекова

Басууга уруксат берилди 00.08.2022. Офсеттик ыкмада басылды.
Форматы 60х84⅛. “Times New Roman” гарнитурасы. Кегли 14.
Шартуу басма табагы 22,09. Эсептик басма табагы 21,97.
Тиражы _____Нуска. Буюртма № ______.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE